# ЭЧ УНУТПАҢЫЗ
# SAKIN UNUTMAYIN

**Алар көңүл ачуу жана оюнду дин кылып**
**алышкан болчу жана дүйнө жашоосу**
**аларды азгырган эле. Алар бул күнкү жолугушууну**
**унуткан жана Биздин аяттарыбызды**
**«жокко чыгарып танган» сыяктуу, Биз да бүгүн**
**аларды унутабыз.**
**(Аьраф Сүрөсү, 51)**


## ХАРУН ЯХЬЯ
## (АДНАН ОКТАР)
## HARUN YAHYA

**Bu kitapta kullanılan ayetler, Ali Bulaç'ın hazırladığı "Kur'an-ı Kerim ve Türkçe Anlamı" isimli mealden alınmıştır.**

**1. Baskı: Mart 1999**
**2. Baskı: Ağustos 2000**
**3. Baskı: Eylül 2001**
**4. Baskı: Ağustos 2005**
**5. Baskı: Ekim 2005**
**6. Baskı: Kasım 2005**
**7. Baskı: Temmuz 2006**

**ARAŞTIRMA**
**YAYINCILIK**

Talatpaşa Mah. Emirgazi Caddesi
İbrahim Elmas İşmerkezi
A. Blok Kat 4 Okmeydanı - İstanbul
Tel: (0 212) 222 00 88

Baskı: Seçil Ofset
100 Yıl Mahallesi MAS-SİT Matbaacılar Sitesi
4. Cadde No: 77 Bağcılar-İstanbul
Tel: (0 212) 629 06 15

www.harunyahya.org - www.harunyahya.net

# М А З М У Н У

Эч унутпаңыз!

Аллахтын жалгыздыгын унутпаңыз

Жол көрсөтүүчүнүн Куран экендигин унутпаңыз

Ар бир болуп жаткан окуянын тагдыр экендигин унутпаңыз

Сизди жолдон чыгаруу үчүн бардык аракетин жумшаган шайтандын бар экендигин унутпаңыз

Бул жашоонун убактылуу сыноо экендигин унутпаңыз

Ар дайым бул дүйнөдөн өтүп кетишиңиз мүмкүн экенин унутпаңыз

Кыяматтын жана эсеп-кысап күнүнүн сөзсүз болоорун унутпаңыз

Динсиздердин азап мекени тозокко кетээрин унутпаңыз

Бейишке чыныгы ыймандуулардын гана кирээрин унутпаңыз

Аллахка дуба кылууну унутпаңыз

Аллах алдында дайыма чын ниеттүү жана ак жүрөктүү болууну унутпаңыз

Ката кылганыңызда эртерээк тообо кылып, Аллахтан кечирим суроону унутпаңыз

Жыйынтык: эскертүү Аллахтан корккондорго гана жардам берет

Бардык жандуу- жансызды, ааламды Аллахтын жараткандыгын эч унутпаңыз

Дарвинизмдин кыйрашы

# ОКУРМАНГА

- Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

- Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

- Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир toктобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу боюнча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

- Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

- Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

- Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто мектеп жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Харун Яхьянын эмгектери дээрлик 30000 сүрөттү камтыган жалпысы 45000 беттик бир эмгектер жыйнагынан турат жана бул эмгектер жыйнагы дүйнөнүн 60 тилине которулган.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм

жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат, себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч болуп калышы мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ЭЧ УНУТПАҢЫЗ!

Бир саамга ойлонуп көрүңүз; жашооңуз бойу унутпашыңыз керек болгон канчалаган нерселер бар. Эрте менен тургандан баштап эле күн бойу «муну эч унутпашым керек» деп эсиңизге бекем түйгөнгө аракет кылган көптөгөн нерселер болот. Ал тургай, балким буларды унутпоо үчүн бир жерге жазып аласыз же башка чараларды көрөсүз. Кээде абдан маанилүү деп ойлогон кээ бир иштерди унутуп калуу ыктымалын элестеткиңиз да келбейт...

Сизге «бул иштер менен салыштырууга болбой турган, абдан маанилүү бир нерсени унутуп калдыңыз» десек эмне кылаар элеңиз?

Бул китеп жашооңуздагы эң маанилүү нерселерди эсиңизге салуу үчүн даярдалган. Күнүмдүк жашоодо унутпаш үчүн аракет кылган нерсеңиз эмне гана болбосун, бул нерселердин эч бирин унутуп калуунун наркы сизге бул китепте эскерте турган нерселерди унутуунун наркындай кымбат боло албашын эч унутпаңыз.

Бул китептин максаты – сизге бул дүйнөдө жаралуу максатыңызды эсиңизге салуу. Себеби адам – унутчаак. Күнүмдүк жашоодогу окуяларга алданып, эрки менен акылын башкарбаса, көңүлүн бурушу зарыл болгон нерселерден алыстайт. Аллахтын бүт тараптан аны курчап тургандыгын, дайыма карап, угуп тургандыгын, кылган ар бир ишинин эсебин (сурагын) Аллахка берээрин, өлүмдү, мазарды, бейиш жана тозоктун бар экендигин, тагдырда белгиленгенден башка эч кандай окуянын боло албашын, ал жолуккан ар бир окуяда бир жакшылык бар экендигин унутуп калат.

Ошондой эле, адам – капылетке кабылууга да ылайыктуу бир жандык. Капылетке кабылуу менен жашоосунун максатын, ошол учурда кылышы керек болгон туура аракетти унутуп, жаңылышы мүмкүн. Бирок салих (ак ниеттүү, ыкластуу) адамдарда мындай унутуулар кыска мөөнөттүү болот жана алар эстээри менен ошол замат тообо келтиришип, кайра Аллахка багытталышат жана жашоосун Ал буйруган багытта улантышат. Момундардын Аллахка болгон дубалары Куранда мындайча кабар берилген:

**... Раббибиз, унуткан же жаңылгандарыбыз себептүү бизди жоопкерчиликтүү кылба... (Бакара Сүрөсү, 286)**

Албетте, бул жерде сөз кылынган унутуу – күнүмдүк жашоодо кабылган унутуу эмес. Ар бир инсан табиятына ылайык кээ бир нерселерди унутуп калышы же жаңылышы мүмкүн. Бул жердеги унутуу – бул адамдын кээ бир чындыктарды акыл менен таразалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонуна карабастан, ой жүгүртпөшү, көңүл бурбашы жана көз жумуп койушу натыйжасында ортого чыккан унутуу.

## Адам эмнелерди көз жумуп коюу менен унутуп калат?

Албетте, адам унутушу мүмкүн болгон эң маанилүү нерсе – бул бүт нерсенин бир Жаратуучусу бар экендиги. Адамдардын баары Жаратуучубуз болгон Аллахтын алдында жоопкерчиликтүү. Адам бул жоопкерчиликтин натыйжасында сурак берээрин жана бейиш же тозокто өткөрө турган түбөлүк жашоонун аны күтүп жатканын да унутат. Тозок отунун де бейиш немат-жакшылыктарынын бар экендиги жашап жаткан ушул жашообуздай бир чындык. Бирок адамдардын көпчүлүгү бул чындыктарды билип турушса да, аларды өздөрүнө көп тиешелүү эместей көрүшөт жана ойлонбоо аркылуу чындыктардан кача алабыз деп ойлошот.

Унутуу адамды жоопкерчиликтен алыстатабы? Албетте, жок. Адам аны жараткан Аллахтын алдында милдеттүү; эртеби, кечпи өлүмдү татат, жападан жалгыз Раббибиздин алдына чыгып сурак берет жана мунун натыйжасында түбөлүккө бейиш же тозокто жашайт. «Биз асманды, жерди жана ал экөөсү арасындагыларды бир оюн жана алаксуу болсун деп жаратпадык.» (Анбия Сүрөсү, 16) аятында кабар берилгендей, адам да кошо бардык нерселердин баары бир максат менен жаратылган. Ошондуктан, адам жоопкерчиликсиз бир жандык эмес; бир гана «Аллахка кулчулук (ибадат) кылуу» (Зарият Сүрөсү, 56) үчүн жаратылган. Бирок адам күнүмдүк иштердин чуркамайына өзүн алдырып акылын колдонбосо бул улуу чындыкты унутушу мүмкүн. Айлана-чөйрөсүндөгү окуялар жана нерселер жөнүндө терең терең ой жүгүрткөндөр гана бул маанилүү жыйынтыкка жете алышат.

Адам өз жаратылышын эле ойлонсо, Аллах ага берген немат-жакшылыктарды байкайт жана бул үчүн Раббибизге болгон жакындыгын көрсөтүү үчүн аракет кылышы керек экенин түшүнөт. Адам али эч нерсе эмес кезинде көз менен да көрүнбөй турганчалык кичинекей жалгыз бир клетка катары жашап баштаган жана бул клетканын бөлүнүп отуруп миллиарддаган эсе көбөйүшү натыйжасында бардык органдары менен бирге кемчиликсиз бир адам абалына келген. Бирок, эң маанилүүсү, бул жандык али эч нерсе эмес кезинде бир жан, т.а. рухка ээ болгон. Бир тамчы суу бир кесим этке, андан соң ойлоно алган, сүйлөй алган бир жандыкка айланган; б.а. Аллах адамды жоктон жасаган. Бирок ошого карабастан, кээ бир адамдар өз жаратылышын унутуп, Аллахка карата кыйшык мисалдарды берип, Раббибизди жокко чыгарууга барышат. Аллах аяттарында бул абалды мындайча билдирет:

**Өзүнүн кантип жаратылганын унутуп, Бизге бир мисал берип; (мындай) деди: «Чирип-талкаланганда бул сөөктөрдү ким тирилтет экен?» Айткын: «Аларды алгачкы жолу жаратып-кураган тирилтет. Ал ар түрдүү жаратууну билет.» (Йасин Сүрөсү, 78-79)**

Эгер сиз да мындай абалга түшкүңүз, Раббибизге карата шүгүрсүз (жакшылыкты барктап, ыраазычылык билдирдеген адам) болгуңуз келбесе, анда өзүңүздү күнүмдүк жашоонун агымына алдырып, «ой жүгүртүүнү» таштап койбоңуз. Себеби адам ойлонгондо гана Аллахты эстейт, Анын алдында жоопкерчиликтүү экенин түшүнөт; ой жүгүрткөндө гана бул дүйнөнүн ал үчүн абдан кыска мөөнөттүү бир конок мекени экенин, бул жерде жасаган бүт нерсесинин сурагын берээрин эстейт. Жана ой жүгүрткөндө гана унутпайт...

Бир жагдайды эскерте кетүү жакшы болоор: бул китепте сизге эскерте тургандарыбыздын эч бири «унутпасам жакшы болот» деп өтүп кетчү нерселер эмес. Булардын бирөөсүн да эсиңизден чыгарбашыңыз керек. Себеби буларды эстеп турганыңызда Аллахка талап кылынгандай кулчулук

(ибадат) кылып, Аны ыраазы кыла аласыз. Жана ошондо гана бул дүйнө жана акыретте кутулууга жете алаарыңызды унутпаңыз.

Аллах сизди алдыңызга эки жол коюп сынап жатат; булардын бирин тандоодо эркинсиз, бирок булардын биринин түбөлүк азапка, экинчисинин болсо түбөлүк бактылуулукка бараарын унутпаңыз...

**Биз аны эки жолго багыттадык. Ал оор жолго жүрбөдү. Сен оор жол эмне экенин билбейсиң. (Ал) кул азат кылуу. Же каатчылык күндө тамак-аш берүү, тууганчылыгы бар жетимге. Же кыйналган кедейге. Анан ыймандуулардан, бири-бирин сабырга, ырайымдуулукка чакыруучулардан болуу. Мына ушулар оң тарап ээлери (Асхабы Меймене). Ал эми аяттарыбызга каапыр болгондор болсо – сол тарап ээлери (Асхабы Мешъеме). «Эшиктери кулптанган» бир от ошолорго болот. (Балад Сүрөсү, 10-20)**

# АЛЛАХТЫН ЖАЛГЫЗДЫГЫН УНУТПАҢЫЗ

**... Алар Аллахты унутушту. Ал да аларды унутту... (Тообо Сүрөсү, 67)**

Белгилүү болгон бир логика: адам жээкте кумдан жасалган бир мунара көрсө, сөзсүз муну жасаган бирөө бар деп ойлойт. «Бул мунара толкундардын жана шамалдардын таасири менен кокустуктар натыйжасында пайда болгон» деп акылы кем бирөө гана жактай алат. Ааламда көзгө көрүнгөн бүт нерседе да бир долбоор бар экени апачык көрүнүп турат. Болгондо да бул долбоор жээктеги кумдан жасалган мунара менен салыштырууга болбой турганчалык кемчиликсиз, улуу жана детальдуу. Демек, чындык апачык көрүнүп турат: ааламдын улуу бир Жаратуучусу бар. Бул Жаратуучу – ааламдардын Рабби Аллах.

Бүт ааламда кемчиликсиз бир тең салмактуулук бар экендиги маани бербей коюуга болбой турганчалык апачык бир чындык. Биз жашап жаткан дүйнө да эң ыңгайлуу шарттардын биригиши менен пайда болгон. Жердин тартылуу күчүнүн чоңдугу, жердин күндөн алыстыгы, атмосферадагы кычкылтектин үлүшү жана дагы жүздөгөн аяр тең салмактуулуктун эч бири өзүнөн-өзү же кокустуктар натыйжасында пайда болгон эмес. Албетте, бул – эң кичинекей микроорганизмден күн системасынын ири массалуу планеталарына чейин бүт нерсени башкарып турган Аллахтын жаратуусу. Аллах ааламды чексиз бир акыл жана күч-кудурет менен жараткан жана жерди да биз жашашыбыз үчүн атайын долбоорлогон. Себеби Аллах жаратып, жөнгө салуучу. Бир аятта мындайча буюрулууда:

**(Аллах) Түндү күндүзгө киргизет, күндүздү болсо түнгө киргизет; күн менен айды моюн сундуруп койгон, ар бири белгиленген убакытка чейин агып жүрөт. Мына ушуларды (жаратып жөнгө салган) Аллах силердин Раббиңер; мүлк Аныкы. Андан башка сыйынгандарыңар болсо «бир уруктун ичке чел кабыгына» де ээ (малик) боло алышпайт. (Фатыр Сүрөсү, 13)**

Эми дагы бираз жакыныраакка келели жана адамдын денесин карайлы. Кереметтүү толук долбоорлонгон бир түзүлүштү көрөбүз. Адамдын мээси заманбап технологиянын эң алдыңкы продукту катары кабыл алынган компьютерлер менен салыштырууга эч болбой тургандай кемчиликсиз иштейт. Ошондой эле, дененин ар бир органы өз ичинде да, башка органдар менен да толук бир гармонияда. Мисалы, адам дем ала алышы үчүн ооз, мурун, дем алуу түтүгү (тамак), өпкөлөр, жүрөк жана бардык кан-тамырлар бирдей иштешет. Алардын бирөөсү да бир мүнөт эс албайт, бирөөсү бир саамга да чарчабайт. Ар бири улуу бир баш ийүү жана моюн сунуу менен аны жараткан Аллахка моюн сунат жана Раббибиз ал үчүн буйруп, пландаган буйрукту аткарат. Дем алуу учурунда мурундан тазаланып, жылынып өткөн аба дем алуу түтүгүнөн да өтүп, өпкөгө жетет. Жүрөгүбүздө, тамырларыбызда, кыскача айтканда, денебиздеги ар бир клеткада бул кычкылтек колдонулат. Бир эки мүнөткө эле иштебей калса, адамдын өлүмүнө себеп болчу органдар дененин жашоосун улантышы үчүн ошол эле секундаларда башка кызматтарды да жасашат. Көптөгөн процессти бири-бири менен аралаштырбастан, адашпастан, кемчиликсиз чоң бир усталык жана акыл менен аткарышат. Бул гармонияда бир кемчилик болсо дем алуубуз да, жашообузду улантышыбыз да мүмкүн болбой калмак.

Мындай абал көрүү процессине да тиешелүү. Көз – жандыктардын жаратылгандыгынын эң даана далилдеринин бири. Адамдын көзү болсун же жаныбарлардын көздөрү болсун, жандыктар ээ болгон бардык көрүү органдары кемчиликсиз бир долбоордун абдан таасирдүү мисалдары. Көзүбүз 21-кылымдын технологиясы менен да жетишиле албаган сапаттагы бир сүрөттөлүштү бизге тартуулоодо. Бирок, бир көздүн көрө алышы үчүн бир эле учурда бардык бөлүктөрүнүн бар болушу жана гармония ичинде иштеши керек экенин унутпаңыз. Мисалы, карек, конъюнктива, көз чарасы, көз чечекейи, көз линзасы, торчо, кан-тамыр кабыкчасы, көз булчуңдары, көз жашы бездери сыяктуу бардык бөлүктөр (тетиктер) бар болсо жана иштесе, бирок бир гана көз капкагы (жапкычы) болбосо, көз кыска убакыт ичинде чоң зыянга кабылат жана көрүү функциясын жоготот. Ошол сыяктуу, көздү түзгөн бардык органелллдер бар болсо, бирок көз жашынын өндүрүлүшү токтосо, көз кыска мөөнөттө кургайт жана сокур болот. Бул жерде маанилүү бир суроо жаралат: мынчалык гармониядагы органелллдерди бир учурда ким жараткан? Көрүү мүмкүнчүлүгүн берген көздү ким пайда кылган?

Албетте, көздү жаратуу чечимин алган – бул көздүн ээси болгон жандык эмес. Себеби көрүүнүн эмне экенин да билбеген бир жандыктын көрө алуу үчүн бир көрүү органына муктаж болушу жана өз денесинде муну жасашы, албетте, эч мүмкүн эмес. Бул чындык жандыктарды көрүү, угуу сыяктуу сезүү органдары менен бирге жараткан улуу бир акыл ээсинин бар экенин бизге апачык көрсөтүүдө. Антпесе, аң-сезимсиз клеткалар көрүү, угуу сыяктуу аң-сезим талап кылган функцияларга өз талаптары жана жөндөмдөрү менен ээ болуп алышты деген пикирди жактаган болобуз. Мындай болушу эч мүмкүн эмес. Куранда бул жагдай мындайча билдирилген:

**Айткын: «Силерди курган (жараткан), силерге кулак, көздөр жана көңүлдөр берген – Ал.» Канчалык аз шүгүр кылуудасыңар? (Мүлк Сүрөсү, 23)**

Аятта да билдирилгендей, адам денесиндеги бул системалардын баарын бири-бири менен гармония ичинде жараткан – бул Аллах. Өз денебизде болсун, тышкы дүйнөдө болсун, биз көргөн сансыз детальдардын баары Аллахтын кудуретин, улуулугун жана илими менен бүт нерсени курчап турганын апачык көрсөтүүдө. Бирок кээ бир адамдарга чындыктарды ойлонуудан көрө, артка бурулуп качуу оңойураак сезилет. Ошондуктан Аллах Куранда адамдарды айланасына карап, Анын улуулугу жөнүндө ойлонууга чакырган:

**Аллах жети асманды жана жерден да алардын окшошун жаратты. Буйрук булардын арасында токтобостон түшүп турат; силердин чынында Аллахтын бүт нерсеге кудуреттүү экенин жана чынында Аллахтын илими менен бүт нерсени курчаганын билишиңер, үйрөнүшүңөр үчүн. (Талак Сүрөсү, 12)**

Аллахтын сизге абдан жакын экенин жана бүт нерсени ороп-курчаганын эч унутпаңыз. Сиз бул китепти окуп жаткан ушул көз ирмем, кайсы бир убакта оюңуздан өткөн нерселер, бала кезиңизде башыңыздан өткөн бир окуя, бир канча жылдан соң жасайм деген пландарыңыз да кошо бүт нерсени Аллах билип турат. Мындай өкүмдарлык түнү-күнү эч токтобостон, бардык нерселер үчүн уланат. Аллах Куранда мындайча билдирген:

**Ант болсун, адамды Биз жараттык жана напсисинин ага кандай азгырыктарды берип жатканын билебиз. Биз ага күрөө тамырынан жакыныраакпыз. (Каф Сүрөсү, 16)**

Аллах бүт нерсенин ички тарабынан, жашыруун тараптарынан, адамдын акылына келген жана эч кимдин билиши мүмкүн болбогон бир ойдон, адам ичинде жашырып, эч кимге айтпаган сырлардын баарынан да кабардар. Адамдарды толук курчап турган Аллах кылган ишибиз жана турган жерибиз кайсы жер жана эмне гана болбосун, бизге дайыма күбө. Бул чындык бир аятта мындайча кабар берилген:

**Сен ичинде болгон ар кандай абал, Ал жөнүндө Курандан окуган бир нерсе жана силер жасаган ар кандай иш болсун, силер ал ишке (абдан) берилип жасап жатканыңарда, Биз силердин үстүңөрдө күбө болуп турабыз. Жерде жана асманда тырмактай болгон эч бир нерсе Раббиңден алыста (жашыруун) калбайт. Мындан кичинекейирээги да, чоңураагы да баары китепте (жазылуу). (Йунус Сүрөсү, 61)**

Бул чындыкка карабастан, адамдардын кээ бирлери «Аллах бизден абдан алыста» деп ойлошот. Алардын түпкү аң-сезиминдеги ою боюнча, Аллах абдан алыстардагы бир планетанын аркасында отурат жана анда-санда гана «дүйнө иштерине» кийлигишет. Же болбосо эч кийлигишпейт; ааламды бир жаратып, анан таштап койгон. Чынында болсо бул апачык бир жаңылыштык. Аллах бүт тарапта жана бүт нерсени курчап турат. Чыгыштан батышка, түндүктөн түштүккө бүт тарапты ороп-курчаган.

**Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аллахтыкы. Аллах бардык нерселерди курчап турат. (Ниса Сүрөсү, 126)**

Сиз кайсы тарапка барбаңыз, дүйнөнүн эң четки бир бурчуна барсаңыз, Аллах ал жерди да ороп курчаган. Ушул учурда да сизди толук курчап турат; сизге күрөө тамырыңыздан да жакынураак. Денеңизге, бөлмөңүзгө, турган шаарыңызга, ааламдын бардык бурчуна, сиз көзүңүз менен көрө албаган бүт ааламдарга дайыма ээ; баарынын өтмүшү жана келечегине да. Мындай абсолюттук чындыктарды унуткан кээ бир адамдар оюнан өткөргөн нерселерди, Аллахка карата жалганчылык менен жасаган көп кылмыштарын адамдардан жашырышат, бирок буларды Аллахтан жашыра албашын ойлонушпайт. Чындыгында болсо Аллах алар мындай иштерди али пландап жаткан кезде да алар менен бирге. Бир аятта мындайча буюрулууда:

**Ал келечегин да, өтмүшүн да билет. Алардын илими болсо Аны (Аллахты) камтый албайт. (Таха Сүрөсү, 110)**

Бираздан соң эмнелерди башыңыздан өткөрөөрүңүздү сиз билбейсиз, бирок Аллах билет. Ошондуктан, билсеңиз да, билбесеңиз да Аллахка моюн сунган абалдасыз.

Сиз ичиңизден ойлонгондоруңузду айтсаңыз да, жашырсаңыз да, Аллах үчүн айырмасы жок. Себеби Аллах баарынан кабардар. Шыбырап айткан бир сөзүңүз да Аллахтан жашыруун калбайт. Себеби Аллах үчүн сыр жок, Ал жашыруундун жашыруунун да билет.

Жер жүзүндөгү бүт жандыктардын Аллахка муктаж экенин унутпаңыз. Аллах болсо адамдардагы ар түрдүү кемчиликтен аруу, эч нерсеге муктаж эмес. Уйку, ачкалык, суусоо, чарчоо сыяктуу акылга келе турган адамдык алсыздыктардын баарынан алыс: ким гана болбосун бүт баары сөзсүз өлөт, бирок Аллах башталышы жана аягы жок, түбөлүк тирүү:

**Аллах... Андан башка илах (сыйынууга татыктуу зат) жок. Ал – тирүү, Кайуум. Аны уйкусуроо жана уйку тартпайт. Асмандарда жана жерде эмне бар болсо, баары Аныкы. Анын уруксаты болбостон, Анын Кабатында шапаат кылуучу ким? Ал алдыңардагыны (келечекти)**

**жана артыңардагыны (өтмүштү) билет. (Алар болсо) Ал каалагандан сырткары, Анын илиминен эч нерсени түшүнүп-аңдай алышпайт. Анын Күрсүсү бардык асмандарды жана жерди курчап турат. Аларды коргоо Ага оор эмес. Ал – абдан улук, абдан бийик. (Бакара Сүрөсү, 255)**

Бүт окуялардын баарынын Аллахтын башкаруусу менен ишке ашканын унутпаңыз. Аллах чексиз күч-кудурет ээси; Куранда билдирилгендей, бир даана жалбырак да Аллахтын башкаруусусуз түшпөйт (Энъам Сүрөсү, 59), бүт нерсе Аллахтын билиши жана буйругу менен кыймылдайт. Асмандан жерге чейин бүт иштер Аллахтын буйругу менен ишке ашууда. Бүт иштер дегенде көп адамдар бир гана табият кубулуштары же өлүм, төрөлүү сыяктуу окуяларды элестетишет. Чынында болсо булар эле эмес, акылга келген ар бир иш, ар бир окуя, ар бир система Аллахтын буйругу менен кыймылдоодо.

Технологиялык ачылыштар, бүт дүйнө өлкөлөрүнүн башкаруусу, ар биринин социалдык жана экономикалык абалы, чыгармачылык иш-аракеттер, кичинекей-чоң бардык фирмалар, ал жерлерде жасалган ар бир иш, бул дүйнөгө келген ар бир жаңы адам, бул адамдардын жашоосундагы ар бир секунданы улуу бир Жаратуучу Аллах билип жана башкарып турат. Эң кичинекейинен эң чоңуна чейин алынган чечимдердин баары, жасалган ар бир иш-аракет Аллахтын уруксаты менен ишке ашат. Ошол сыяктуу денеңиздеги триллиондогон клетканын иштеши, бул клеткалардын ар биринин ичиндеги органеллдердин аткарган бүт кызматтары, бул клеткаларды азыктандырган системалар жана санап бүтүрө албаган ар кандай детальдардын баары Аллахтын көзөмөлүндө. Ошол эле учурда мейкиндикте айланып турган жер жана жердин бетиндеги бир кумурсканын азыктанышынан көбөйүшүнө чейинки жашоосун улантышы үчүн керектүү болгон кыймыл-аракеттердин баары да Аллахтын уруксаты менен ишке ашат. Бул чындык Куранда мындайча баяндалат:

**«Мен чындыгында, менин да Раббим, силердин да Раббиңер болгон Аллахка тобокел кылдым. Ал маңдайынан кармап-көзөмөлдөбөгөн эч бир жандык жок. Сөзсүз менин Раббим туптуура бир жол үстүндө (туптуура жолдогуну коргоодо).» (Худ Сүрөсү, 56)**

Аллах – бүт баары Ага моюн сунган; илими менен бүт нерсени ороп курчаган, бүт илим-маалыматтын ээси. Кичинекей бир баладан бир илимпозго чейинки бүт баарына билгендерин үйрөткөн, биз көрө алганды жана кайыпты, т.а. көрө албаган ааламдарды да билип турган – бул Аллах. Асмандарда жана жердегилердин баарынын, жылдыздардын, дарактардын, жаныбарлардын, адамдардын санын, жааган жамгырдын өлчөмүн, санын аныктоочу да бир гана Аллах:

**Асмандарда жана жердегилердин (бүт жандык, нерселердин) баары Рахман (болгон Аллах)ка бир гана кул болуп келишет. Ант болсун, алардын баарын курчаган жана аларды сан жагынан санап койгон. (Мерйем Сүрөсү, 93-94)**

Ааламдын кандайдыр бир бурчунда болгон ар бир окуяны да Аллах башкарып турат. Ал бардык иштердин жашыруун же ачык бүт тарабынан кабардар. Бир гана бизден эмес, асмандарда, жерде, бул экөөсү арасындагылардын баарынан кабардар. Себеби Аллах бүт ааламдардын ээси. Демек, кичинекей бир нерсенин да Андан эч качан жашыруун калбашын, сиз да кошо бүт адамдардын акылынан

өткөндөрдүн же кылган иштеринин баарынын Аллахтын көзөмөлүндө экенин эч унутпаңыз. Себеби Аллах бүт баарынын башынан өткөргөндөрүн бардык майда-бараттарына чейин билип турат. Аллах эч адашпайт жана эч качан эч нерсени унутпайт.

Сизге сиз ээ болгон бүт нерсени Аллах бергенин унутпаңыз. Айланаңызды бир караңыз; бүт нерсенин баары сиздин муктаждыктарыңызды канааттандыра турган абалда аярдык менен даярдалып, баары сиздин буйругуңузга сунулган. Башыңызды көтөрүп, асманды караңыз жана айланаңызда болуп жаткандарды ойлонуңуз. Мына ошондо шүгүр кылууга ылайык Заттын, биздерди биз көргөн жана көрө албаган канчалаган немат-жакшылыктар менен камсыздагандын Аллах экенин жакшыраак түшүнөсүз. Илим жетишкен деңгээлине карабастан, алигече бир табышмак деп сыпатталган адам денесин жараткан жана бардык органдарын кемчиликсиз бир гармония ичинде иштешин камсыздаган; бир катар жаныбарларды үйчүл кылып жаратып, адамдардын кызматына сунган, алардан азык, кийим алышын жана бир жерге жетишин камсыздаган; асмандан түшүргөн суу менен бир эле топурактан ар кандай даамдарда түшүмдөр жана мөмөлөрдү чыгарган; саны жүз миллиарддарга жеткен галактикаларды кереметтүү бир тең салмактуулук ичинде кыймылдаткан; күндүздү иштөөгө, түндү эс алууга ыңгайлуу кылган; күндү өз огунда айланткан; деңиздерди адамдардын азык ала алышына жана саякат кылышына эң ыңгайлуу абалда жараткан – бул бир гана Аллах. Аллах бул чындыкты аяттарында мындайча кабар берүүдө:

**Ал инсанды бир тамчы суудан жаратты эле, капысынан анык душман болуп чыга келди. Ал айбанаттарды жаратты. Аларда силер үчүн (көп) пайдалар, жылуулуктар бар. Силер алардын этинен да жейсиңер. (Малыңар жайлоого) жайылганда жана (кечинде) кайтканда да силер үчүн коoздук бар. (Айбандар) силердин жүгүңөрдү, зор машакат менен гана жете ала турган шаарларга ташып берет. Чынында Раббиңер силерге Ырайымдуу, Мээримдүү. Ал силердин минишиңер үчүн жана кооздук-сулуулук аттарды, качырларды жана эшектерди (жаратты). Жана силер билбеген нерселерди да жаратат... Ал силерге асмандан суу түшүрөт. Ичер сууңар да ошондон, дарак да ошондон. Жана андан (жаныбарларды) сугарасыңар. (Аллах) ал суу менен силердин пайдаңар үчүн өсүмдүктөрдү, зайтунду, курмаларды, жүзүмдөрдү жана түрдүү мөмөлөрдү өстүрөт. Шексиз буларда пикир кылган элдер үчүн далилдер бар. Дагы (Аллах) силерге Айды, Күндү жана Түн менен Күндүздү моюн сундуруп койду. Анын амири менен жылдыздар да силерге моюн сундурулган. Албетте мында акылын иштеткен адамдар үчүн далилдер бар. Ал силер үчүн жер бетинде ар түркүн (пайдалуу) нерселерди жаратты. Албетте, бул нерседе эстеген адамдар үчүн далил бар. Силер андан (балыктардын) бузулбаган эт(ин) жешиңер үчүн Аллах силерге деңизди моюн сундурду. Анын (түбүнөн) өзүңөр такчу тагынчактарды чыгарып аласыңар. Сен анда (толкундарды) жарып сүзгөн кемени көрөсүң. (Аллах) Өзүнүн пазилетин үмүт кылып, (нематтарына) шүгүр келтиришиңер үчүн (ушулардын баарын жаратты). Ал силердин тең салмактуулугуңарды сактасын деп жер бетине (салмактуу) тоолорду кадап койду. Жана (силердин пайдаңар үчүн) дарыяларды, жолдорду (да жаратты). Туура жолду табаарсыңар деген үмүттө. Жана (башка) ишараттар да (жаратты); алар жылдыз(дар) менен да туура жолду таба алышат. Жаратуучу эч жаратпаган сыяктуубу? Эми кеңеш алып, ойлонбойсуңарбы? Эгер Аллахтын**

**нематтарын санагыңар келсе, аны топторго бөлүп да санай албайсыңар. Чындыгында Аллах – кечиримдүү, боорукер. (Нахл Сүрөсү, 4-18)**

Адам саноого өмүрү жетпеген немат-жакшылыктардын баары бүт ишти курчап, жөнгө салган Раббибиздин каалоосу менен жаралган жана адамдын кызматына сунулган. Аллах бир аятында муну мындай бир мисал менен эске салат:

**Эгер жер жүзүндөгү дарактардын баары калем жана деңиз, ага дагы жети деңиз кошулуп, (сыя) болсо, Аллахтын сөздөрү (жазып) түгөнбөйт. Шексиз, Аллах улуу жана кудуреттүү, өкүм ээси жана даанышман. (Локман Сүрөсү, 27)**

Сиз ээ болгон канча мал-мүлкүңүз бар болсо, аларды сизге бергендин жана баарынын чыныгы ээсинин Аллах экенин да эч унутпаңыз. Себеби асмандардын, жердин жана ал экөөсүнүн арасындагы бүт нерсенин мүлкү Аллахка тиешелүү. Бирок Аллах каалаганына каалаганча берет. Убактысы келип адамдардын өмүрү бүткөндө, жалгыз мураскор кайра эле Ал. Бүт үйлөрдүн, унаалардын, буюмдардын, жерлердин, азыктардын, кыскача айтканда, бүт нерсенин чыныгы ээси – бул Аллах.

**Асмандардын, жердин жана (экөөсү) арасындагылардын баарынын мүлкү Аллахтыкы. Ал бүт нерсеге кудуреттүү. (Маида Сүрөсү, 120)**

Сиз Аллах белгилеген убакыт келгенде бардык мүлкүңүздү, кызмат ордуңузду, жеке буюмдарыңызга чейин бүт нерсени артыңызда калтырасыз; жылаңач денеңиз болгону бир канча метр безге оролуп, бир чуңкурга ташталат. Рухуңуз болсо эч нерсесиз, жападан жалгыз абалда Аллахка кайтат. Дүйнөдө сиз ээ болгон кызмат даражаңыздын да, атыңыздын да, байлыгыңыздын да ал жерде эч мааниси болбойт. Сиз бул дүйнөдө алар менен сыналып гана жатасыз. Чыныгы ээси эмессиз, сиз ээ болгон нерселердин баары Аллах сизге тартуулаганы үчүн гана бар. Эгер Аллах буларды бир себеп менен ала турган болсо, буларды кайра алууга сиздин эч күчүңүз жетпейт.

Аллах сиз үчүн каалагандан башка башыңызга эч нерсе келе албашын унутпаңыз. Башыңызга келген жана сиз жакшы же жаман деп сыпаттаган ар кандай окуя Аллахтын илими менен, т.а. тагдырдын агымы ичинде ишке ашууда. Эч ким ал күнү аны кандай окуялар күтүп жатканын биле албайт. Адам канчалык өзүнчө пландар жасап жатам деп ойлосо да, чынында окуялар ал пландагандай ишке ашпайт, ал тургай эч оюна келбеген окуяларга кабылышы мүмкүн. Адамды мындай белгисиздик ичинде бейпил кыла турган жалгыз нерсе – бул ар бир башына келген окуянын Аллахтын каалоосу менен ага атайын жаратылганын билүү жана Раббибиз жараткан тагдырга толук ишенип, моюн сунуу. Бирок бул жерде дагы бир жагдайга көңүл буруу зарыл: пландабастан башыңызга келген окуяларды Аллах билип, башкарып турат; бирок ошол сыктуу пландаган окуяларыңызды да Аллах башкарып турат... Себеби ааламда Аллахтан көз-карандысыз, Раббибиздин өкүмдарлыгынан тышкары жалгыз бир көз ирмем да болбойт. Бир аятта момундардын мындай дегени айтылат:

**Айткын: «Биз Аллахтын биз үчүн жазгандарынан башка, эч качан эч нерсеге кабылбайбыз. Ал – биздин Мевлабыз (Досубуз). Жана момундар (ыймандуулар) бир гана Аллахка тобокел кылышсын. (Тообо Сүрөсү, 51)**

Башыңызга кандай гана окуя келбесин баары Аллахтан жана бир сыры (хикматы) бар. Муну да унутпаңыз. Адамдын Аллахтан келе турган нерселерден Аллахка корголонуудан башка жолу жок экенин, Андан башка досу жана жардамчысы да жок экенин билип жүрүңүз:

**(Дагы) Чынында асмандардын жана жердин мүлкүнүн Аллахтыкы экенин билбейсиңби. Силердин Аллахтан башка досуңар (велиңер) жана жардамчыңар жок. (Бакара Сүрөсү, 107)**

Күн бою кандайдыр бир темада ийгиликке жеткибиз келгенде же бир жумуш менен алек болуп жатканыбызда бизге Аллах жардамчы болууда. Ал тургай, ал ишти жеңилдеткен, аны жараткан, бизге каалаган нерсебизди каалаган убагыбызда жасаткан да бир гана Раббибиз. Аллахтын улуулугун унуткан бир адам үчүн болсо ага жардам бере турган адам, анын оюнда, же кесиптеши, же үй-бүлөсү же болбосо башка бир адам...

Албетте, бул адамдар топтогон билими жана жашоо тажрыйбалары менен адамга жардамчы болушу мүмкүн. Бирок булардын бир себеп экенин унутпаңыз. Себеби Аллах бул дүйнө жашоосунда натыйжаларды белгилүү себептерге байланыштырып койгон. Мисалы, алманы жей турган абалга алып келүү үчүн көчөттү эгүү, сугаруу, астына дары салуу керек. Мына ушулар Аллах койгон себептер. Бир адам бул шарттарды жасаган соң гана Аллахтан көп түшүмдүүлүк үмүт кыла алат.

Ишке ашкан ар бир окуяда натыйжанын Аллахка тиешелүү экенин жана Аллахтын буйругуна чын көңүлдөн ыраазы болушубуз керек экенин эч унутпаңыз.

Сизди бардык коркунучтардан, оорулардан, кыйынчылык жана балээлерден коргогон, сактаган бир гана Аллах экенин унутпаңыз. Чынында болсо булардын ар кайсынысы адамга ар дайым келип калышы мүмкүн. Ооруганыңызда сизди докторуңуз же ичкен дарыңыз айыктырды деп ойлошуңуз мүмкүн. Албетте, адам Аллах себеп катары жараткан бул жолдорго кайрылат; бирок аягында аны бул оорудан куткаруучунун бир гана Аллах экенин да сөзсүз билиши керек. Ал кааламайынча, эң адис докторлордун да, эң кымбат дары-дармектердин да, эң жакшы ооруканалардын да адамга эч кандай пайдасы болбойт. Шыпааны Аллах гана берет. Аллах каалаган адамына бир сыноо катары себепсиз бир оору бериши мүмкүн болгон сыяктуу, каалаган адамын себепсиз айыктырып коюшу да мүмкүн. Аллах бул чындыкты Куранда Аз. Ибрахимдин сөздөрү аркылуу мындайча билдирген:

**Ооруганымда мага Ал шыпаа берет; (Шуара Сүрөсү, 80)**

Бүт күч-кудурет бир гана Аллахтын колунда. Бул чындыкты унутуп, өзүнө да, башкасына да, Аллах кааламайынча, кичинекей бир жардам берүүгө да күчү жетпеген жандыктардан жардам үмүт кылуу, адамга дүйнөдө да, акыретте да абдан чоң жоготуу алып келет. Жардам күтүлгөн бул адамдар да ал сыяктуу эле алсыз; башка бирөөгө эмес, өздөрүнө да, Аллах кааламайынча, жардам бере алышпайт. Аллах Аьраф Сүрөсүндө мындай буюрууда:

**Андан (Аллахтан) башка сыйынгандарыңар болсо силерге жардам бере алышпайт, өздөрүнө да. (Аьраф Сүрөсү, 197)**

Бир гана Аллахтан коркушуңуз жана бир гана Анын ыраазычылыгын көздөшүңүз керек экенин унутпаңыз. Жашооңузда маанилүү деп ойлогон же күчү бар деп элестеткен, ошондуктан өз оюңузда көз алдыңызда чоңойтуп алган эч бир адамыңыздын чындыгында өзүнө тиешелүү кичинекей да күчү жок. Демек бир адамдан Аллахтан корккон сыяктуу коркуу, тартынуу же Аллахты сүйгөндөй сүйүү Куран боюнча «ал адамды Аллахка тең жана шерик» тутуу дегенди билдирет; муну болсо Аллах Куранда чоң бир күнөө болгон ширк (Аллахка шерик кошуу) деп билдирген:

**Адамдардын арасында кээ бирөөлөр Аллахтан башка нерселерди (Аллахка) тең (шерик) кылып алышат (жана) аларды Аллахты сүйгөндөй сүйүшөт. Ыймандуу адамдар болсо Аллахты көбүрөөк сүйүшөт. Ал зулумдук кылгандар азапка жолугаар күнү сөзсүз бүт күч-кудуреттин толугу менен Аллахтыкы экенин жана Аллах берген азаптын чынында күчтүү (оор) экенин бир билишсе эле. (Бакара Сүрөсү, 165)**

Жогорудагы аятта да кабар берилгендей, ыймандуулар болсо Аллахтын ыраазычылыгын бүт нерседен жогору коюшат. Бул ушунчалык маанилүү жагдай: эгер адамдын жашоосу ушул негизге таянса, адам дайыма Аллахтан башка корко турган, тартына турган, муктаж боло турган, моюн сунула турган бир жандык, нерсенин жок экенин билип, ошого жараша аракет кылат. Мындай аң-сезим менен чыныгы бир эркиндикке жетип, ошол эле учурда чексиз күч-кудурет ээси бир Доско (Вели) ээ болгон жана эч жеңилбес бир адамга айланган болот. Натыйжада бүт нерселердин бардык муктаждыктарын камсыздаган, ички бейпилдик жана тынчтык берген, кыйынчылык жана муктаждыкта болгонго жардам берген, бүт адамдардын кылгандарынын сыйлык же жазасын кемчиликсиз берген жана коргоочу Аллахтын ыраазычылыгына жетүүнү үмүт кылат. Куранда Аллахтын ыраазычылыгынын маанилүүлүгүнө мындай бир мисал менен көңүл бурулат:

**Үйүнүн түбүн (негизин) Аллах коркуусу жана ыраазычылыгы үстүнө курган адам жакшыбы, же болбосо үйүнүн түбүн кулай турган бир жардын бооруна куруп аны менен бирге өзү да тозок отунун ичине кулаган адамбы? Аллах зулумдук кылган бир коомго хидаят бербейт. (Тообо Сүрөсү, 109)**

Адамдардын көпчүлүгү кабылган эң чоң жаңылыштыктардын бири ушул: бүт жашоосун адамдарды ыраазы кылууга арноо. Чынында болсо аны жараткан жана жашатканды унутуп, адамдарды ыраазы кылуу үчүн сарпталган ар бир секунда, жасалган ар бир иш, аягында ал адамга азап болуп кайтат. Аллах бул жөнүндө Куранда ойлоно алгандар үчүн абдан хикматтуу бир мисал берген. Аятта мындайча буюрулууда:

**Аллах (шерик кошкондор үчүн) бир мисал берди: өз ара ынтымаксыз жана пикир келишпес, аны талашкан көп ээлери бар бир адам менен жалгыз бир адамга баш ийген бир адам. Бул экөөсүнүн абалы бирдей болмок беле?... (Зүмер Сүрөсү, 29)**

Аллах Ал каалаган негизде жашаган пенделерин дүйнөдө да, акыретте да мүмкүн болгон эң сонун жашоо менен жашатат. Бирок Аллахтын ыраазычылыгын көздөөдөн алыстап, өзү сыяктуу алсыз пенделер болгон адамдардан же башка жандыктардан бир нерсе үмүт кылгандар дайыма чоң бир туюк жана зулумдук ичинде болушат. Аллах муну бир аятында мындайча билдирген:

**Шексиз, Аллах адамдарга эч нерсе менен зулумдук кылбайт. Бирок адамдар өздөрүнө өздөрү зулумдук кылышууда. (Йунус Сүрөсү, 44)**

Ал тургай, Аллах менен башка кудайларды тутунуп алгандар аятта билдирилгендей, жектелген абалда өзү жалгыз, жардамсыз калтырылышат.

**Аллах менен бирге башка кудайларды тутунба, антпесе жектелген жана өз башыңча (жападан жалгыз жана жардамсыз абалда) таштalган болосуң. (Исра Сүрөсү, 22)**

Бул дүйнөдө Аллахты унутуп капылетке чумкугандар бүт иштеринде кыйынчылык, жүрөктөрүндө болсо азап толо, бейпилдик жана бактылуулукту эч сезе албай турган бир өмүр сүрүшөт. Негизи бул – жер жүзүндөгү кемчиликсиз жана кереметтүү системалар кокустуктар натыйжасында ишке ашууда деп ойлогон көз-карашка берилген адилеттүү бир жаза. Акыретте болсо алар үчүн шүгүрсүздүктөрүнүн жообу катары алоолоп күйгөн бир от бар.

«Аллахтан коркуунун» диндин негизи экенин унутпаңыз. Аллах бир гана Андан коркуп тартынганга, тууранı туура эместен айырмалоо жөндөмүн берет; бул болсо бир адам үчүн эң чоң немат-жакшылыктардын бири. Себеби кыска жана убактылуу дүйнө жашоосу да, өлгөндөн кийин баштала турган чыныгы түбөлүктүү жашоо да бир гана ушул түшүнүк менен эң сонун калыптанат:

**Оо, ыйман келтиргендер. Эгер Аллахтан корксоңор, силерге жакшылык менен жамандыкты ажырата турган илим-парасат берет, (кичинекей) күнөөңөрдү өчүрөт жана (чоң) күнөөңөрдү кечирет. Аллах – Улук пазилет ээси. (Анфал Сүрөсү, 29)**

Мындан тышкары, Куранда Аллахтын бар экенин билсе да, Аны зарыл деңгээлде тааный албаган жана Аллахтан коркуп-тартынбаган адамдардын бар экенине көңүл бурулат. Аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Айткын: «Асмандардан жана жерден силерге ырыскы берүүчү ким? Кулактар жана көздөрдүн ээси (малик болгон) ким? Тирүүнү өлүктөн чыгарган жана өлүктү тирүүдөн чыгарган ким? Жана иштерди ороп-курчаган ким? Алар: «Аллах» дешет. Андай болсо айткын: «Силер дагы эле коркуп-сактанбайсыңарбы?» Мына ушул силердин чыныгы Раббиңер – Аллах. Демек**

**акыйкаттан кийин адашуудан башка эмне бар? Кайда бурулуп баратасыңар? (Йунус Сүрөсү, 31-32)**

Аяттарда сүрөттөлгөн адам Аллахтын бар экенин билип турат, бул чындыкты тастыктоодо, бирок ошого карабастан, Аллахтан коркуп-тартынбоодо. Чыныгы момундар болсо Раббибизге карата терең бир коркуу ичинде болушат жана кыямат саатынан, эсеп күнүнөн корккондуктан, башка бир аятта кабар берилгендей, Аллахка карата «ичтери титиреп» турат.

Акыр аягында адам эмне гана кылбасын, ага эскертилгендерди эсинде тутуп пендечилик кылса да, бардык эскертүүлөрдү унутуп бир тарапка таштаса да, Аллахка кайта турган ал күндү көздөй ылдам алдыга жылып барат. Адамдар бул чындыктан бир аятта мындайча кабардар болушкан:

**Эй инсан, чынында сен эч токтобостон Раббиңди көздөй аракет кылуудасың; аягында Ага барасың. (Иншикак Сүрөсү, 6)**

Демек, Аллахтан башка күч-кудурет жок экенин эч унутпаңыз. Аллах эң улуу күч ээси. Бул чындыкты билбегендер Аллахтан башкаларын дос жана орток тутушат, болгондо да алардан Аллахтан корккондой коркушат. Чынында болсо эч бир адам же коом Аллахтан көз-карандысыз, өз алдынча бир күчкө ээ эмес. Бүт жандыктар Аллахка моюн сунган. Асмандарда жана жердегилердин баары, кааласа да, каалабаса да Аллахка моюн сунушкан жана Анын башкаруусунда. Жалгыз бир клеткадан миллиарддаган галактикага, адамдардан жаныбарларга, тоолордон шамалдарга чейин бүт нерсе, жандыктар ааламы Аллахка моюн сунган. Демек Аллахка төмөнкү аятта билдирилгендей шүгүр кылууну унутпаңыз:

**Алардын үстүнө минип, анан түздөлүп, Раббиңердин нематын эскеришиңер жана: «Буларды биз үчүн моюн сундурган (Аллах) кандай Улук, болбосо биз муну (өз кызматыбызга) жакындата албайт элек» дешиңер үчүн. (Зухруф Сүрөсү, 13)**

Эч ким Аллахтын башкаруусу жана каалосунан тышкары кыймылдай албайт, жалгыз бир сөздү да айта албайт. Ошол үчүн сизге айтылган ар бир сөз, башыңызга келген ар бир окуя Аллахтан; б.а. Велиңизден, чыныгы, жалгыз Досуңуздан... Эгер ыймандуу болсоңуз, жамандык сыяктуу көрүнгөн нерселердин артында да сөзсүз сиз үчүн бир жакшылык жана сулуулук жашырылган; Аллах муну билет, сиз болсо билбешиңиз мүмкүн. Сиз кандай гана абалга кабылбаңыз, бул чындыкты ойлонуп кыймыл-аракет кылууну унутпаңыз.

Аллахтын абдан кечиримдүү экенин, тообо мүмкүнчүлүгүнүн сиз үчүн дайыма бар экенин унутпаңыз. Сиз кандай гана катага түшпөңүз, чын ниеттүү бушаймандык менен жана экинчи кайталабайм деген ниет менен Аллахка багытталганыңызда, Аллахтын тооболорду кабыл кылуучу жана коргоочу экенин көрөсүз. Чын пейилден баш тартылган ар бир катаны, күнөөнү кечирээрин Аллах пенделерине мындайча билдирет:

**(Менден аларга) Айткын: «Эй өз зыянына чектен чыккан пенделерим. Аллахтын ырайымынан үмүт үзбөгүлө. Шексиз, Аллах бүт күнөөлөрдү кечирет. Себеби Ал кечиримдүү, коргоочу.» (Зүмер Сүрөсү, 53)**

Бул дүйнөдө ар бир катанын, күнөөнүн кайра кайтуу, тообо мүмкүнчүлүгү жана кечирилүү үмүтү бар. Аллахтын双 дининде адам өтмүштө кылгандарынын жүгүн көтөрүп жүрүүгө мажбур эмес. Аллахтан кечирүүсүн сурап, чын жүрөктөн Ага багытталганда, аны бул жүктөн куткарат жана эми бул адамдын акыркы абалы маанилүү болот. Бирок унутпаңыз, Аллах чын пейилдүү болгонуңузда гана тообоңузду кабыл кылат, өлүм сизге келип калганда эмес...

Куранда адашкандыгы жана Аллахка карата бой көтөрүшү менен таанытылган фараон да чөгөөрүн түшүнгөндө тообо кылып баштаган. Аллах өлүм учурунда кылынган тообонун өкүмүн аяттарында мындайча кабар берген:

**Аллах кабыл кыла турган тообо – бир гана билбестик (караңгылык) себебинен жамандык кылып, артынан ылдам тообо кылгандардын (тообосу). Аллах ушундайлардын тооболорун кабыл алат. Аллах – билүүчү, өкүмдар жана даанышман. Ал эми күнөө кылып жүрө берип, качан алардан бирине өлүм келгенде гана «мен эми тообо кылдым» дей турган адамдардын жана каапыр бойдон өлгөндөрдүн тооболору кабыл кылынбайт. Андай адамдарга Биз жан ооруткан азапты даярдап койгонбуз. (Ниса Сүрөсү, 17-18)**

Аллахтын чексиз сабыр ээси экенин унутпаңыз. Аллах кылган каталары үчүн адамдарга белгилүү бир мөөнөт берет. Бул абал кылган бир күнөөсүнүн артынан жообун (жазасын) ошол замат албаган адамдарды эч жаңылтпашы керек. Себеби Аллах пенделеринин зулумдуктарына карата аларга мөөнөт берүүчү. Эгер адам муну түшүнүп, Аллахтын кечиришин тилесе, Аллахтын кечиримине жолугат. Тескерисинче кылган күнөө иштеринде өжөрлүк кылса жана Аллахтын буйруктарынан жүзүн бурса, кылган жамандыктарынын натыйжасын сөзсүз татат:

**Эгер Аллах адамдарды зулумдуктары үчүн (ошол замат) суракка тарткан болгондо, анын бетинде (жер жүзүндө) жандуулардан эчтеке калбайт эле; бирок аларды белгиленип коюлган бир мөөнөткө чейин кечиктирүүдө. Алардын ажалдары жеткенде, бир саат кечиктирилбейт да, эртерээкке да жылдырылбайт. (Нахл Сүрөсү, 61)**

Аллахка кулчулук (ибадат) кылуудан башка жолуңуз жок экенин унутпаңыз. Себеби Аллах адамдарды Өзүнө кулчулук кылышы үчүн жаратканын бир аятында мындайча билдирген:

**Мен жиндерди жана инсандарды жалаң гана Мага ибадат кылышсын деп жараттым. (Зарият Сүрөсү, 56)**

Биз ээ болгон бүт нерсени берген, бизди Жараткан, жашаткан, кийин каалаган убакта өмүрүбүздү токтотуучу Раббибизге баш ийип, Ал каалагандай бир өмүр сүрүү эч үзүлбөгөн бир туткага жабышкан сыяктуу:

**Ким жакшылык кылган (адам) болуп, жүзүн (өзүн) Аллахка тапшырса, эми чындыгында ал үзүлбөгөн бир туткага жабышкан болот. Бүт иштердин аягы Аллахка барат. (Локман Сүрөсү, 22)**

## Демек «РАББИБИЗ БОЛГОН АЛЛАХТЫ» эч унутпаңыз...

**Мына Раббиңер болгон Аллах ушул. Андан башка кудай жок. Бүт нерсенин Жаратуучусу, демек Ага кулчулук кылгыла. Ал бүт нерсенин үстүндө бир өкүл. Көздөр Аны көрө албайт; Ал болсо бардык көздөрдү көрүп турат. Ал Латиф, (баарынан) Кабардар. (Энъам Сүрөсү, 102-103)**

# ЖОЛ КӨРСӨТҮҮЧҮНҮН КУРАН ЭКЕНДИГИН УНУТПАҢЫЗ

**Алиф. Лам. Ра. Бул бир Китеп, Раббиңдин уруксаты менен адамдарды караңгылыктардан нурга, Ошол күчтүү жана мактоого татыктуунун жолуна чыгарышың үчүн сага түшүрдүк. (Ибрахим Сүрөсү, 1)**

Куран – адамдар Аллахты таанышы, Анын жалгыз Кудай экенин билиши, Раббибизге кандайча кулчулук (ибадат) кылаарын үйрөнүшү жана акыл ээлери жакшылап сабак алып ойлонушу үчүн Аллах Кабатынан жөнөтүлгөн бир Китеп. Жол көрсөтүүчүбүз болгон Куранда Аллах бизге муктаж боло турган бүт нерсебизди түшүндүрүүдө, Өзү ыраазы боло турган жолдорду көрсөтүүдө жана Ага кулчулук кылуунун сонун натыйжасын сүйүнчүлөөдө:

**... Биз Китепти сага бүт нерсенин түшүндүрмөсү, Мусулмандарга бир хидаят (туура жол), бир ырайым жана бир сүйүнүчтүү кабар катары түшүрдүк. (Нахл Сүрөсү, 89)**

Куран – Аллахтын пенделерине жөнөткөн Акыйкат Китеби. Ыймандуулар үчүн Аллахтан бир кеңеш, шыпаа жана рахмат. Бул маанилүү чындыкты түшүнө алган момундар (ыймандуулар) Курандын ар бир аятын терең терең ойлонуп, бүт жашоосун ошого ылайык жашашат. Аллах момундардын абийирлеринде жообун издеген ар бир суроосунун жообун Куранда түшүндүргөн:

**Ант болсун, Биз аларга бир Китеп алып келдик; ыйман келтире турган бир коомго бир хидаят (туура жол) жана бир ырайым катары бир илимдин үстүндө аны ар кандай мисалдар менен түшүндүрдүк. (Аьраф Сүрөсү, 52)**

Аллах Өзү ыраазы боло турган адеп-ахлакты Куранда сүрөттөгөн. Ошондуктан ар бир адам Куран менен жашоого, т.а. өкүмдөрүн аткарууга милдеттүү. Адамдар дүйнө жашоосунда кылгандарынын эсебин бере турган күнү Курандан суралышат. Ушул себептен, бүт кыймыл-аракеттериңиздин, ойлонуу калыбыңыздын, алган чечимдериңиздин, кыскача айтканда, жашоо калыбыңыздын коомдун көпчүлүгүнө эмес, бир гана Куранга ылайыктуу болушу керек экенин унутпаңыз. Куранга ылайык жашоо адамды кутулууга жеткире турган жалгыз жол.

Бирок динди Куранга ылайык жашай алуу үчүн, албетте, аны окуу жана түшүнүү керек. Айланаңыздагы адамдар муну кылбай жаткан болушу мүмкүн. Адамдардын көпчүлүгү Куран аяттарын билишпейт, билгендер да маанисин түшүнбөстөн, бир гана Арапча окулушун жаттап жаткан болушу мүмкүн. Ал тургай Куранга өздөрүнүн батыл (негизсиз) ишенимдери менен баа берип (Аллахты аруулайбыз), бир талисман (тумар) китеби сыяктуу көрүшүп, үйлөрүндө шкафтарынын үстүнө гана коюп коюшкан болушу мүмкүн. Эгер кутулууга жеткиңиз келип жатса, сиз бул көпчүлүккө эмес, Раббибиздин буйругуна баш ийиңиз; Аллахтан бир сабак жана эскертүү катары түшүрүлгөн Куранды окуңуз жана өкүмдөрүн үйрөнүңүз. Себеби Аллах аяттарында Курандын адамдарга жөнөтүлүү себептерин бизге мындайча билдирүүдө:

**Мына ушул (Куран) эскертилип коркутулушсун, чындыгында Анын жалгыз бир Кудай экенин билишсин жана таза акыл ээлери жакшылап сабак алып ойлонушсун деп (түшүрүлгөн) бир эскертүү. (Ибрахим Сүрөсү, 52)**

**(Бул Куран) Аяттарын жакшылап ойлонушсун жана таза акыл ээлери сабак алышсын деп сага (Биз) түшүргөн мубарек (куттуу) бир китеп. (Сад Сүрөсү, 29)**

Жогорудагы аяттарда да көрүлгөндөй, Аллах бир гана Куранга ылайык ыйман келтирген таза акыл ээлеринин сабак ала алаарын билдирген. Жана унутпаңыз, Куран сабак алып, ойлоно алышыңыз үчүн жеңилдетилген. Аяттарда мындайча буюрулууда:

**Аллахтан башка бир өкүмдар издейинби? Чынында болсо Ал силерге Китепти (толук) баяндоочу кылып түшүрдү. Биз китеп берген элдер мунун чынында Раббиңден акыйкат катары түшүрүлгөнүн билишет. Демек эч шектенүүчүлөрдөн болбогун. (Энъам Сүрөсү, 114)**

**Биз аны (Куранды) апачык аяттар кылып түшүрдүк; шексиз Аллах каалаганын хидаятка (туура жолго) багыттайт. (Хаж Сүрөсү, 16)**

Булардан тышкары, унутпаш керек болгон абдан маанилүү дагы бир чындык бар: Куран ыймандуулар үчүн туура жолду көрсөтүүчү болгон сыяктуу, каапырлар үчүн болсо адаштыруучу болушу мүмкүн. Эсеп күнү Аллахтын алдына бараарына ишенбеген, Курандын Раббибизден бүт адамдарга түшүрүлгөн акыйкат китеп экенин түшүнө албаган кээ бир адамдар аяттардагы хикматтарды (терең сырларды) да түшүнө алышпайт. Аяттарга кезигишкенде сокур жана дүлөйлөрдөй болушат. Мындай адамдардын абалы Куранда мындайча кабар берилген:

**Куран окуп жатканыңда сени менен акыретке ишенбегендер арасына көрүнбөс бир парда койдук. Жана алардын жүрөктөрүнө аны аңдап-түшүнүүлөрүнө тоскоол болуучу тосмолорду, кулактарына бир оордук койдук. Сен Куранда Раббиңди гана «бир жана жалгыз» (Кудай) катары эскергениңде, «жаман көрүү менен качып», артты көздөй кетишет. (Исра Сүрөсү, 45-46)**

Албетте, баш тартуучулар (каапырлар) кабылган мындай абалдын булагы – бул алардын чын пейилдүү болбошу, Аллахтын буйруктарын унутуп өз каалоо жана амбицияларына ылайык аракет кылышы. Баш тартуучулар акылы төмөндүгүнөн улам мындай мисалдарды беришет:

**Биз ал оттун коргоочуларын периштелерден кылдык. Жана алардын санын каапырлар үчүн бир фитна (темасы) гана кылдык; (натыйжада) китеп берилгендер чыныгы бир илим менен ишенишсин, ыйман келтиргендердин да ыймандары артсын; китеп берилгендер жана ыйман келтиргендер (ушундайча) шектенүүгө түшүшпөсүн деп. Жүрөктөрүндө бир оорусу барлар жана каапырлар болсо мындай дешсин: «Аллах бул мисал менен эмне дегиси келди?» Аллах**

**каалаганын ушинтип адаштырат, каалаганын ушинтип хидаятка жеткирет. Раббиңдин аскерлерин Андан башка (эч ким) билбейт. Бул болсо адам үчүн болгону бир сабак (кеңеш). (Мүдессир Сүрөсү, 31)**

Ыймандуулар болсо такыр башка маанайда болушат. Алар Аллахтан аларга түшүрүлгөн аяттарды угушканда, ылдам сөздүн эң сонунун ээрчишет жана дүйнөдө да, акыретте да кутулууга жетишет. Алардын аяттарга карата мындай өрнөк мамилелери болсо Куранда мындайча билдирилген:

**Аллах мүтешабих (бири-бирине окшош), экиден болгон бир китеп катары сөздүн эң жакшысын түшүрдү. Раббилеринен ичи титиреп-корккондордун Андан терилери титирейт. Анан алардын терилери жана жүрөктөрү Аллахты эстеп жумшарып калат. Мына ушул Аллахтын жол көрсөтүшү, аны менен каалаганын хидаятка жеткирет. Аллах кимди адаштырса, эми ал үчүн бир жол көрсөтүүчү жок. (Зүмер Сүрөсү, 23)**

Унутпаңыз, эгер Аллахтан коркуп-тартынып жатсаңыз, анда сиздин да Анын аяттарын укканыңызда жүрөгүңүз жумшарып, тынчтанышы керек. Себеби Аллах ыкластуу (чын пейилден) ыйман келтиргендердин Курандын Акыйкат экенин түшүнө алаарын бизге билдирген. Курандын Акыйкат экенинен шектенгендер болсо – бул бир гана баш тартуучулар. Аллах аяттарында мындай буюрууда:

**(Ошондой эле) Аларга илим берилгендердин мунун (Курандын) эч талашсыз Раббилеринен келген бир чындык экенин билиши үчүн; ушундайча ага ыйман келтиришсин жана жүрөктөрү ага ыраазы болгон абалда байлансын. Шексиз, Аллах ыйман келтиргендерди туптуура жолго багыттайт. Каапырлар болсо кыямат-сааты аларга кокустан келгенге чейин же үзүлгөн (натыйжасыз) бир күндүн азабы аларга жеткенге чейин андан (Курандан) шектенип жүрө беришет. (Хаж Сүрөсү, 54-55)**

Сиз дагы сурак күнү Курандан суралаарыңызды унутпаңыз. Аллах бул чындыкка «Демек, сага вахий кылынганга бекем карман; себеби сен туптуура жолдосуң. Жана, шексиз ал (Куран) сен жана коомуң үчүн чынында бир зикир. Силер (андан) сураласыңар.» (Зухруф Сүрөсү, 43-44) аяттары менен көңүл бурган. Адамдардын көпчүлүгүнүн Курандан алыстап, аны таштап койгон болушу сизди эч жаңылтпасын. Себеби көп адамдар 60-70 жашка чейин жашаарына кепилдик бар сыяктуу, Куранды окуп, үйрөнүүнү улгайган куракатарга калтырууну туура көрүшөт. Жаш куракта динге ылайык жашоо бизди көп нерседен куржалак калтырат деп ойлошот. Чынында болсо мындай ыклассыз (алдамчы) логикалары менен өздөрүнө өздөрү жаман бир натыйжа даярдашат.

Аллахка кандайча кулчулук кылаарыңызды сизге түшүндүргөн жана жалгыз жол көрсөтүүчү болгон китеп – бул Куран. Бүт жашооңузду Курандын өкүмдөрүнө жана Пайгамбар Мырзабыздын (сав) сүннөтүнө ылайык түзүшүңүз шарт. Себеби ыйман келтирсин, келтирбесин, бүт адамдар сурак күнү Курандан суралат. Унутпаңыз, чын пейилден (ыкластуу) анын өкүмдөрүн аткарганыңызда гана түбөлүк азаптан кутулууну жана бейишке жетүүнү үмүт кыла аласыз.

# АР БИР БОЛУП ЖАТКАН ОКУЯНЫН ТАГДЫР ЭКЕНДИГИН УНУТПАҢЫЗ

**Эч шексиз, Биз бүт нерсени бир тагдырга ылайык жараттык. (Камер Сүрөсү, 49)**

Жогорудагы аятта билдирилгендей, бар болгон бүт нерсе чексиз акыл жана илим ээси Аллах аныктаган тагдырга баш ийет. «БОЛ» сөзү менен бүт нерсени бир заматта жараткан Аллах бир гана адамдардын эмес, бүт нерселердин, жандыктардын тагдырын аныктаган. Бул абсолюттук чындыкка ыйман келтиргендер Аллах чексиз акылы менен буйруп койгон тагдырга чын көңүлдөн моюн сунуп жашашат. Унутпаңыз, бүт нерсе Анын башкаруусунда, жана кааласа да, каалабаса да бүт нерсе Аллахка моюн сунган.

Бирок эл арасында өзгөчө тагдыр менен байланыштуу көптөгөн туура эмес түшүнүктөр бар. Сабатсыз көз-караштарынан улам бул жөнүндө бүт адамдар ойлонбостон сүйлөй беришет. Болгондо да мунун Аллах ыраазы болбой турган бир кыймыл-аракет экенин да унутуп коюшуп... Ырларда, ыр саптарында, күнүмдүк маектерде билип же билбей туруп тагдырга баш көтөрүү маанисине келген сөздөрдү колдонушат. Туура эмес логикадан келип чыккан «тагдырын жеңүү», «тагдырын өзгөртүү» сыяктуу бир катар туура эмес сөздөр да коомдо абдан кеңири тараган. Бул логикадагы адамдар кээ бир күтүү жана божомолдорун «тагдыр» деп аташып, булардын ишке ашпаганын көргөндө болсо, тагдыр аныкталганы боюнча болгон жок, өзгөрдү деп ойлошот. Мындай туура эмес логикалар тагдырдын маанисин толук түшүнбөөчүлүктөн келип чыгат.

Тагдыр – бул убакыт жана мейкиндик түшүнүктөрүн жоктон жараткан жана буларды толугу менен көзөмөлдөп жана башкарып турган, убакыт жана мейкиндиктен көз-карандысыз Аллахтын өтмүш жана келечектеги бүт окуяларды убакытсыздык өлчөмүндө билиши жана жаратышы. Жашалган жана жашала турган бардык окуялардын тизмеги көз ирмем сайын, бүт майда-бараттарына чейин Аллах Кабатында пландалып жаратылган.

Убакытты Аллахтын жаратканын, ошондуктан Раббибиздин убакытка көз-каранды эмес экенин, натыйжада «Ал жараткан окуяларын, жараткандары менен бирге карап, алардын натыйжасын күтөт» деген сыяктуу бир түшүнүктүн мүмкүн эмес экенин унутпаңыз.

Аллах Кабатында бүт нерсенин башы да, аягы да, түбөлүктүүлүн тизмегиндеги орду да белгилүү. Бүт нерсе болуп бүткөн. Ошондуктан, адамдардын тагдырды өзгөртүү күчү да, мүмкүнчүлүгү да жок. Тескерисинче, адамдарды аныктоочу жана таасирдүү бир бөлүк. Бүт нерсеси менен бирге тагдырдын бир бөлүгү болгон бир адам ал тагдырдан көз-карандысыз кыймыл-аракет жасай албайт. Тагдырын өзгөртө алгыдай тагдырдын сыртына чыга албайт. Бул бир видео тасмадагы актердун тасмадан сыртка чыгып, материалдык абалга келип, видеону башкарып, өзү турган тасмада өчүрүүлөрдү, кошумчаларды, өзгөртүүлөрдү жасашына окшошот. Мындай нерсенин ишке ашышы болсо, албетте, мүмкүн эмес.

Ошондуктан, «тагдырды жеңүү», «тагдырдын агымын өзгөртүү» сыяктуу бир нерсе мүмкүн эмес. Бул сыяктуу сөздөр толугу менен туура эмес. «Мен тагдырымды өзгөрттүм» деген бир адамдын да чындыгында тагдырында жазылуу болгон бир сүйлөмдү айтканын эч унутпаңыз.

Мисалы, бир адам бир топ күн бою комада жатышы мүмкүн, кайра жашоого кайтышы эч мүмкүн эместей көрүнүшү мүмкүн. Бирок ал адамдын күтүлгөндүн тескерисинче оорудан айыгышы ал

«тагдырын жеңди» же докторлор анын «тагдырын өзгөрттү» дегенди билдирбейт. Мындай кутулуу ал адамдын тагдырында ал үчүн аныкталган мөөнөттү али жашап бүтө элек экенин көрсөтөт. Бул да ошол эле тагдырдын бир бөлүгү гана. Бүт окуялар сыяктуу комадан чыгуу да Аллах Кабатында жазылып аныкталган:

**... Өмүр сүргөнгө өмүр берилиши жана анын өмүрүнөн кыскартылышы да сөзсүз бир китепте (жазылуу). Чындыгында бул Аллах үчүн оңой. (Фатыр Сүрөсү, 11)**

**Аллахтын уруксаты болмоюнча, эч бир напси үчүн өлүм жок. Ал мөөнөтү аныкталган бир жазуу... (Али Имран Сүрөсү, 145)**

Албетте, биз убакыт жана мейкиндикке көз-каранды болгондуктан, бизди Жараткан жана бүт нерседен көз-карандысыз болгон Аллах жараткан тагдырды алдын-ала билишибиз да мүмкүн эмес. Биздин милдетибиз – бул Аллахтын убакыт жана мейкиндиктен толугу менен көз-карандысыз экенине ыйман келтирүү.

Дагы бир нерсени унутпаңыз; Аллах бүт окуяларды диндин кызыкчылыгына жана момундардын акыретине пайдалуу боло тургандай кылып пландаган. Демек ыйман келтирген бир адамдын окуяларга моюн сунбоочулук кылышы мүмкүн эмес. Бүт абалдын бир тагдыр менен жана Аллахтын буйругу менен жаратылганын унутуу же көрмөксөн болуу – бул адам өзүнө-өзү кылган эң чоң зулумдуктардын бири; себеби адам мындай унутуунун натыйжасында чоң азаптарга кирет. Мындан тышкары, адамдын бул чындыкты кабыл албашы боло турганды өзгөртпөйт. Кааласа ыйман келтирип баш ийсин, же баш ийбесин, баары бир бүт иш Аллах бүт адамдар үчүн бир-бирден аныктап койгон тагдырдын ичинде ишке ашууда. Аллах бул чындыкты төмөнкү аяты менен көрсөткөн:

**Жер жүзүндө болгон жана силердин напсиңерде пайда болгон ар кандай нерселердин (окуялардын) баарын Биз жаратуудан мурда бир китепте (жазып) койгонбуз. Шек жок, бул – Аллах үчүн абдан жеңил. (Хадид Сүрөсү, 22)**

Бул аяттан да көрүнүп тургандай, адам ишенсе да, ишенбесе да, анын башына келген бүт нерсени Аллах мурдатан толук аныктап койгон. Дүйнө жаралгандан бери жашаган бүт адамдардын төрөлүшү да, өлүмдөрү да кошо бүт иштер Раббибиздин буйругу менен, бираз мурда да эмес, бираз кийинчерээк да эмес, дал Аллах белгилеген убакытта ишке ашууда.

**Силерди ылайдан жараткан, анан бир ажал белгилеген Ал (Аллах). Белгиленген ажал Анын Кабатында... (Энъам Сүрөсү, 2)**

Жер жүзүндөгү жана адамдардын напсилеринде болгон ар бир абал Аллах каалламайынча өзгөрбөйт, демек дайыма Ага тобокел кылуу – Аллах пенделеринен каалаган жана адамдын табиятына туура келген мамиле болот. Аятта момундардын мындай дешээри кабар берилген:

**Айткын: «Биз Аллах биз үчүн жазгандарынан башка, эч качан эч нерсеге кабылбайбыз. Ал – биздин Мевлабыз (Досубуз). Жана момундар (ыймандуулар) бир гана Аллахка тобокел кылышсын. (Тообо Сүрөсү, 51)**

Аллах «Биз силерди жамандык менен да, жакшылык менен да текшерип, сынап жатабыз жана силер Бизге кайтарыласыңар.» (Анбия Сүрөсү, 35) аятында билдиргендей, момундарды ар кандай жолдор менен сынайт. Ошондуктан, момундар жакшы окуялар менен бирге кээде жамандай көрүнгөн окуяларга да кабылышы мүмкүн. Бирок унутпаңыз, бүт нерсе Аллахтын каалоосу менен жаратылгандыктан, ыймандуулар үчүн эң жакшы абалда натыйжаланат:

**...(Кээде) бир нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн. Чынында ал силер үчүн жакшылык. Ошондой эле (кээде) силер жакшы көргөн нерсе өзүңөргө жамандык болуп чыгат. Аллах билет, силер билбейсиңер. (Бакара Сүрөсү, 216)**

Аллахка ишенип, Анын туура жолунда жүргөндөр дайыма тагдырга моюн сунуунун бейпилдигин жана бакытын жашашат. Себеби тагдырга толук моюн сунган адам үчүн аны коркута турган же кайгырта турган эч нерсе жок. Аллах момун (ыймандуу) пенделерине бул дүйнөдө да, акыретте да эң сонун жашоону жашатат жана ыраазычылыгын көздөшсө, Өзү коргоого алат. Мындан тышкары, Аллах бир окуядагы жакшылыкты сөзсүз бул дүйнөдө көрсөтпөшү мүмкүн. Бирок дүйнөдө момун үчүн жамандык сыяктуу көрүнгөн бир окуя анын акыретте өйдөрөөк даражага жетишине да себепчи болушу мүмкүн. Мисалы, дарылоо кыйын болгон бир ооруга чалдыккан момун ызы-чуу салбайт; тескерисинче ооруну аны Аллахка жакындата турган бир мүмкүнчүлүк катары баалайт. Натыйжада унутпоо керек болгон эң маанилүү нерсе – бул Аллахтын бүт окуяларды ыкластуу пенделерин коргой турган жана аларды акыретте жакшылыкка жеткире турган кылып пландагандыгы.

**Эч шексиз, менин велим (досум) Китепти түшүргөн Аллах жана Ал ыкластууларды коргойт (алардын Велиси). (Аьраф Сүрөсү, 196)**

Башына келиши мүмкүн болгон ар бир окуяда хикмат (терең сыр) бар экенин унутпастан кыймыл-аракет кылганда, жасаган ар бир кадамында Аллахтын аларды коргоп турганын сезип турушат. Ошондуктан кандай жана каерде, кайсы жумушту жасап жаткан болбосун, Аллахтын бүт кылгандарын эң жакшы билээрин эч эсинен чыгарышпайт.

Негизи бүт нерсенин, мурдасы жана кийини менен бирге, Аллах Кабатында жазылуу экенин, Аллах жазгандан башка эч кимге эч нерсе келбешин, кантип, каерде жана кайсы жумушту кылып жатсак да, Аллахтын бардык кылып жаткандарыбызды абдан жакшы билээрин, чексиз акыл менен пландалган бир тагдырга моюн сунганыңызды эч унутпаңыз.

## СИЗДИ ЖОЛДОН ЧЫГАРУУ ҮЧҮН БАРДЫК АРАКЕТИН ЖУМШАГАН ШАЙТАНДЫН БАР ЭКЕНДИГИН

# УНУТПАҢЫЗ

**«Эй Адам балдары, Мен силерге ант берген эмес белем: «шайтанга кулчулук кылбагыла, себеби ал силер үчүн апачык бир душман; Мага кулчулук кылгыла, туура жол ушул» (деп). Ант болсун, ал силерден көптөгөн адам урпактарын адаштырган эле. Дагы эле акылыңарды колдонгон жок белеңер? (Йасин Сүрөсү, 60-62)**

Сизди Аллахтан, Анын дининен жана Курандан алыс кылуудан башка максаты жок бир душманыңыз бар экенин эч унута көрбөңүз. Себеби ал сизди бир саамга да унутпайт; милдетин аткаруу үчүн дайыма мүмкүнчүлүк күтүп, жашынып отурат. Сизди сиз аны көрө албаган тараптан көрүп турат жана сизди тузакка түшүрүүнүн миң түрдүү жолун издөөдө. Эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул тымызындык. Ыкмалары, тактикалары, оюндары ар бир адамга карап өзгөрүп турган сыяктуу; убакыт, жер жана шарттарга жараша да өзгөрүшү мүмкүн. Мына ушул душман – бул Аллах Кабатынан куулган шайтан.

Шайтан көп адам ойлогондой, ойдон чыгарылган бир жандык эмес. Дүйнөдө сыноонун бир талабы катары бар болгон шайтандын кыймыл-аракеттеринен дайыма сак болуу керек. Себеби шайтан Аллахка баш көтөрүп, Анын пенделерин адаштырууга ант ичкен. Шайтандын мындай баш көтөрүшү Куранда төмөнкүчө баяндалган:

**Ант болсун, Биз силерди жараттык, анан силерге келбет бердик, кийин периштелерге: «Адамга сажда кылгыла» дедик. Алар болсо иблистен башкасы сажда кылышты; ал сажда кылуучулардан болбоду. (Аллах) Айтты: «Сага буйруганымда, сени сажда кылуудан эмне тосту?» (Иблис) Айтты: «Мен андан жакшымын; мени оттон жараттың, аны болсо ылайдан жараттың.» (Аллах:) «Андай болсо түш ал жерден, ал жерде текеберленүү сенин (акың) эмес. Ылдам чык. Чынында сен (басынып) уят болгондордонсуң.» Ал болсо: «(адамдар) тириле турган күнгө чейин мага мөөнөт бер» деди. (Аллах:) «Сен мөөнөт берилгендерденсиң» деди. Айтты: «Анда, мени адаштырганың үчүн аларды (адамдарды адаштыруу үчүн) сөзсүз Сенин туптуура жолуңда (күтүп) отурамын.» «Кийин сөзсүз алдыларынан, арттарынан, оң жагынан жана сол тарабынан (азгырганы) келемин. Алардын көпчүлүгүн шүгүр кылган абалда таппайсың.» (Аллах) Айтты: «Жек көрүлгөн, басмырланган жана куулган абалда ал жерден чык. Ант болсун, алардан ким сени ээрчисе, тозокту силер менен толтурам.» (Аьраф Сүрөсү, 11-18)**

Жогорудагы аяттардан да ачык көрүнүп тургандай, шайтан адамдын апачык душманы. Бүт адамдарга душман болгон бул жандык сизге да дайыма куру кыял жана азгырык берүүгө, сизди туура жолдон адаштырууга аракет кылат. Бирок бул жерде маанилүү бир жагдай бар; шайтандын эң негизги максаты, жогорудагы аяттарда да айтылгандай, сизди жана бардык адамдарды өз жолуна салуу. Куулган шайтан сизди тозокко киргизгенге чейин тынчыбайт. Демек, дайыма андан сак болушуңуз жана эч бир чакырыгына бир саам үчүн да ээрчибешиңиз керек экенин эч унутпаңыз.

Бирок бул жерде унутпаш керек болгон абдан маанилүү бир чындык бар: шайтан Аллахтан көз-карандысыз бир күч эмес. Шайтанды жараткан жана башкарып турган – бул Аллах. Ал да Аллах

жараткан бир жандык жана Аллахтын уруксаты менен гана кыймыл-аракет кылууда. Бул дүйнөдөгү сыноо учурунда чындап ыйман келтирген менен, келтирбегендин бөлүнүшү үчүн милдеттендирилген. Шайтан Аллахтын эрк жана каалоосунун чегинде гана кыймыл-аракет жасай алат. Ага белгиленген мөөнөт бүткөндө, жазасын тартуу үчүн ал да адаштырган адамдары менен бирге тозокко ташталат:

**Ант болсун, сен жана араларынан сени ээрчигендердин баары менен тозокту толтурам.» (Сад Сүрөсү, 85)**

Сиз шайтандын ыймандууларга карата эч бир күчү жок экенин унутпаңыз. Аятта билдирилгендей, шайтандын күчү ыкластуу ыйман келтирбеген адамдарга өтөт.

**Ал айтты: Раббим, мени жолдон чыгарган нерсең үчүн, ант болсун, мен дагы жер жүзүндө аларга (сага баш көтөрүүлөрүн жана дүйнө байлыктарын) көздөрүнө кооз кылып көрсөтөм жана алардын баарын сөзсүз азгырып жолдон адаштырам. Бирок алардан ыкластуу (мухлис) болгон пенделериңден башкасын. (Хижр Сүрөсү, 39-40)**

Шайтан Аллах ыймандуу кылып жараткан бир пендесин адаштыра албайт. Албетте, ыймандуулар ката кетириши мүмкүн. Бирок эч качан Аллахтын кечириминен үмүттөөүн үзүшпөйт. Шайтандын таасирин байкашаар замат ылдам Аллахка корголонуп, тообо кылышат. Шайтандын азгыруу таасиринин кимдерге өтөөрү Куранда мындайча баяндалган:

**Чынында, ыйман келтиргендер жана Раббилерине тобокел кылгандарга анын (шайтандын) эч кандай мажбурлоочу-күчү жок. Анын мажбурлоочу-күчү бир гана аны (шайтанды) дос туткандар жана аны менен Ага (Аллахка) шерик кошкондорго. (Нахл Сүрөсү, 99-100)**

Унутпаңыз, шайтан өзү сыяктуу сиздин да Аллахка карата кычкыл, урматсыз, моюн сунбас жана текебер болушуңузду каалайт. Жаман ахлактуу болушуңузду, Аллах ыраазы болбой турган ар кандай мамилени кылышыңызды жана Аллахка карата бир катар күмөндөрдө болушуңузду буйруйт; Анын күч-кудуретин жана улуулугун керектүү деңгээлде таанышыңызга тоскоол болууга аракет кылат. Аллах Куранда бул коркунучка өзгөчө көңүл бурган:

**Эй инсандар, жер жүзүндөгү нерселерди адал жана таза абалда жегиле жана шайтандын кадамдарын ээрчибегиле. Чынында ал силер үчүн апачык бир душман. Ал силерге бир гана жамандыкты, жаман-уятсыздыкты жана Аллах жөнүндө билбеген нерселериңерди айтууну буйрук кылат. (Бакара Сүрөсү, 168-169)**

Акыретти унуттура алган адамдарды өмүр бою келечек тынчсыздануусу ичинде жашатууга аракет кылат. Минтип жашаган адамдар бүт нерсенин Аллахтын башкаруусунда экенинен кабарсыз, Аллах аларга бир жакшылык каалаганда, эч кимдин буга тоскоол боло албашын болсо эч билишпейт. Алардын мындай капылеттикте болушу аларды Аллахка карата ар түрдүү кылмышты кылууга түртөт:

**Шайтан силерди кедейлик менен коркутат жана силерге жаман-уятсыздыкты буйрук кылууда. Аллах болсо силерге Өзүнөн кечирим жана көп жакшылык убада кылууда. Аллах (ырайымы) кеңири, билүүчү. (Бакара Сүрөсү, 268)**

Болгондо да шайтандын эң маанилүү тактикасы – бул анын булардын баарын жасап жатканда, адамдарга тымызын жакындашы. Аллах Куранда шайтанды «Тымызын, жүрөктөргө азгырык жана шектенүү түшүрүп туруучу» азгырыкчынын жамандыгынан (сакта). Ал адамдардын көкүрөктөрүнө азгырык салат (ичине шектенүү, куру ойлорду шыбырайт);» (Нас Сүрөсү, 4-5) деп сүрөттөгөн. Аятта да апачык билдирилгендей, адамдарга тымызын жакындаган шайтан аларды бош жана максатсыз иштер менен алаксытып, кылып жаткан жамандыктарын болсо аларга жагымдуу жана кооз кылып көрсөтөт:

**Аларга оор азабыбыз келгенде, жалбарышы керек эмес беле? Бирок алардын жүрөктөрү катуулашты жана шайтан аларга кылып жаткандарын жагымдуу (кооз) кылып көрсөттү. (Энъам Сүрөсү, 43)**

Жана эң маанилүүсү жүрөктөрү катуулаган, адашкан бир жолдо болгонуна карабастан, жакшы иш кылып жатам деп ойлогон мындай адамдар Аллахтын аяттарынан барган сайын алысташат. Раббибизди унутуп, шайтанды дос тутушат жана анын артынан ээрчип, азгырылышат. Аллах мындан адамдарды төмөнкүчө эскерткен:

**Аларга аяттарыбызды берген адамдын кабарын айтып бер. Ал мындан бөлүнүп-алыстаган, шайтан аны ээрчитип алган эле. Ал болсо аягында адашкандардан болгон эле. (Аьраф Сүрөсү, 175)**

Шайтандын ар адам үчүн ар кандай тактикаларды колдоноорун, сизди да алсыз бир жериңизден кармоого аракет кылаарын унутпаңыз.

Шайтан бүт адамзат тарыхы бою жашаган бардык адамдарга ар кандай жол менен жакындаган. Мисалы, динден алыс жашаган бир адамдын андан да алысташын камсыздай турган ыкмаларды колдонуп, аны толугу менен дүйнө жашоосуна багыттайт, Аллахка сурак берээрин унуттурат жана ушундайча өмүр бою динден алыс кармайт.

Ошол эле учурда ыймандууларга карата да иш-аракеттерин улантат. Ыймандуулардын ыкластуулук менен ибадат кылышына тоскоол болуу үчүн туура көрүп, чын ыкластан кылган ар бир ишине сөзсүз тоскоол болууга аракет кылат. Болгон күчү менен адамдын диндин талаптарынан аз-аздан болсо да алысташы үчүн аракеттенет. Текебердик, өзүмчүлдүк, унутчаактык, көңүл коштук, өзүн кемчиликсиз көрүү, ачуулануу жана намыстануу сыяктуу напси жакын болгон жагдайларды ар кандай калыптарга салып ыймандуугa жасатканга аракет кылат.

Шайтан, мындан тышкары, адамдарга узун мөөнөттүү пландарды түздүрүп, булар менен баштарын толтурууга аракет кылат. Күнүмдүк иштерге малып жана шылтоолорду чыгартып, ойлоруна да, Аллахты эстешине да тоскоол болууга аракеттенет.

Аллахка моюн сунган, эртеден кечке Аны эстеген, жер бетиндеги бардык окуянын Аллахтын башкаруусунда экенин билген жана ыкластуулук менен Раббибизге багытталган ыймандуулар шайтандын таасирлерине карата күчтүү болушат. Муну билген шайтан адамга өзгөчө Аллахты унуттурууга аракет кылат. Жана Аллахтан коркуп-тартынбагандарга сөзсүз таасир этет:

**Шайтан аларды ороп-курчаган; ушундайча аларга Аллахты эстөөнү унуттурду. Мына ошолор шайтандын жамааты. Көңүл бургула; шексиз шайтандын жамааты кыйроого кабылгандардын дал өзү (ошолор). (Мүжаделе Сүрөсү, 19)**

Адамдардын арасына кек жана душмандык салган, ортолорун ажыратып бузуучунун дайыма шайтан экенин унутпаңыз. Дүйнө жаралгандан бери болуп келген бардык согуштардан, уруштардан баштап эң жөнөкөй көрүнгөн талаштарга чейинки ар түрдүү душмандыктын артында «шайтандын кайроосу» бар. Аллах шайтандын адамдарды кайрап, күчөтөөрүн аятта мындайча билдирген:

**Көргөн жоксуңбу, Биз чынында шайтандарды каапырларга жөнөттүк, аларды түртүп-күүлөөдө. (Мерйем Сүрөсү, 83)**

Албетте, баш тартуучулар – бул шайтанды дос туткан, анын системасын кабылдаган адамдар. Ошондуктан, аны ээрчиши, бири-бирине карата кек жана душмандык туюшу толук табигый көрүнүш. Бирок шайтандын дагы бир өзгөчөлүгү бар: бул анын Аллахка ыйман келтиргендер арасына кек жана жек көрүү салууга аракет кылышы. Ушундайча аларды алсыздатып, Аллахка болгон моюн сунуучулугуна тоскоол боло алам дей ойлойт. Аллах мындай коркунучтан да пенделерин эскерткен жана кутулуу жолдорун көрсөткөн. Бир аятта мындайча буюрулууда:

**Пенделериме айткын сөздүн эң жакшысын сүйлөшсүн. Себеби шайтан араларын ажыратып бузууда. Шексиз, шайтан адамдын апачык бир душманы. (Исра Сүрөсү, 53)**

Шайтандын сизге дайыма тымызын азгырык берүүгө аракеттенээрин да унутпаңыз. Шайтан көп адамдар ойлогондой, кээ кээде пайда болуучу бир жандык эмес. Анын тымызын күрөшү сиз кайда гана барбаңыз, эмне гана кылбаңыз, бул өмүр бою уланат.

Шайтандын бар экенин унуткан бир адам анын шыбырларын өз акылымдан өткөн ойлор деп ойлошу мүмкүн. Ичинде тынымсыз баш көтөрүүнү жана жамандыкты шыбыраган үндүн шайтандыкы экенин түшүнө албашы мүмкүн. Бирок Аллахтын ыкластуу пенделери бул үндүн шайтангабы же өз абийиринеби тиешелүү экенин оңой гана айырмалай ала турган акыл жана аң-сезимге ээ. Аллах шайтандын азгырыктарынан жана тымызын шыбырларынан коргонуунун жолун аларга мындайча билдирген:

**Эгер сага шайтандан бир күүлөө (азгырык) келсе, ошол замат Аллахка корголон. Себеби Ал угуучу, билүүчү. (Аллахтан) Коркуп-тартынгандарга шайтандан бир азгырык жеткенде (алгач)**

**жакшылап ойлонушат (Аллахты зикир кылып, эстешет), анан кийин карасаң, байкап түшүнүшкөн болот. (Аьраф Сүрөсү, 200-201)**

Шайтандын сизди эч унутпашыңыз керек болгон чындыктарды унуттурууга аракет кылаарын эч унутпаңыз. Шайтан адамдарга таасир бере алуу үчүн көп колдонгон ыкмалардын бири – бул жогоруда да айтылгандай «унуттуруу». Ошондуктан шайтан адамды Аллахтын алдында жоопкерчиликтүү болгон ар бир нерсени унуттурууга аракеттенет. Аллахтын бүт тарабыбыздан курчап тураарын, тагдырга моюн сунаарыбызды, өлөөрүбүздү, Аллахка сурак берээрибизди унуттуруп, биз кыла турган жакшылык иштерге тоскоол болууну каалайт.

Мисалы, шайтан адамдардын Аллахка шүгүр кылышын каалабайт. Ошондуктан, айланадагы бүт нерсенин Аллахтын немат-жакшылыгы экенин унуттурууга аракет кылат. Акыретти унуттуруп, бул дүйнө жашоосун кооз жана кызыктуу көрсөтүп, адамдарды алдоого аракеттенет. Ар бир иште бир жакшылык бар экенин, өзгөчө кокус болгон окуяларда тобокелди жана тагдырды унуттурууга аракет кылат.

Аллах шайтандын адам аң-сезимине таасир берип, ар кандай нерселерди унуттурганына Куранда көп жолу көңүл бурган:

**Аяттарыбыз жөнүндө «шылдыңчыл талаштарга киргендер», алар башка бир сөзгө өткөнгө чейин, алардан жүз бур. Шайтан сага унуттурса, анда эстеген соң, эми зулумдук кылган коом менен бирге отурба. (Энъам Сүрөсү, 68)**

**... Аны эстешимди мага шайтандан башкасы унуттурган жок; ал болсо таң калыштуу абалда деңизде өз жолуна түштү. (Кехф Сүрөсү, 63)**

**... Бирок шайтан башчысына эстетүүнү ага унуттурду, натыйжада дагы көп жыл бою (Йусуф) зынданда калды. (Йусуф Сүрөсү, 42)**

Бардык мындай таасирлерине карабастан, шайтандын толугу менен Аллахтын башкаруусундагы бир жандык экенин жана ыкластуу пенделерге эч таасир эте албашын унутпашыңыз зарыл.

Түпкүрүндө шайтан – бул Аллах жараткан, каалаcа да каалабаса да Ага моюн сунган бир жандык. Бүт иш-аракеттерин Анын уруксаты менен гана жасай алат. Аллах уруксат бермейинче, адам эч нерсе кыла албайт. Шайтан эмне гана кылбасын, бир гана каапырларды адаштыра алат, Аллахка чын көңүлдөн ыйман келтиргендердин болсо анын кылгандары менен бир гана ыймандары артат. Куранда бул чындык апачык билдирилген. Аяттар төмөнкүдөй:

**Шайтандын (мындай) кошкон нерселери жүрөктөрүндө оорусу барларга жана жүрөктөрү (ар түрдүү) сезгичтиктен куру калгандарга (Аллахтын) бир сыноосу үчүн. Шексиз, заалымдар (чындыктан) алыс бир бөлүнүү ичинде. (Ошондой эле) Аларга илим берилгендердин (илимдүүлөрдүн) мунун (Курандын) эч талашсыз Раббилеринен келген бир чындык экенин**

**билиши үчүн; ушундайча ага ыйман келтиришсин жана жүрөктөрү ага ыраазы болгон абалда байлансын. Шексиз, Аллах ыйман келтиргендерди туптуура жолго багыттайт. (Хаж Сүрөсү, 53-54)**

**Ант болсун, иблис алар жөнүндөгү оюн туурага чыгарды, ушундайча ыйман келтирген бир топтон башкалар аны ээрчишти. Чынында болсо анын аларга карата эч кандай мажбурлоочу-күчү жок эле; бирок Биз акыретке ыйман келтиргенди андан шектенүүдө болгондон айырмалоо үчүн (ага ушул мүмкүнчүлүктү бердик). Сенин Раббиң бүт нерсени көзөмөлдөп-коргоочу. (Себе Сүрөсү, 20-21)**

Ыймандуулар болсо «Эгер сага шайтандан бир азгырык келсе, ошол замат Аллахка корголон...» (Фуссилат Сүрөсү, 36) аятында буйрук кылынгандай, шайтанды тыңдабайт жана ылдам Аллахка корголонушат. Себеби, эгер бул азгырыктардан Аллахка корголонуп, шайтандын жолу жабылбаса, адам анын ар бир шыбырын уга турган болуп калышы мүмкүн экенин билишет. Ушундайча шайтан аны ээрчигендердин досу болот жана адамды Аллахтан, Аны эстөөдөн толугу менен алыстатат:

**Ким Рахман (болгон Аллах)ты эстөөнү билмексен болсо, Биз бир шайтанга анын «үстүн тосмо менен байлаттырабыз»; эми ал - анын бир жакын досу. (Зухруф Сүрөсү, 36)**

Бирок башында да айтылгандай, Аллахка чыныгы (так) бир ыйман менен жакын болгондордун шайтандын таасиринен тартынышынын кажети жок. Албетте, анын таасирлерине карата сак болуу керек, бирок Аллах бизге абдан маанилүү сырды да сүйүнчүлөгөн: шайтандын ыйман келтиргендер жана Аллахка тобокел кылгандарга эч кандай мажбурлоочу күчү жок.

**Менин пенделерим; сенин аларга эч бир мажбурлоочу күчүң (өкүмдарлыгың) жок. Өкүл катары Раббиң жетет. (Исра Сүрөсү, 65)**

Шайтандын абдан өзгөрмө мүнөздүү экенин, аны ээрчигендерди сурак күнү жападан жалгыз таштаарын унутпаңыз.

Бул дүйнө жашоосу бүткөндө, шайтандын аны ээрчигендерди кандайча ара жолго таштаары, аларды кантип алдаганын айтаары Куранда билдирилген:

**Өкүм чыгып бүткөндө, шайтан айтат: «Чынында, Аллах силерге чыныгы убаданы убада кылды, мен да силерге убада бердим, бирок силерге калп айттым. Менин силерге карата мажбурлоочу бир күчүм жок эле, болгону силерди чакырдым, силер да мага жооп бердиңер (мени ээрчидиңер). Демек, мени айыптабагыла, өзүңөрдү айыптагыла. Мен силерди куткара албайм, силер да мени куткара албайсыңар. Чындыгында, мурда мени шерик кошконуңарды да мойнума албайм. Чынында, заалымдарга кыйноочу азап бар.» (Ибрахим Сүрөсү, 22)**

Жана, албетте, өзгөрмө мүнөздүү шайтанды ээрчигендер сурак күнү кандай жаңылыштыкта жашашканын түшүнүшөт. Бул дүйнөдөгү жашоолору бою Аллахты унутуп, Ал көрсөткөн туура жолго

түшпөгөнү үчүн чоң бир бушаймандыкка түшүшөт. Бирок эми кеч болгон болот жана шайтан аларды жападан жалгыз таштайт:

**Ал күнү зулумдук кылган колдорун (катуу) кезеп (мындай) дейт: «Эх аттиң, элчи менен бирге бир жолдо жүргөнүмдө кана,» «Эх, азап болсун мага, баланчаны дос тутпасам эмне болмок эле». «Себеби ал чындап мага келгенден соң мени зикирден (Курандан) адаштырды. Шайтан болсо адамды «жападан жалгыз жана жардамсыз» таштоочу.» (Фуркан Сүрөсү, 27-29)**

Эч унутпаңыз; бул дүйнөдө шайтанды ээрчигендердин мекени акыретте сөзсүз тозок.

Шайтанды ээрчигендер сурак күнү Аллахтын алдына чыгышканда, «Аттиң, мени менен сенин араңда эки чыгыш (чыгыш менен батыш) алыстыгынчалык болгондо эле. Канчалык жаман жакын-дос(экенсиң сен).» (Зухруф Сүрөсү, 38) дешип, бири-бирин каргашат. Адам ал күнү шайтандын ал үчүн апачык бир душман экенин түшүнөт. Бирок жогоруда да айтылгандай, эми абдан кеч, муну түшүнүү аны түбөлүк азап тарта турган тозокко кирүүдөн куткарбайт. Ал жана анын тараптарлары сөзсүз кылгандарынын жообун бир-бирден беришет:

**Ант болсун Раббиңе, Биз аларды да, шайтандарды да сөзсүз тирилтебиз, кийин аларды тозоктун айланасында тизелеп чөккөн абалда даяр кылабыз. (Мерийем Сүрөсү, 68)**

**Чынында, шайтан силердин душманыңар, демек силер да аны душман туткула. Ал өз тобун бир гана алоолоп күйгөн оттун калкынан болууга чакырат. (Фатыр Сүрөсү, 6)**

Жыйынтыктасак, сиз да сиз үчүн мүмкүн болгон ар кандай азапты, кыйынчылыкты, андан да түбөлүк жашооңузду тозокто өткөрүшүңүздү каалаган бир душманыңыздын бар экенин, сизди азыр ушул китепти окуп жатканыңызда да карап турганын унутпаңыз. Жана эгер ыкластуу (чын жүрөктөн) ыйман келтирген болсоңуз, анын таасиринен кутулуу үчүн Аллахка корголонушуңуз керек экенин да...

## БУЛ ЖАШООНУН УБАКТЫЛУУ СЫНОО ЭКЕНДИГИН УНУТПАҢЫЗ

**Бул дүйнө жашоосу –бир ойун жана «өзүнө тартуучу бир алаксуу» гана. Чындыгында, акырет мекени болсо – чыныгы жашоо ошол. Билишсе кана. (Анкебут Сүрөсү, 64)**

Бул дүйнөдөгү бүт нерсенин бир максат менен жаратылганын унутпаңыз. Айланаңызда сиз көргөн бүт нерсенин бир жаралуу себеби бар экендиги анык бир чындык. Бүт нерсе сыяктуу сиздин жана сиз менен бирге бүт адамдардын да жер бетинде жаралышынын бир максаты бар:

**Ал, амал (иш-аракеттер) жагынан кайсынардын жакшыраак болоорун сыноо үчүн өлүмдү жана жашоону жаратты. Ал бийик жана кудуреттүү, абдан кечиримдүү. (Мүлк Сүрөсү, 2)**

Жогорудагы аяттан да көрүнүп тургандай, Аллах адамдарды сыноо үчүн жашоону жараткан жана адамдарды бул дүйнөгө убактылуу койгон. Бул жерде башыбызга келген окуялар менен бизди сынап жатат; каапырлардын аныкталышы, ыймандуулардын жамандыктардан тазаланышы жана бейиш ахлагына жетиши үчүн алардын жашоосун улантууда. Б.а. бул дүйнө - бир гана Аллахтын ыраазычылыгына жете алышыбыз үчүн бир сыноо, бир тарбия мекени.

Аллах адамдарга андан чыкпашы керек болгон чектерди, ыраазы боло турган кыймыл-аракеттерди жана Аны ыраазы кылбай турган бүт нерсени апачык билдирген. Ушуга жараша адам бул дүйнөдө кылган мамилесине карап түбөлүк жашоосунда жаза көрөт же бакытка жетет. Демек бул жашоодогу ар бир секундабыз бизди бейишке же тозокко жакындатууда. Андай болсо, сиз да азыр сыналып жатканыңызды, бул сыноонун натыйжасынын түбөлүк жашооңузду аныктаарын жана бул натыйжанын абдан жакын экенин эч унутпаңыз. Аллах бул чындыкты пенделерине көптөгөн аяттарында эске салып, ал күн жөнүндө мындайча эскертет:

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахтан корккула. Ар бир адам эртең үчүн эмне даярдаганын карасын. Аллахтан корккула. Эч шексиз, Аллах кылгандарыңардан кабардар. (Хашр Сүрөсү, 18)**

Аллах бул дүйнөнүн убактылуу жана алдамчы кооздуктарына ач көздүк менен жабышуудан адамдарды тосот. Себеби адамдын мал-мүлкү да, сулуулугу да, кызматы да, кыскача айтканда, бул дүйнөдө ал ээ болгон эч нерсеси, буларды Аллах ыраазычылыгы үчүн колдонбосо, ага акыретте пайда бере албайт. Адамдын денеси да кошо колундагы бүт нерсесин бул дүйнөгө калтырып, акыретке кетет. Жерге көмүлгөн денеси чирип жок болот, бул дүйнөдө ач көздүк менен ээ чыккан мал-мүлкү убакыттын өтүшү менен кыйрап жок болот. Бирок өзү жападан жалгыз, башка бардык адамдар сыяктуу, суракка алынуу үчүн Раббибиздин алдына барат. Бирок мындай апачык чындыкка карабастан, адамдардын көпчүлүгү күнүмдүк иштерге берилип, өлүмдү, акыретти унутушат; «бүт өмүрүбүз бул дүйнөдөгү жашообуз гана» деп ойлошот. Куранда адамдардын мындай психологиясы төмөнкүчө баяндалган:

**Айтышты: «(Баары) Бул дүйнө жашообуз менен бүтөт, өлөбүз жана тирилебиз; бизди «эч токтобогон убакыт» (агымы) гана кыйратууда.» Чынында болсо алардын бул жөнүндө эч кандай маалыматы жок; күмөн гана кылышууда.» (Жасия Сүрөсү, 24)**

Чынында болсо адамдар унуткан абдан маанилүү бир чындык бар; бул дүйнө жашоосу абдан кыска. Азыр 30 жашында болгон бир адамды элестетели. Андан 30 жыл кандай өттү деп сурасаңыз, «ушунчалык бат өттү, түшүнбөй калдым» деп айтат болушу керек. Башыңдан өткөндөрдү айтып берчи десеңиз, эң көп бир канча саат ичинде өткөргөн 30 жылдык өмүрүн айтып берет. Жана бул адамдын алдында дагы эң көп 30 жылдай өмүрү бар. Алдындагы убакыт да өтмүшүндөгү убакыттай бат өтүп кетет. Аллах бул дүйнөдө өмүр сүрүлгөн бул мөөнөттүн кыскалыгына көптөгөн аятта көңүл буруп, адамдардын акыретте муну апачык мойнуна алышаарын билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери мындай:

**Күндүздүн бир саатынан башка эч өмүр сүрбөгөн сыяктуу (абалда) аларды бир жерге топтой турган күнүбүз... (Йунус Сүрөсү, 45)**

**Кыямат күнү болгондо кылмышкер-күнөөкөрлөр жалгыз бир сааттан башка (бул дүйнөдө) өмүр сүрбөгөнүнө ант ичишет. Мына алар ушундай бурулушчу. (Рум Сүрөсү, 55)**

Аллах адамдар бул дүйнөгө ач көздүк менен жабышпашы үчүн жер бетинде сулуулуктар менен бирге көптөгөн кемчилик, жаман нерселерди да жараткан жана бул дүйнөнүн убактылуу экенин кайра кайра көрсөтүүдө. Бирок бул терең ойлоно турган нерселердин бири. Мындай бир ойлоп көрүңүз; эң маани берген, эң сонун деген нерселериңиз кыска убакыт ичинде эскирүүдө, сүйгөндөрүңүз бир-бирден өлүшүүдө, айланаңыздагы эң сулуу адамдар улгайышууда, оорулар биринин артынан экинчиси келүүдө. Бүгүнкү күнгө чейин башыңыздан өткөргөн эң бактылуу көз ирмемдериңиз да, келишин сабырсыздык менен күткөн учурлар да, абдан кыйналган учурларыңыз да баары өттү, тарыхка аралашты. Мына мындан кийин да ушундай болот жана сиз ушул көз ирмемдер ичинде дайыма сыналасыз. Бул сыноо өлүм келип, сизге жолукканга чейин уланат... Кийин болсо жер бетинде тарых бою жашап өткөн бүт адамдар сыяктуу кылгандарыңыздын сыйлык же жазасын кемчиликсиз алып, ошого жараша түбөлүк жашооңуз башталат.

Адам болсо эч бир сулуулуктун, эч бир бактылуу көз ирмеминин убактылуу болушун каалабайт. Бирок абдан бат өткөн бул дүйнөдө канчалык аракет кылбасын, бул эч мүмкүн эмес. Андай болсо бул каалоолоруна кантип жетет? Бейиш – бул адам бардык ушундай каалоолоруна болжогондон да ашыкчасы менен жолуга турган жалгыз мекен.

Сиз да ичиңиздеги бардык мындай каалоолорду жашай ала турган мекениңиздин бул дүйнө эмес экенин; эгер чындап түбөлүк немат-жакшылыктарды каалап жатсаңыз, анда бул дүйнө жашоосунун артынан чуркабашыңыз, тескерисинче акырет үчүн даярдык көрүшүңүз керек экенин унутпаңыз.

Бул чындыктардан капылет калган баш тартуучулар (каапырлар) болсо «өмүр өлүм менен бүтөт» деген туура эмес ишенимдери себебинен максат кылган бүт нерсесин бул дүйнөдөгү кыска убакыт ичине батырууга аракет кылышат. Бүт сулуулуктарга жана жыргалдарга бул дүйнөдө жетүүгө аракеттенишет. Өлгөндө бүт нерседен ажырайм деп тынчсызданышып, бул дүйнөдөн мүмкүн болушунча пайдаланууга аракет кылышат. Чынында болсо бул – бошко сарпталган бир аракет, бул дүйнө абдан кемчиликтүү. Бүт нерсенин сулуураагы жана эч түгөнбөгөнү акыретте; бирок бул немат-жакшылыктар бир гана Аллахка кулчулук кылган ыкластуу ыймандуулар үчүн. Каапырлар ала турган нематтар болсо бул дүйнөдөгү гана. Бул адамдардын акыретте отко ташталаарын Аллах мындайча билдирет:

**Каапырлар отко сунула турган күнү (аларга мындай деп айтылат:) «Силер дүйнө жашооңордо бүт «коодук жана ырахаттарыңарды түгөтүп-бүттүңөр, алар менен жашап ырахат сүрдүңөр. Жер бетинде акыйкатсыздык менен текеберленгениңер жана фасыктык (бузукулук) кылганыңар үчүн бүгүн басынтуучу бир азап менен жазаландырыласыңар.» (Ахкаф Сүрөсү, 20)**

Байкалгандай, бул дүйнөдөгү эч бир иш тозоктон кутулуу үчүн жасала турган иштерден маанилүү боло албайт. Бир студент окуусун бүтүрө алуу, дагы бирөө акча таап, байлык чогултуу, бирөө болсо жакшы бир кызмат ордуна жете алуу үчүн болгон аракетин жумшайт. Бирок эч унутпаш керек; адам окуусун бүтүрө турган күнүн көрбөй калышы мүмкүн же тапкан акчасын сарптаганчалык жашай албашы мүмкүн. Бирок башына сөзсүз келе турган бир чындык бар, бул – дин күнү Аллахка сурак берээри.

**Бизге жолугууну үмүт кылбагандар (күтпөгөндөр), дүйнө жашоосуна ыраазы болгондор жана аны менен канааттангандар жана Биздин аяттарыбыздан кабарсыз болгондор; мына ошолордун чогулкандары үчүн жашай турган жерлери от. (Йунус Сүрөсү, 7-8)**

Негизи Аллахтын адамдарды бат бат тообо кылышына, сабак алып-ойлонушуна себеп боло турган оору, кырсык, улгайуу сыяктуу окуяларга жолуктурушу ой жүгүрткөндөр үчүн бул дүйнөнүн кемчиликтүү жаратылганын жана жабыша турган бир мекен эмес экенин апачык көрсөтүүдө:

**Көрүшкөн жокпу, чындыгында алар ар жылы бир же эки жолу балээге кабылышууда, кийин тообо кылышпайт жана сабак алып-ойлонушпайт. (Тообо Сүрөсү, 126)**

«... Силер бул дүйнөнүн убактылуу пайдасын каалап жатасыңар. Аллах болсо (силерге) акыретти каалап жатат...» (Энфал Сүрөсү, 67) аятында да билдирилгендей, Аллах пенделери акыретте эң сонун даражага жетиши үчүн бул дүйнөнүн кемчиликтерге толо экенин дайыма эскертет.

Сиз да эскертүүлөргө маани бербей койбоңуз жана түбөлүк бактылуулук үчүн бул дүйнөдө Аллахты ыраазы кылышыңыз керек экенин унутпаңыз. Аллах аятында кыска дүйнө жашоосуна жабышкандардын түбөлүк жашоону жоготушаарын апачык билдирет:

**Ким акырет эгинин кааласа, Биз анын эгинин көбөйтөбүз. Ким дүйнө эгинин кааласа, ага ошонон беребиз; бирок анын акыретте насиби жок. (Шура Сүрөсү, 20)**

**Аллах аяттарында адамдарга акырет нематтарынан каалоону кеңеш кылат. Себеби алар жакшыраак жана түбөлүктүүрөөк. (Таха Сүрөсү, 131)**

Бирок, муну менен бирге, Аллахтын Андан акыретти каалаган ыкластуу ыйман ээлерин бул дүйнөдө да сонун өмүр сүрдүрөөрүн унутпаңыз. Ыймандуулар бул дүйнө нематтарынын да, акырет нематтарынын да эң сонунуна жетишет:

**Сүйүнүчтүү кабар дүйнө жашоосунда жана акыретте ошолордуку... (Йунус Сүрөсү, 64)**

## АР ДАЙЫМ БУЛ ДҮЙНӨДӨН ӨТҮП КЕТИШИҢИЗ

# МҮМКҮН ЭКЕНИН УНУТПАҢЫЗ

**Айткын: «Албетте, силер качкан өлүм, шексиз силерге келет. Кийин кайыпты да, анықты (күбө болунганды) да билген (Аллах)ка кайтарыласыңар; Ал силерге жасагандарыңарды кабар берет.» (Жума Сүрөсү, 8)**

Айланаңызды бир караңыз; сиз көргөн бардык адамдар, досторуңуз, туугандарыңыз, кыскача айтканда, бул дүйнөдөгү бардык адамдар, буга чейин жашаган миллиарддаган адамдар сыяктуу сөзсүз өлүшөт. Аллах бул чындыкты «Ар бир напси өлүмдү татуучу...» (Анбия Сүрөсү, 35) аяты аркылуу билдирүүдө. Бул чындыкты унутуу – адам кабылышы мүмкүн болгон эң чоң капылеттиктин бири. Чынында болсо өлүмдү алыстатууга эч күчү жетпеген адам эч билбеген бир убакта жана жерде жана кандайдыр бир себеп менен сөзсүз өлөт.

Унутпаңыз; жаш же улгайган, сулуу же сулуу эмес, бай же жакыр болушу, атак-даңкы же кызмат даражалары бүгүнкү күнгө чейин жашаган эч бир адамды өлүмдөн сактаган эмес.

Булардын баарын абдан жакшы билип турушса да, адамдардын көпчүлүгү өлүмдү көп ойлобогонго, ал тургай, мүмкүн болушунча унутууга аракет кылышып, бул чындыкты билмексен болушат. Чынында болсо бул өзүн-өзү алдоо гана. Ал адам ойлонсо да, ойлонбосо да сөзсүз боло турган окуяларды бүт баскычтары менен бирге толук башынан өткөрөт:

**Ал, өлүм мастыгы бир чындык катары келип (адамга) «Мына ушул сенин алыстан качкан нерсең» (деп айтылганда). (Каф Сүрөсү, 19)**

Сиз азыр бул саптарды окуп жатканыңызда өлүмдүн жакын экенин ойлонуп жаткан болушуңуз мүмкүн. Бирок сөзсүз боло турган бул чындыкты дагы бираз тереңирээк ойлонуңуз; ким билет балким бул китепти окуп бүтө электе сизге өлүм келип калат. Демек, өлүмдүн сизге да, башка бардык адамдарга да абдан жакын экенин унутпаңыз.

Өлүмгө кабылышыңыз үчүн детальдуу бир катар окуялардын биринин артынан экинчисинин болушу кажет эмес. Аллах өлүм убактысы келген адамга эч күтпөгөн бир учурда өлүм периштесин жөнөтөт жана бир заматта жанын алат. Бул азыр отурган орундугуңуздан тура электе да болушу мүмкүн. Отурган бөлмөңүздө кокустан өлүм периштесин алдыңызда көрүшүңүз мүмкүн. Жаныңызда досторуңуздун, үй-бүлөңүздүн болушу да эч нерсени өзгөртпөйт, алар сизди өлүмдөн коргой алышпайт. Демек, ар бир адамдын Аллах милдеттендирген өлүм периштеси тарабынан өлүмгө кабылаарын жана ушундайча Аллахка кайтарылаарын эч унутпаңыз.

Балким сиз бул саптарды окугандан кыска мөөнөттөн кийин өлүшүм мүмкүн деп эч ойлобостурсуз. Али кыла турган, бүтүрө турган иштерим бар деп ойлошуңуз балким өлүм сиз үчүн али эрте жана анын убактысы эмес деген сезимди бериши мүмкүн. Чынында болсо өлүмдүн убактысын Аллах аныктайт жана ажалы келген адам ал үчүн тагдырында аныкталган эң жакшы убакта, бир секунда да кечиктирилбестен, бул натыйжага кабылат:

**Чынында болсо Аллах өз ажалы келип калган эч бир адамды эч качан кечиктирбейт. Аллах кылгандарыңардан кабардар. (Мунафикун Сүрөсү, 11)**

## Өлгөндөн кийин денеңиздин кандай абалга келээрин ойлонгон белеңиз?

Сулуулугуңузга да, байлагыңызга да карабастан, капкатуу бир абалдагы денеңиз үйдүн бир бөлмөсүндө же бир оорукана моргунда күттүрүлөт, андан соң кепинге оролуп, тар бир табыттын ичинде жаназа унаасына коюлуп, мазарга алпарылат. Андан соң денеңиз сиз үчүн даярдалган бир чуңкурдун түбүнө ташталып, үстүңүз жакшылап топурак менен жабылат. Бир эт жана сөөк жыйындысы абалындагы денеңиз кыска мөөнөт ичинде чирип, жыттанып баштайт, сөөк жыйындысынан турган скелетиңиз гана калат. Жана унутпаңыз, бул күнгө сөзсүз кабыласыз; акыр аягында бир күнү денеңиз топурактын астында жападан жалгыз калат.

Адам денесинин өлгөндөн кийин кабыла турган абалы, албетте, сабак берет. Мындай бир көрүнүштү бир канча мүнөт, ал тургай, бир канча секунда көрүүгө да адам чыдабайт. Өмүр бою абдан жакшынакай көрүнүшүтө болгон адам денесинин өлүмдөн соң эмне үчүн мындай абалга келээрин ойлондуңуз беле? Албетте, бул ой жүгүртүшүңүз керек болгон жагдай. Себеби өз денеңиздин да, сиз барктаган бардык адамдардын денесинин да бир күнү чирип, жыттанаары жөнүндөгү чындык сизди бул дүйнөгө жабышуудан, акыретти унутуудан сөзсүз куткарат.

Бардык мындай чындыктарга карабастан, адамдардын көбү дүнүйө менен байланыштуу ар кандай жагдайда өз кызыкчылыктарын абдан толук эсептеп жатып, өздөрү менен байланыштуу эң чоң чындык болгон өлүмдү эстен чыгарышат. Бирок бул чоң жаңылыштык; мындай жаңылыштык себебинен өлүмдөн кийини үчүн даярдык көрбөшү алар үчүн түбөлүк бир азапка себеп болот. Демек, адамдын милдети – бул өлөөрүн эч унутпоо жана бул дүйнөдө Аллахты ыраазы кыла турган иштерди кылуу. Чексиз адилеттүү жана боорукер Раббибиз бүт баарыбызга сабак алууга жете турганчалык убакыт берген. Бирок бул мөөнөт бул дүйнө жашоосу менен чектелген. Т.а. каталарды оңдоо чын ыклас менен болгондо бул дүйнөдө гана мүмкүн. Өлүмдөн соң оңдоо мүмкүнчүлүгү бүтүп, түбөлүк бир бушаймандык башталат:

**Ичинде алар (мындайча) жалбарышат: «Раббибиз, бизди чыгар, кылганыбыздан башка салих (ыкластуу) бир амал кылалы.» Силерге ал жерде (дүйнөдө) сабак ала турган адам сабак алганчалык (узун) өмүр бербедикпи? Силерге эскертүүчү да келген болчу. Андай болсо (азапты) таткыла; эми заалымдар үчүн бир жардамчы жок. (Фатыр Сүрөсү, 37)**

Унутпаңыз, өлүм эч жок болуу эмес, өлүм менен бирге көп адамдар ойлогондой бүт нерсе бүтпөйт. Сабатсыз адамдардын көпчүлүгү ойлогондой, түбөлүк улана турган таттуу бир уйку болсо эч андай эмес. Өлүм менен бирге чыныгы жана түбөлүк жашоо башталат, жана ал бул дүйнөдөгү жашоосун кандай өткөргөнүнө жараша калыптанат жана эч өзгөрбөй турган бир жашоо. Өлүм бул өмүрүн Аллахтын ыраазычылыгына ылайык өткөргөндөр үчүн бакыт жана кутулууга эшик ачат. Аллахтан жүз бургандар үчүн болсо толук бир кыйроо жана балээнин башталышы.

Аллах адамды бул дүйнөдө өлүмдү жана акыретти ойлондура турган көптөгөн окуяларга жолуктурат. Сабак ала турган бир адам үчүн бул эскертүүлөр жашоосун, айланасындагы окуяларды терең ойлонушуна, көз-карашын кайра кайра карап чыгышына себеп болот. Бирок Аллахтын мындай эскертүүлөрүн көрмөксөн болгондор чоң зыян ичинде. Унутпаш керек; андан мурда өлгөндөр да, азыркы бардык адамдар сыяктуу, балким бираздан соң жей турган тамагын же эртеси күнү бара турган жерин пландап жатканда, эч күтпөгөн бир учурда өлүмгө кабылышкан.

Демек, сиз бул дүйнөдө жалгыз бир жакшы ишти да кылуу мүмкүнчүлүгүңүз калбай турган өлүмгө кезигээрден мурда болгон күчүңүз менен акыретиңиз үчүн аракет кылууну унутпаңыз.

Аллах Куранда өлүмдүн кечиктирилбешин жана өлүм убактысы келген бир адам кабылган бушаймандыкты бизге мындайча билдирет:

**Силерден бирөөңөргө өлүм келип калып: «Раббим, мени жакын бир мөөнөткө чейин кечиктирсең, мен да ушундайча садака берсем жана ыкластуулардан болсом» деп калуудан мурда, силерге ырыскы кылып бергендерибизден садака кылгыла. Чынында болсо Аллах өз ажалы келип калган эч бир адамды эч качан кечиктирбейт. Аллах кылгандарыңардан кабардар. (Мүнафикун Сүрөсү, 10-11)**

# КЫЯМАТТЫН ЖАНА ЭСЕП-КЫСАП КҮНҮНҮН СӨЗСҮЗ БОЛООРУН УНУТПАҢЫЗ

**Чынында кыямат сааты жакындап келатат, анда шек жок. Чынында Аллах кабырлардагыларды тирилтет. (Хаж Сүрөсү, 7)**

Азыр колуңуздагы саатты бир караңыз, ар бир өткөн секунда сизди Аллахтын алдына чыгып сурак бере турган күнүңүзгө жакындатууда. Болгондо да сизге бул дүйнөдө канчалык өмүр берилгенин да билбейсиз. Бирок сиз үчүн аныкталган ошол убакыт сөзсүз келет жана сиз эч күтпөгөн бир учурда периштелер жаныңызды алып, андан соң кыямат күнүнө жолугасыз. Бир заматта бул дүйнөгө байланыштуу бардык иштериңиздин мааниси жоголуп, такыбаалык (Аллахтан коркуу) жана Аллахтын ыраазычылыгына жетүүнүн эң маанилүү экенин толук түшүнөсүз.

Демек, али мүмкүнчүлүгүңүз турганда; бул дүйнөгө тиешелүү эмне бар болсо баары жоголуп, бүгүнкү күнгө чейин жаратылган бардык адамдар жаткан жеринен тургузулуп, Аллахка сурак берүү үчүн бир жерге чогула турган кыямат күнү үчүн даярдык көрүүнү эч унутпаңыз.

Бүт адамдардын бул дүйнөдө кылган бардык иштери толугу менен ортого коюла турган ошол күнү жакшылык кылгандар кылган жакшылыктарынын сыйлыгын кемчиликсиз алышса, жамандык кылгандар болсо кылган жамандыктарынын алардан алыста болушун тилешет. Адамдар жападан жалгыз Аллахтын алдына барышат жана кыпындай да адилетсиздикке кабылбастан, алар жөнүндө өкүм берилет.

Сурак күнү ушунчалык бат жакындап келе жатканда, бүт эскертүүлөрдү алыс көрүшүп, маани бербестен, өз каалоолору үчүн жашагандар чоң бир капылеттик ичинде. Куранда бул чындык мындайча билдирилген:

**Адамдарды суракка алуу (убактысы) жакындашты, алар болсо капылеттик ичинде жүз бурушууда. Раббилеринен аларга жаңы бир эскертүү келсе эле, аны сөзсүз оюн кылып угушууда. (Анбия Сүрөсү, 1-2)**

Сиз да ал улуу сурак күнүнүн жакындап келе жатканын жана Аллахтын алдында сурак берээриңизди эч унутпаңыз.

Ал күнү адамдын кылган бүт иштери бир бирден, эч унутулбастан, толугу менен анын алдына коюлат. Аллах чексиз эс-тутуму менен адам өзү да унутуп калган ар бир кыймыл-аракетин, ар бир оюн анын алдына койот. Куранда адамдардын ар бир кылганынын жазылып тураары мындайча билдирилген:

**Алардын кылган бардык нерселери китептерде (жазылуу). Кичине, чоң бүт нерсе сап сап (жазылуу). (Камер Сүрөсү, 52-53)**

Адам унутчаак, бирок Аллах эч унутпайт жана жаңылбайт, ошондуктан бул дүйнөдө жасалган жамандыктардан анын ээлери эч кача алышпайт. Бир адам мындан 10 жыл мурда Аллах ыраазы болбой турган бир сөздү айтканын же оюнан каапырдык бир пикир өткөргөнүн эстебеши мүмкүн, бирок сурак күнү Аллах ал сөздү да, ойду да толугу менен алдына койот:

**Айткын: «Көкүрөгүңөрдөгүнү жашырсаңар да, ачыкка чыгарсаңар да, Аллах билет. Жана асмандардагыны да, жердегини да билет. Аллах бүт нерсеге кудуреттүү.» Ар бир напси кылган жакшылыктарын алдында көргөн жана эмне жамандык кылса, аны менен арасында алыс бир аралык болушун каалаган ал күндү (ойлонгула). Аллах силерди Өзүнөн тартынтат (коркутат). Аллах пенделерине карата боорукер. (Али Имран Сүрөсү, 29-30)**

**Аллах баарын тирилте турган күнү аларга эмнелер жасашканын кабар берет. Аллах алардын (кылгандарын бир бирден) санаган, алар болсо аны унутушкан. Аллах бүт нерсеге күбө. (Мүжаделе Сүрөсү, 6)**

Бүт нерсенин күбөсү болгон, эч унутпаган жана жаңылбаган Аллахтын ал күнү кылгандарыңызды жана ойлоруңузду бир-бирден алдыңызга койоорун эч унутпаңыз.

Албетте, адамдын өмүр бою Аллахка сурак берээрин унутуу менен кылган ар бир кыймылы ага кыйроо жана орду толгус бир бушаймандык алып келет. Албетте, эч бир унутулган нерсенин наркы мынчалык оор жана коркунучтуу боло албайт. Адамдын түбөлүк жашоосун коркунучка салган бул чындыкты сиз да эч унутпаңыз. Себеби бул адамдын Раббибизге карата жасаган чоң катасы. Аллах бир аятында мындай буюрууда:

**... Шексиз Аллахтын жолунан адашкандарга сурак күнүн унутушканы үчүн оор бир азап бар. (Сад Сүрөсү, 26)**

Куранда адамдарды коркутуу үчүн кыямат күнүн эске салган жана ал оор күндү сүрөттөгөн абдан майда-баратына чейин сүрөттөөлөр бар. Кыямат күнү бүт материалдык нерселер кыйроого дуушар боло турган, жок боло турган бир күн. Аллах билдиргени боюнча, **«Ал күн оор бир күн; каапырлар үчүн болсо эч оңой эмес» (Мүдессир Сүрөсү, 9-10).**

Сура биринчи чалынышы менен кыямат убактысы башталат. Кичинекей бир жер титирөөдөн качып сыртта таң атырган адамдар ал күнү кыймылдабас тоолорду майдалап кыйрата турган күчтөгү жер титирөөлөргө кабылышат. Аллах ал күндү Камер Сүрөсүнүн 6-аятында «Ал чакыруучу «тааныш эмес, эч көрүлбөгөн» бир нерсеге чакыра турган күн...» деп сүрөттөйт.

Ал күнү бүт жерди жана бүт нерсени каптаган, буга чейин эч көрүлүп, угулбаган бир коркунуч башка келет. Деңиздер жанып-от болот (Таквир Сүрөсү, 6), асман ээриген металл сыяктуу болот (Меариж Сүрөсү, 8), жылдыздар тосулуп, (нурлары) өчөт (Мүрселат Сүрөсү, 8), ай карарат, күн менен ай бириктирилет (Кыямат Сүрөсү, 8-9), асман жарылып ачылат жана эшик эшик болот (Небе Сүрөсү, 19), тоолор тамырынан жулунуп сапырылат (Мүрселат Сүрөсү, 10), «айланага чачылган» түстүү жүндөр сыяктуу болот (Каариа Сүрөсү, 5), бүт дүйнө, бетинде бир дөңчө-чуңкур да калбаган абалга келет (Таха Сүрөсү, 107).

Сура экинчи жолу чалынганда адамдар тирилтилип жана суракка алынуу үчүн бир жерге чогултулуп башташат. Аяттар төмөнкүдөй:

**Суръа (сур) чалынды, ушундайча Аллах каалагандан башка асмандарда жана жерде болгондор сүзүшүп-кулашты. Кийин ал дагы бир жолу чалынды, эми алар буттарында туруп карап турушат. Жер Раббиңдин нуру менен жаркырады; китеп койулду; пайгамбарлар жана күбөлөр алып келинди жана араларында чындык (адилеттик) менен өкүм чыгарылды, алар акыйкатсыздыкка кабылышпайт. (Зүмер Сүрөсү, 68-69)**

**Каапырлар ал күнү көздөрү коркунучтан алаңдап, башаламан чегирткелердей кабырларынан чыгышып, моюндарын чакыруучуну көздөй созуп чуркап баратышканда, «бул өтө оор бир күн» дешет (Камер Сүрөсү, 7-8). Аллах аларды суракка алуу үчүн бир мөөнөт белгилеген эмес деп ойлогондор (Кехф Сүрөсү, 48) ал күнү качаарга бир жер таба алышпайт. Себеби эми алар аягында бара турган жалгыз жер болгон Раббибиздин алдында. (Кыямат Сүрөсү, 10-12)**

Эч тирилбейм жана өлүм түбөлүк улана турган терең бир уйку деп ойлогондор кыямат сааты келгенде аларга берилген эскертүүлөрдүн чындык экенин түшүнүшөт:

**Айтышат: «Биз чуңкурда кезибизде, чындап биз кайрадан (тирилтилип) кайтарылабызбы?» «Биз чирип майдаланган сөөктөргө айлангандабы?» (Назиат Сүрөсү, 10-11)**

**Айтышкан эле: «Кыйроо болсун бизге, уктап жаткан жерибизден бизди ким тирилтип-тургузду? Бул Рахман (болгон Аллах)тын убадасы, (демек) жөнөтүлгөн (пайгамбар)лар туура айтышкан экен». (Йасин Сүрөсү, 52)**

Ал махшар күнү ыймандуулар жана баш тартуучулар бири-биринен толугу менен бөлүнүшөт. Ыймандуулардын ичтериндеги кубанычтын бир көрүнүшү катары жүздөрү жаркырап, «нурдуу» карашса, каапырлардын жүздөрүн болсо бир кара өңдүн каптаары кабар берилген:

**Ал күнү жүздөр нурдуу жаркырайт. Раббилерине карап турушат. Ал күнү ушундай жүздөр да бар, карарып-капаланган. Ага запкылуу азап берилээрин билип турат. (Кыямат Сүрөсү, 22-25)**

Ал күнү бул дүйнөдө жашап жатканда эле сурак берээрин түшүнүп, дүйнө жашоосуна акырет жашоосун сатып алгандардын китеби оң колдоруна берилет. Ар бир кыймылын Аллахты көздөп жасагандардын ал күнү айланасындагыларга «алгыла, китебимди окугула» дей ала турганчалык көңүлдөрү ток жана мунун натыйжасында ыраазы боло турган бир жашоого, т.а. бейишке киришет.

Китеби сол колуна берилген болсо сурак күнүн унутуп жашаганы үчүн сүрөттөөгө болбой тургандай бир бушаймандык жана кыйроо ичинде болуп; «...Мага эч китебим берилбей эле койгондо, сурагымды эч билбей эле койгонумда кана» (Хакка Сүрөсү, 25-26) дейт. Аяттарда айтылгандай, эми алар үчүн «азап толо бир күн өткөрүү» бар, жүздөрү «кыйынчылык ичинде басмырланган», «үстүлөрүн чаң баскан», бир «кара өң ороп-курчаган». Аллах мындай адамдарды «жүзү жер караган көр, дудук жана дүлөй абалда» тирилтет (Исра Сүрөсү, 97).

Таха Сүрөсүндө Аллахты эстөөдөн жүз бургандардан болгондугу үчүн кыямат күнү көр болуп тургузула тургандардын мындай дешээри билдирилген:

**«Мен көзү соо адам элем го, мени эмнеге көр кылып тирилттиң Раббим?» деген суроосуна жооп кылып (Аллах): «Мына ушундай, сага аяттарыбыз келген эле, бирок сен аларды унуттуң, дал ошондой бүгүн сен да унутуласың» дейт. (Таха Сүрөсү, 125-126)**

Сиз дагы сурак күнү ушундай абалга түшкүңүз келбесе, анда өмүр бою Аллахты ыраазы кылышыңыз керек экенин унутпаңыз.

Билип коюңуз, ал күнү Аллах каалагандан башка, асмандарда жана жердегилердин бүт баары коркууга кабыла турган, күнөөкөрлөр бири-бирин күнөөлөй турган, ыймансыздар бактысыз боло турган бир күн. Бир гана дүйнө жашоосу бою Аллахтын буйруктарына чын көңүлдөн баш ийгендер ал күндүн коркунучунан коопсуздук ичинде болушат. Адам дүйнө жашоосунда кыяматтын бар экенинен канчалык капылетте болсо жана ага карата канчалык даярдыксыз болсо, ал күнү кабыла турган коркунучу ошончолук чоң болот. Аллах аяттарда ал күндүн коркунучун адамдарга мындайча эстетет:

**Эй инсандар, Раббиңерден коркуп-тартынгыла, себеби кыямат саатынын зилзаласы коркунучтуу нерсе. Аны көргөн күнүңөрдө ар бир эмизүүчү өз баласын унутуп калат жана ар бир**

**кош бойлуу боюндагысын түшүрөт. Адамдарды болсо нес-мас абалда көрөсүң, чынында болсо алар мас эмес. Бирок Аллахтын азабы абдан катуу. (Хаж Сүрөсү, 1-2)**

Унутпаңыз, андай күндө эч бир жакын дос бир жакын досун сурабайт жана эч ким бири-бирине досчо мамиле кылып, жардам бербейт. Адамдар азаптан кутулуу үчүн эң жакындарын да садака кылып берүүгө ыраазы болушат, бирок булардын эч бири алардан кабыл алынбайт:

**Алар бир-бирине көрсөтүлүшөт. Бир кылмышкер-күнөөкөр ал күндүн азабынан кутулуу үчүн балдарын садака чапкысы келет; өз жубайын жана бир тууганын, жана аны баккан тууган-уругун да; жер бетиндегилердин баарын (берип), анан бир кутулса. Жок; (эч бири кабыл алынбайт). Чынында ал (тозок) алоолонуп күйүп жаткан от». (Meариж Сүрөсү, 11-15)**

Кыскача айтканда, адамдардын ал күнү башына келе тургандарга карата ала турган эч бир чарасы, качып-жашына турган эч бир жери болбойт. Ал күнү адам ойлонуп ага жасалган бардык эскертүүлөрдү эстейт, бирок бул эстөөнүн ага эч кандай пайдасы болбойт:

**Себеби ал (дүйнөдө) өз жакындары арасында кубанычта эле. Чынында ал (Раббисине) кайра кайтып келбейм деп ойлогон эле. Жок; чынында Рабби аны абдан жакшы көрүп турчу. (Иншикак Сүрөсү, 13-15)**

Кыямат күнү абдан так таразалар курулат жана эч бир напси эч нерседе адилетсиздикке кабылбайт. Бир сары кычы данынчалык жакшылыгы болсо таразага алып келинет (Анбия Сүрөсү, 47). Кимдин таразасы оор басса, эми ал ыраазы болунган бир жашоонун ичинде. Кимдин таразасы жеңил болуп калса, анын орду тозок (Кaaриа Сүрөсү, 6-11). Бул чындыкка аяттарда мындайча көңүл бурулган:

**Ал күнү адамдар амалдары (кылган иштери) аларга көрсөтүлсүн деп бөлүк бөлүк ыргып чыгышат. Эми ким зерре (абдан кичинекей) оордугундай жакшылык кылса, ошону көрөт. Эми ким зерре оордугундай бир жамандык кылса, ошону көрөт.» (Зилзала Сүрөсү, 6-8)**

Ал күндүн бул дүйнөдөгү кызматтык даража, чин, мал-мүлк жана бала-чакалардын эч кандай мааниси калбаган бир күн экенин да унутпаңыз. Ал күнү адамдар бир гана кылган жакшы же жаман иштерине жараша айырмаланышат. Бүт адамдарга аларды жараткан Аллахка кулчулук (ибадат) кылып кылбагандыгы суралат. Жашыруун, билинбеген эч нерсе калбай турган ал күнү эч бир катасын жоюуга эч кимдин күчү болбойт:

**Сырлар ортого төгүлө турган күнү; эми анын күчү да, жардамчысы да жок. (Тарык Сүрөсү, 9-10)**

Каапырлардын бардык күнөөлөрү, балит иштери, жамандыктары, акыл жана жүрөктөрүнөн өткөргөн бардык ойлору бир-бирден бүт адамдардын алдында ортого коюлат. Аларды жараткан жана

өмүр сүрдүргөн Аллахты жокко чыгаруу менен мүмкүн болгон эң чоң кылмышты кылгандар сурак күнү басмырланган жана айоолуу бир абалда алар жөнүндө өкүм чыгарылышын күтүшөт:

**Ал күнү жалганга (жокко) чыгаргандарга кайгы. Бул алар сүйлөй албай турган бир күн. Жана аларга актануу үчүн уруксат берилбейт. Ал күнү жалганга чыгаргандарга кайгы. Ал өкүм күнү; силерди жана абалкыларды бир жерге чогулттук. Эгер кура турган тузак амалыңар болсо, эч күтпөстөн Мага карата кургула. Ал күндү жалганга чыгаргандарга кайгы. (Мурсалат Сүрөсү, 34-40)**

Ыймандуулардын болсо сурагы жеңил болот. Кыяматтын жана сурак күнүнүн коркуусунан бейпилдикте болушат жана түбөлүк оттун азабынан алыс кармалып, чексиз немат-жакшылыктарга толгон бейишке жетишет.

Билип коюңуз, динсиз бир адам да жогоруда баяндалган күнгө жолугушум мүмкүн деп ойлошу керек. Бир адамдын «мен ишенбейм, ошондуктан мындай күнгө кабылбайм» деп айтышы эч логикага сыйбайт. Себеби ал адам эч ишенбесе да өз логикасына ылайык кыямат күнүнө жолугууга элүү пайыз ыктымалдуулук бериши керек. Кыямат күнүнүн өзгөчөлүктөрү жана тозоктогу азап элестетилгенде, бул күнгө жолугуу ыктымалы бир пайыз болсо да адам дүрбөлөңгө кабылып, ал күндөн кутулууга аракет кылышы зарыл.

Болгондо да ар бир өткөн саат биздерди өлүмгө жана жогоруда баяндалган дүйнөнүн аягына жана суракка тартыла турган учурга дагы бираз жакындатууда. Бул ар бир адам үчүн сөзсүз келчү бир натыйжа. «Ал каапырлар Мусулман болууну канчалаган жолу каалашат.» (Хижр Сүрөсү, 2) аятында билдирилгендей, каапырлар кусалык жана бушаймандык менен Мусулмандардан болууну каалаша турган ал күндү эч унутпаңыз. Аллах бул адамдар үчүн мындай өкүм берүүдө:

**Демек бул (азап) күнүңөр менен жолугушууну унутканыңар үчүн азапты таткыла. Биз да силерди чындап унуттук; кылгандарыңар үчүн түбөлүк азапты таткыла. (Сажда Сүрөсү, 14)**

# ДИНСИЗДЕРДИН АЗАП МЕКЕНИ ТОЗОККО КЕТЭЭРИН УНУТПАҢЫЗ

**... Ант болсун, тозокту жиндерден жана адамдардан болгон каапырлардын баары менен толтурам. (Сажда Сүрөсү, 13)**

Тозок – бул Аллахты жокко чыгарып, кайдыгерлик менен өмүр сүргөндөргө түбөлүк мекен боло турган бир азап мекени. Бирок акыретке ишенбегендер бекем жабышкан бул дүйнө сөзсүз жок болот, ал эми тозок болсо түбөлүк бар болот. Аллах «оттун калкы» деп атаган адам топторунун баары тозокто түбөлүк калышат. Эч кача албай турган бул азаптын эч теңдеши жок:

**Эми ал күнү эч ким (Аллах) бере турган азаптай (күчтүү) азапталбайт. (Фежр Сүрөсү, 25)**

**Тозок (сакар) эмне, сен билесиңби? Ал калтырбайт жана жөн койбойт. Адамга абдан суусаган. (Мүдессир Сүрөсү, 27-29)**

Адамдар арасында тозокто белгилүү бир мөөнөт жашап, андан соң бейишке киребиз деген бир негизсиз ишеним бар. Чынында болсо тозоктун эң коркунучтуу өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул азаптын эч бүтпөй турган болушу, ал жерден чыгуунун түбөлүккө эч мүмкүн болбошу. Куранда мындай негизсиз (батыл) ишенимге ээ болгондордун коркунучтуу жаңылыштыкта экендиги мындайча баяндалууда:

**Айтышты: «Саналуу күндөрдөн башка, от бизге эч тийбейт.» Айткын: «Аллах Кабатынан бир убада алдыңарбы? Аллах эч убадасынан кайтпайт. Же болбосо, Аллах жөнүндө билбеген бир нерсени айтып жатасыңарбы?». Жок; ким бир жамандык кылып, күнөөсү аны курчаган болсо, (эми) алар отто калышат, ал жерде түбөлүк жашашат. Ыйман келтирип, ыкластуу амалдарды кылгандар болсо бейиш калкы болуп, ал жерде түбөлүк жашашат. (Бакара Сүрөсү, 80-82)**

**Чынында тозок күтүп туруучу мекен. Чектен чыгып-адашкандар үчүн кайтып баруучу орун. Алар анда дайыма болушат. (Небе Сүрөсү, 21-23)**

Тозоктон чыгуу (Аллах каалабаса) эч мүмкүн эмес. Бүт кылмышкер-күнөөкөрлөр тозокко кирген соң тозоктун эшиктери жабылып, от каапырлардын үстүнө түбөлүккө кулптанган болот:

**Ал эми аяттарыбызга каапыр болгондор болсо – сол тарап ээлери (Асхабы Мешъеме). «Эшиктери кулптанган» бир от ошолорго болот. (Балад Сүрөсү, 19-20)**

Бул дүйнөдө ага берилген чектүү мөөнөттү бош өткөргөн ар бир адамдын дайыма ичинде кала турган, түбөлүккө чейин эшиктери үстүнө кулптанган бул азапка ылайык болоорун эч унутпаңыз.

Кулптанган эшиктердин артында боло турган азап болсо бул дүйнөдө эч болжолдоого мүмкүн болбогондой бир азап. Куранда бизге сүрөттөлгөнү боюнча, тозок тар, ызы-чуулуу, караңгы жана түтүн каптаган бир мекен. Адамдын клеткаларын кууруган ысыктыгы, жийиркеничтүү тамак-аш жана суусундуктары менен азаптарга толгон бир жер. Тозокто ар бир көз ирмем ар тараптуу кыйноолорго толгон бир жашоо бар. Тозок элинин көзү эң коркунучтуу жана жийиркеничтүү көрүнүштөрдү көрөт; кулагы коркунучтуу жана азап бере турган үндөрдү, сыздагандарды, ызы-чуу, кыйкырык, онтоо, айкырыктарды угат; мурду мүмкүн болгон эң сасык жана жийиркеничтүү жыттарга толот; тили эң жийиркеничтүү даамдарды, эч чыдоого болбос азаптарды сезет, ошол эле учурда бүт денеси күйүп-куурулат.

Тозок калкынын жүзүн от каптап, баштарынын үстүнөн кайнак суулар куюлат, маңдайлары, карындары жана аркалары күйгүзүлөт. Жана бул азаптардын баары эч токтобостон жана жеңилдетилбестен түбөлүккө уланат.

Жалындуу от адамдарды ар тараптан ороп курчайт. Аллах тозоктогулар үчүн оттон кийимдер тигилгенин (Хаж Сүрөсү, 19), кийимдеринин кара майдан болоорун (Ибрахим Сүрөсү, 50) билдирүү менен, алардын азапта канчалык калаарын кабар берет. Күйгөн терилеринин ордуна жаңылары жаратылат (Ниса Сүрөсү, 56), натыйжада от берген кыйноо эч жеңилдебестен уланат. Ушундай абалда чынжырларга кишенделип, колдору моюндарына байлануу абалда оттун эң тар жана кысылган жерине ташталышат (Фуркан Сүрөсү, 13). Оттон болгон төшөктөргө жаткырылышат, үстүлөрүнө жапкандары да оттон.

Мындай азаптан кутула алуу үчүн дайыма кыйкырышат, жалбарышат, бирок аларга жооп да берилбейт. Жок дегенде бир күн болсо да азаптын жеңилдетилишин суранышат, бирок аларга басмырлануу жана азап менен жооп берилет.

Коркунучтуу бир добуш менен кайнап, алоолонгон тозок отунун ышкырыгы абдан алыстан угула турганчалык күчтүү. Тозок калкы тозокто «абдан күчтүү күйүп турган» (Меариж Сүрөсү, 15), «ачуулуу, жалындары күчөгөндөн күчөгөн» (Лейл Сүрөсү, 14) оттун ичине ташталышат жана абдан күйүшөт.

Манжаңыздын учу күйгөндө да катуу бир оору сезээриңизди эстеңиз. Жана оттуу азап мынчалык күчтүү болгон бир жерге баруу ыктымалдуулугун жарата турган кичинекей бир кыймыл-аракеттен да качышыңыз керек экенин бир саамга да болсо эч унутпаңыз.

Түбөлүк бир жашоо улана турган тозокто адамдар, албетте, ачка болушат, суусашат. Бирок бул дүйнөдө өз колдору менен кылгандарынын жана шүгүрсүз мамилелеринин жообун акыретте ушундайча алган адамдар тамак катары бир гана заккум дарагын жана тикенди таба алышат (Гашия Сүрөсү, 6). Суусундук катары болсо ириң жана кайнак суудан башка эч нерсе болбойт (Небе Сүрөсү, 24-25). Ошондой эле, бул тамак жана суусундуктарды тамактарынан да өткөрө алышпайт (Мүземмил Сүрөсү, 13). Болгондо да тамакка тыгылып калчу бул тамактардын эч бири тойгузбайт, ачкалыктан куткарбайт (Гашия Сүрөсү, 7).

Ал жерде оттон чыгууну каалашат, бирок андан чыга алышпайт; ичине кирген соң эми кайра чыгуу мүмкүн эмес. Адамдар азаптын күчүнө чыдай алышпай, жок болууну каалашат. Бирок ал жерде адам өлбөйт да, тириле да албайт, ар тараптан өлүм келет, бирок өлбөйт (Ибрахим Сүрөсү, 17). Өз топтогондорунан башкасы менен азапталбай турган тозок калкынын азабы жеңилдетилбейт жана аларды эч ким карабайт.

Тозоктогу от өлтүрбөйт, бир гана азап берет. Адам мунун түбөлүккө уланаарын билгендиктен, эч чыдагыс чарасыздык, үмүтсүздүк жана кыйроо ичинде болот. Азаптын дагы бир тарабы болсо – бул өзгөчө адамдар бул дүйнөдө эң маани берген текеберликтерин, шылдыңчылдыктарын, бой көтөрүүлөрүн көрсөткөн беттеринин күйүшү. Болгондо да бет – бул бардык сезүү органдары чогулган, азап эң күчтүү сезилген жерлердин бири:

**Жүздөрүн от орогон күнү: «Кыйроо болсун бизге, Аллахка моюн сунганыбызда кана жана Пайгамбарга моюн сунганыбызда кана (аттиң)» дешет. (Ахзаб Сүрөсү, 66)**

**От алардын жүзүн ороп күйгүзөт, анын ичинде алар (эттери шылынып түшкөн) тиштери менен калышат. (Мүминун Сүрөсү, 104)**

Тозокто бетиңиздин отто күйүп жанышын каалабасаңыз, анда бул дүйнөгө жаралуу максатыңызды жана Аллахтын ыраазычылыгына жете албасаңыз сөзсүз тозокко жолугаарыңызды эч унутпаңыз.

Тозокто адамдар бул жерге чейин баяндалган дене азаптары менен бирге басмырлануу, шылдың болуу, бушаймандык, чарасыздык жана үмүтсүздүк сыяктуу руханий азаптарга да кабылышат. Аллахка ибадат кылуудан бой көтөргөн текеберлер тозокко мойну бүгүлгөн абалда киришет. Бул дүйнөдө бой көтөрүү менен жүргөндөр акыретте моюндарын жерге салып Аллахка жалбарышат. Ушунчалык кыйроого туш болушуп, басмырланып, уят болгон абалга түшүшкөндүктөн, баштарын да көтөрө алышпайт:

**Оттун ичинде жүзү жер карап айдала турган күнү тозоктун азабын таткыла (деп айтылат). (Камар Сүрөсү, 48)**

**Аны кармап, тозоктун ортосуна айдагыла. Анан кайнак суунун азабынан башынан ылдый куйгула; (азапты) тат; себеби сен (өз оюңда) жогору, кадырлуу элең. Чынында бул силер күмөндө болгон нерсеңер. (Духан Сүрөсү, 47-50)**

**Тозоктун отуна басмырланып айдалуу менен айдала турган күнү; (Тур Сүрөсү, 13)**

Башка бир аятта болсо Аллах каапырлардын тозокко кириши жөнүндө «Эми алар жана адашкандар анын ичине ташталышты.» (Шуара Сүрөсү, 94) деп буюрууда.

Бул адамдардын баары ал күнү күнөөлөрүн моюндарына алышат. Аяттарда да билдирилгендей, «Эгер угуп, акыл жүгүрткөнүбүздө, ушул алоолоп күйгөн оттун калкы арасында болбойт элек» (Мүлк Сүрөсү, 10), «Дүйнөгө кайра кайтарылып, ыймандуулардан болгонубузда кана аттиң» (Энъам Сүрөсү, 27), «Аллахка жана Пайгамбарга баш ийгенибизде кана аттиң» (Ахзаб Сүрөсү, 66) дешет. Ал күнү бири-бири менен урушушат, бири-бирин каргашат, бири-биринин азабы үчүн дуба кылышат.

Бейиш калкынан суу жана ырыскы сурашат; бирок булардын баары аларга арам кылынган. Ал жерде жардам сурашканда, аларга «катуу бир суюктук сыяктуу жүздөрдү кууруп күйгүзүүчү бир суу» менен жардам берилет (Кехф Сүрөсү, 29)

Тозоктун ичинде алар «Раббибиз, бизди чыгар, кылганыбыздан башка ыкластуу бир амал (иш-аракет) кылалы» (Фатыр Сүрөсү, 37) деп Аллахка сөз беришет. Бирок булардын баары үмүтсүз жаналакеттер гана. Эч бири пайда бербейт жана бул адамдарды күткөн натыйжаны өзгөртө албайт.

Демек, «Аллахтан кайра кайтарууга мүмкүн болбогон ал күн келээрден мурун Раббибизге ибадат кылгыла жана ал күнү силер үчүн жашына турган бир жер да жок, силер үчүн баш тартууга (бир мүмкүнчүлүк) да жок» (Шура Сүрөсү, 47) аятын эч унутпаңыз.

Билип коюңуз, адилеттүүлүк менен өкүм берүүчү Аллах сиз да кошо, бул дүйнөдөгү бардык адамдарга эскертүүчү жөнөткөн жана бул дүйнөдө сабак ала турган адам сабак ала турганчалык өмүр берген. Ошондуктан Аллах «заалымдар» деп атаган бул адамдар үчүн акыретте бир жардамчы болбойт (Фатыр Сүрөсү, 37). Ал күнү адамдардын бул дүйнөдө өз колу менен кылгандарынын азаптуу натыйжасынан башка нерсеге кабылбашы апачык бир чындык.

Мына Аллах пенделерин өмүр бою ар кандай жолдор менен эскертип коркуткан, бардык майда-бараттарын али бул дүйнөдө турганыбызда билдирген жана аларды тоскон тозок ушундай бир жер. Бул дүйнөдө тозок менен эскертилип коркутулбаган, түбөлүк азаптан кабарсыз болчумун деп айта ала турган эч ким жок. Аллах ал күнү адамдар башынан өткөрө турган бушаймандыкты бизге билдирген. Аяттарда мындай буюрулууда:

**Ал күнү тозок да жакындатылган болот. Адам ал күнү ойлонуп-эстейт, бирок (бул) эстөөдөн ага эмне пайда? (Ал) Айтат: «Аттиң, жашоом үчүн (мурдатан бир нерселер) алып келген болгонумда.» (Фежр Сүрөсү, 23-24)**

Демек, сиз да ал күн келгенде, бул дүйнөдө жасалган эскертүүнүн сизге эч пайда алып келбешин жана тозоктон бир жыл эмес, миң жыл эмес, бир миллион, бир миллиард жыл эмес, ал тургай, миң триллион жыл да эмес, түбөлүккө чейин чыгуунун эч мүмкүн эмес экенин эч унутпаңыз.

## БЕЙИШКЕ ЧЫНЫГЫ ЫЙМАНДУУЛАРДЫН ГАНА КИРЭЭРИН УНУТПАҢЫЗ

**Бейиш болсо такыба (адам)дар үчүн алыста эмес, (ал күнү) жакындатылган. Силерге убада кылынган ушул; (чын көңүлдөн Аллахка) багытталып бурулган (Исламдын өкүмдөрүн) аткарган, көрбөсө да Рахмандан «ичи титиреп корккон» жана «чын көңүлдөн Аллахка багытталган» бир жүрөк менен келгендер үчүн. Ага аман-эсен жана тынчтык (салам) менен киргиле. Бул түбөлүктүүлүк күнү. (Каф Сүрөсү, 31-34)**

Аяттарда айтылгандай «жашай турган жерлердин эң жакшысы» жана «Аллах Кабатындагы чыныгы барыла турган сонун мекен» болгон бейишке ылайыктуулар сурак күнү өмүр бою кылгандарынын баары ичинде жазылуу болгон амал дептерлерин оң тарабынан алышат жана жеңил бир суракка алынышат. Андан соң түбөлүккө улуу бир бейпилдик ичинде жашашат. Аллах ыймандууларга муну Куранда көптөгөн аят менен сүйүнчүлөгөн:

**Эми кимдин китеби оң тарабынан берилсе, ал оңой бир сурак менен суракка алынат, жана өз жакындарына кубаныч ичинде кайтат. (Иншикак Сүрөсү, 7-9)**

**Эми китеби оң колуна берилген адам: «Алгыла, китебимди окугула. Себеби мен чынында суракка кабылам деп ойлогом (түшүнгөм)» дейт. Эми ал ыраазы боло турган бир жашоо ичинде. Бийик бир бейиште. (Хакка Сүрөсү, 19-22)**

Мындай жашоого татыктуу болгон ыймандуулар периштелер тарабынан «Силерге салам болсун, кош жана таза келдиңер. Түбөлүк жашоочулар болуп ага киргиле» (Зүмер Сүрөсү, 73) деп тосуп

алынышат. Андан соң бөлүк-бөлүк алынышып, эсендик, коопсуздук жана салам менен бейишке киришет. Бул абал аяттарда мындайча кабар берилет:

**Мына ошолор сабыр кылганы үчүн (бейиштин эң сонун жеринде) бөлмөлөр менен сыйланышат жана ал жерде амандык тилеги жана салам менен тосуп алынышат. Ал жерде түбөлүк жашашат; жайгашкан орундары, түшкөн мекендери кандай сонун. (Фуркан Сүрөсү, 75-76)**

Унутпаңыз; анык бир илим менен чындап акыретке ыйман келтирген, сурак күнү себебинен Раббибизден коркуп ыкластуу амалдарды кылган бир адам болсоңуз, мындай бир жолугушууга татыктуу болуп, жаркыраган бир нур жана кубаныч мекени болгон бейиш менен сыйланууну үмүт кыла аласыз. Аллах бейиштегилердин сөздөрүн бизге мындайча билдирген:

**«Себеби биз Раббибизден (жана жүрөктү) сыга турган оор күндөн (кыяматтан) коркобуз.» Эми Аллах аларды мындай күндүн жамандыгынан коргоду жана аларга жаркыраган бир жарык жана бир кубаныч берди. (Инсан Сүрөсү, 10-11)**

Бейиш дегенде адамдардын көпчүлүгүнүн оюна учу-кыйыры жок бир жашыл чөп-дарактар, суулар, кыскача айтканда, бир гана табияттагы кооздуктар келет. Бирок бейиштин өзү, сизге бүгүнкү күнгө чейин айтылып келген сыяктуу, булар менен эле чектелбейт. Бейиш – бул Аллах Өзүнө ыйман келтиргендер үчүн даярдаган, чексиз кооздуктар, адам каалашы мүмкүн болгон бүт нерсе жана ал тургай андан да жогорку немат-жакшылыктар бар бир мекен. Бул дүйнөдө көргөндөрүбүз менен бейишти элестетебиз, бирок Аллахтын ыймандуулар үчүн даярдаган нематтарын толук түшүнүү үчүн булар жетишсиз. Бейиштин өзүн ага жолукканда гана толук түшүнө алабыз. Бир аятта бул чындыкка мындайча көңүл бурулган:

**Эми эч бир напси (жан) кылгандары үчүн аларга көз кубанта турган эмнелердин (сансыз нематтардын) жашырылганын билбейт. (Сажда Сүрөсү, 17)**

Бул дүйнөдө материалдык жана руханий көңүлүбүзгө жаккан эмне бар болсо, ошолордун эң сонуну жана кемчиликсизи ошол жерде. Бейиш – улуу мүлк жана байлыктарга толгон, ар түрдүү сулуулук жана немат-жакшылык чогулган бир жер. Адамдар каалаган жана көргүсү келип ырахат ала турган бүт нерсе бар болгон бейиште адамдар бул дүйнөдө элестете да албаган сулуулук жана немат-жакшылыктар ыймандууларга сунулган. Аллах бир аятында бейиш жөнүндө мындай кабар берүүдө:

**Кайсы тарапка бурулсаң, бир немат жана чоң бир мүлк көрөсүң. (Инсан Сүрөсү, 20)**

Бейиште ыймандууларга ырахат катары көптөгөн сонун тамак жана суусундук сунулат (Мүрселат Сүрөсү, 43). Аллах бейиштеги ыймандууларга «каалап эңсеген мөмөлөрдөн жана эттен көп көп» (Тур Сүрөсү, 22), мындан тышкары, көңүлдөрү тарткан куш этинен (Вакыа Сүрөсү, 21) да сунат. Болгондо да ырыскылар эч түгөнбөйт (Сад Сүрөсү, 54). Куранда астынан суулар аккан, жемиштери жана көлөкөлөрү

дайыма турган (Рад Сүрөсү, 35) бейиштеги жапжашыл бакчаларда (Рахман Сүрөсү, 64), бутактары үзүлүшү оңой мөмөлөргө толо (Инсан Сүрөсү, 14), үстү-үстүнө тизилген мөмөлөрү чубалжыган дарактар сүрөттөлгөн (Вакыа Сүрөсү, 28-29). Аллах бейиш менен байланыштуу аяттарда эң көп сөз кылган сулуулуктардын бири болсо – бул тынымсыз аккан суулар жана булактар (Рахман Сүрөсү, 66).

Мындан тышкары, ичинде бузулбаган суудан, даамы өзгөрбөгөн сүттөн жана балдан ичкендерге ырахат тартуулаган дарыялар болот (Мухаммед Сүрөсү, 15). Бейиштеги немат-жакшылык жана сулуулуктардын бир бөлүгү бул дүйнөдөгүгө окшосо, бир бөлүгү болсо мурда эч бир адам көрүп билбеген «ар түрдүү назиктик жана кооздуктарга» ээ болот (Рахман Сүрөсү, 48). Элестетүү күчүбүздөн бир топ алыс, Аллах чексиз илими менен даярдаган көптөгөн кооздук жана немат бейиште ыймандууларды күтүүдө. Себеби Аллах ал жерде каалагандарынын баарынын алардыкы болоорун сүйүнчүлөөдө (Шура Сүрөсү, 22).

Бейиштеги ыймандуулар абдан сонун үйлөрдө жашашат (Тообо Сүрөсү, 72), бул үйлөрдө абдан тыкан жасалгаланган баалуу таштуу тактылар үстүндө жазданып отурушат (Вакыа Сүрөсү, 15-16). Бейиште ыймандууларга сүйүнчүлөнгөн башка немат-жакшылыктардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

**Айланасында күмүштөн идиштер, чөйчөктөр(дө суусундук, тамак-аш) айлантып турулат. (Инсан Сүрөсү, 15)**

**Жана сабыр кылганы үчүн бейиш менен жана жибек менен сыйланышты. (Инсан Сүрөсү, 12)**

**Алардын үстүндө жука жибек жана абдан токулган атластан жашыл кийимдер бар. Күмүш билериктер тагынышкан... (Инсан Сүрөсү, 21)**

Албетте, бул дүйнөдө да адам үчүн эң чоң нематтардын бири – бул сүйгөн, ырахат алган адамдары менен бирге болуу. Ыймандуулар Аллахка чын жүрөктөн жакын болгон, такыба ээси бир туугандары менен бирге болуудан чоң ырахат алышат. Ушундай табиятта жаратылган ыймандуулар үчүн бейиште да сүйгөн бул адамдары менен бирге жашай турган болушу абдан чоң бир кубаныч тартуулайт. Болгондо да мындай чогуу болуу жылдар менен чектелбейт, түбөлүккө уланат. Аллах ыкластуу пенделеринин бейиште сүйгөн адамдары менен бирге боло алаарын мындайча сүйүнчүлөгөн:

**Алар Адн бейиштерине киришет. Аталарынан, жубайларынан жана урпактарынан «ыкластуу аракеттерди» кылгандар да (Адн бейиштерине кирет). Периштелер аларга ар бир эшиктен кирип (мындай дешет:) «Сабыр кылганыңар үчүн салам силерге. (Дүйнө) Мекени(нин) аягы кандай сонун.» (Рад Сүрөсү, 23-24)**

Аллах ыймандууларга бейиште напсилери каалагандай жубайларды да берет. Бул Куранда «ал жерде алар үчүн таптаза болгон жубайлар бар...» (Ниса Сүрөсү, 57) аяты аркылуу билдирилүүдө. Бейиштеги түгөйлөр «Чынында, Биз аларды жаңы бир куруу (жаратуу) менен курап-жараттык.» (Вакыа Сүрөсү, 35) аятында билдирилгендей, бул дүйнө жашоосунун кемчиликтеринен аруу абалда жаңы бир

жаратылышта жаратылышат. Аллах ыймандуулардын жана жубайларынын көлөкөлөрдө жана тактылар үстүндө жазданып, «кубаныч жана бакытка толгон бир алектенүү» ичинде болоорун билдирүүдө (Йасин Сүрөсү, 55-56).

Бейиштеги пенделерин немат үстүнө немат менен сыйлаган Аллах бүт нерсени адам эң көп ырахат ала турган абалда жараткан. Ал жерде Аллах ыймандуулардын ар бир каалаганын жаратып, аларды сыйлоодо. «Ал жерде эмне кааласа, баары алардыкы. Кабатыбызда андан да көбү бар.» (Каф Сүрөсү, 35) аяты менен адам каалашы мүмкүн болгондон, элестете алгандан көбүн бейиште берээрин да билдирүүдө.

Аллах бейишин сагынтуу жана адамдардын Аллахтын ыраазычылыгына ылайык жашашы үчүн бул дүйнөнү кемчиликтерге толо кылып жараткан. Бейишке салыштырмалуу немат-жакшылыктары аз болгон бул дүйнөнүн эң маанилүү кемчиликтеринин бири – бул бүт нерсенин түгөнө турган болушу. Мындан тышкары, каапырларга Аллах берген дагы бир балээ бар: бул дүйнөгө жабышып акыретти унутканы үчүн бул жердеги эң сонун нерселерден да бир мөөнөттөн соң тажап, ырахат ала албай турган абалга келишет. Ал эми бейиш болсо кооздуктарга толгон, тажабастан жана чарчабастан бүт бул нематтардын ар биринен эң көп ырахат алына турган бир мекен. Ыймандууларга бул дүйнөдөгү сыяктуу, бейиште да эч тажоо болбойт жана болгондо да чарчоо деген нерсени эч качан сезишпейт. (Фатыр Сүрөсү, 35)

Бирок унутпаңыз, бейиштеги бардык нематтардын үстүндө, эң улуу жыргалчылык – бул Аллахтын ыраазычылыгына жеткен болуу. Аллахтын ыраазычылыгына жеткен болуу – ыймандуулар үчүн эч бир материалдык кооздук менен салыштырууга мүмкүн эмес бир бактылуулук жана бейпилдик... Куранда да билдирилгендей, **«...Аллахтан болгон ыраазычылык болсо эң улуу...» (Тообо Сүрөсү, 72)**.

Бейиштеги бардык жакшылыктар Аллахтын ыраазычылыгы натыйжасында берилгени үчүн абдан баалуу. Аллах бейишке ылайыктуу көргөн адамдын өмүр бою кылган иштеринен ыраазы болгон, каталарын кечирген жана аны түбөлүк чыныгы жашоосунда, ыраазы боло турган эң сонун мекенге койгон болот. Аллах ыйман келтиргендерге Куранда мындай сүйүнүчтүү кабар айтууда:

**Эй мутмаин (көңүлү ток) напси, Раббиңе (Аны) ыраазы кылган жана (Андан) ыраазы болгон абалда кайт. Эми пенделеримдин арасына кир. Бейишиме кир. (Фежр Сүрөсү, 27-30)**

Аллахты ыраазы кылгандарга убада кылынган бейиш ушундай. Мындай сонун натыйжага, т.а. бейишке бир гана бул дүйнөнүн сыноо мекени катары жаратылганын билген, Аллахтын эскертүүлөрүн тыңдаган, абийирин уккан, Аллахтын ыраазычылыгына карап гана кыймыл-аракет жасагандардын жетээрин эч унутпаңыз.

## АЛЛАХКА ДУБА КЫЛУУНУ УНУТПАҢЫЗ

**Раббиңерге жалбарып, купуя түрдө дуба кылгыла. Албетте, Ал чектен чыккандарды сүйбөйт. Жер бетинде, аны оңдогондон кийин, бузукулук чыгарбагыла; Ага коркуу жана үмүт менен дуба кылгыла. Чынында Аллахтын ырайымы жакшылык кылуучуларга жакын. (Аьраф Сүрөсү, 55-56)**

Аллахтын бүт адамдардын Рабби болгон сыяктуу сиздин да Раббиңиз экендигин, жашоодогу эң улуу досуңуздун жана таянычыңыздын Аллах экенин, бүт нерсени эң биринчиден Аллахтан сурашыңыз керек экенин унутпаңыз.

Дуба – адамды Аллахка чын ыкластан жакындата турган маанилүү ибадаттардын бири. Адамдардын баары дубага муктаж. Бирок ыймандуулар үчүн дуба өмүрлөрүнүн бөлүнгүс жана табигый бир бөлүгү болсо, башка адамдар үчүн бир гана чоң кыйынчылыктарга түшкөндө, өмүрү коркунучка кабылганда эске түшкөн бир кутулуу жолу болуп саналат. Албетте, бир гана кызыкчылыктар үчүн кылынган дуба Аллах Кабатында кабыл болбошу мүмкүн. Себеби эң сонуну – бул бейпилдикте да, кыйынчылыкта да, кыскача айтканда, адамдын дайыма Аллахтан жардам сурашы. Себеби дуба кылган адам Раббибиздин алдындагы алсыздыгын, Аллах кааламайынча эч нерсеге күчү жетпешин түшүнгөн болот.

Дуба Аллахка моюн сунууну да алып келет. Дуба кылган адам алдынан чыгышы мүмкүн болгон кыйын же жеңил ар кандай окуяда ааламдын Жаратуучусу жана Өкүмдары болгон Аллахты өзүнө өкүл (Векил) туткан болот. Бир маселени чечүүнүн же алдын алуунун бардык жолдорунун ааламдагы бардык күч-кудуреттин ээси Аллахка тиешелүү экенин билүү, бардык иштеринде Аллахты өкүл тутуу жана бир гана Ага дуба кылуу – ыймандуу үчүн бейпилдик жана коопсуздук булагы.

Бирок, албетте, бул жерде туура эмес бир түшүнүккө да токтолуу керек. Бир адамдын бардык иштери үчүн Аллахка дуба кылышы эч нерсе кылбай, отуруп күтүү деген мааниге келбейт. Адам башына келген бүт нерсенин Аллахтын башкаруусунда экенин билип, мунун бейпилдигин жашашы керек, бирок ошол эле учурда Аллах ага чечүү жолу катары көрсөткөн себептерди да толук жасашы зарыл. Аллахка чындап, чын ыкластан дуба кылган бир адам Ал койгон эрежелерге ылайык кыймыл-аракет дубасын да кылышы керек. Бул жерде кыймыл-аракет дубасы адамдын кандайдыр бир каалоосуна жетүү үчүн колунан келген бүт нерсени толугу менен жасашын түшүндүрөт. Мисалы, ооруган бир адамдын докторго барышы, дары ичиши, өзүн жакшы карашы айыгуу үчүн кылган бир кыймыл-аракет дубасы болот. Муну менен бирге адамдын булардын баарын жасап жатканда, Аллахтын ага шыпаа беришин суранышы болсо – бул сөз менен болгон бир дуба. Ошондуктан кыймыл-аракет дубасы - сөз менен кылынган дуба менен бирге жасалышы керек болгон негизги ибадаттардан.

Дубаңызда чындап ыкластуу болууну, чын жүрөктөн бир муктаждык менен Аллахка кайрылууну унутпаңыз. Себеби Аллах адамга күрөө тамырынан да жакын, бүт нерсени билүүчү жана угуучу. Жана дуба – бул Аллахка жете алуунун эң оңой жолу. Адамдын ичинен өткөргөн жалгыз бир ою да Аллахтан жашыруун калбайт. Бирок адамдардын көпчүлүгү Аллахтын бардык дубаларга, каалоолорго күбө экенин билишпейт. Алар дуба кылганда, Аллах кээ бирлерин угат, (Аллахты аруулайбыз) кээ бирлерин болсо укпайт же укса да жооп бербейт деп ойлошот. Бул абдан туура эмес көз-караш. Адамдын ичинен өткөн ар бир ойуна, тили менен айткан ар бир каалоосуна Аллах күбө жана жооп берет. Куранда бул чындыкка мындайча көңүл бурулган:

**Эгер Менин пенделерим сенден Мен жөнүндө сурашса, (айткын) Мен (аларга) абдан жакынмын. Мага дуба кылышса, дуба кылуучунун дубасына жооп беремин. (Эми,) Мага да жооп беришсин жана ыйман келтиришсин. Туура Жолго түшүп калышаар. (Бакара Сүрөсү, 186)**

Демек, чын ыкластан Аллахтан бир нерсе суроо үчүн адамдын ойлоп коюшу эле жетиштүү экенин унутпаңыз. Мына Раббибиз болгон Аллахка жетүү ушунчалык оңой.

Адам табиятынан шашма бир жандык. Ошондуктан Куранда Аллах «Адам шашма (сабырсыз) болуп жаратылды. Силерге аяттарымды жакында көрсөтөм. Азыр мынча шашылбагыла.» (Анбия Сүрөсү, 37) аяты менен адамдын ушул тарабын билдирет. Адамдын мындай шашмалыгы кээ кээде дубаларында да көрүнүшү мүмкүн. Жогоруда да айтылгандай, дуба кылганда ошол замат дубасына жооп берилишин каалайт.

Чынында болсо, сиз үчүн эмненин жакшы экенин Аллахтын жакшы билээрин билишиңиз керек. «...(Кээде) бир нерсени жаман көрүшүңөр мүмкүн. Чынында ал силер үчүн жакшылык. Ошондой эле (кээде) силер жакшы көргөн нерсе өзүңөргө жамандык болуп чыгат. Аллах билет, силер билбейсиңер.» (Бакара Сүрөсү, 216) аяты адамга ушуну кабар берет. Ошондуктан адам Аллахтан бир нерсе суранганда, каалоону Ага калтырышы керек, Андан ар кандай шартта ыраазы болуп сабыр менен күтүшү зарыл. Балким дуба кылып сураган нерсеңиз сизге бир жакшылык алып келбестир, ушул себептен Аллах аны сизге бербей жаткандыр. Балким ал жакшылыкка жетишиңиз үчүн белгилүү деңгээлде бышып жетилишиңиз, бул үчүн болсо белгилүү бир мөөнөт тарбияланышыңыз керек болуп тургандыр. Балким Аллах сизге андан да жакшыраак башка бир жакшылык береттир, бирок сабырыңызды жана Ага болгон бекемдигиңизди сынап жаткандыр. Дубада сабыр кылуу керек экенин Аллах Бакара Сүрөсүндө мындайча кабар берүүдө:

**Сабыр жана намаз менен жардам сурагыла. Бул, албетте, кичипейил болгондордон башкалар үчүн оор (бир жүк). (Бакара Сүрөсү, 45)**

Дубада сабыр кылуу ыймандуу адамды бышыраарын, күчтүү бир эрк жана кулк-мүнөзгө ээ кылаарын, адамдын дубасынын жообун терең бир руханий маанайга (даражага) ээ болуу менен алаарын унутпаңыз; мындай маанай болсо каалаган нерселеринин көпчүлүгүнө жетүүдөн баалуураак.

Бирок Аллахты зарыл деңгээлде тааный албаган адамдар Аллахтын дубаларына жооп берээринен күмөндө болушат. Ыймандуу адам дуба кылганда, Аллахтын аны угуп турганын жана ар бир дубасына кандай абалда болбосун жооп берээрин билет. Себеби окуялардын ээн баш жана кокустан эмес, Аллах аныктаган тагдырга ылайык ишке ашаарын билип турат. Ушул себептен дубама жооп албашым мүмкүн деген сыяктуу күмөндө болбойт. Сиз Аллахтын жардамынан эч күмөнгө түшпөстөн, кабыл болооруна толук ыйман келтирип, Раббибизге дуба кылууну унутпаңыз жана Аллахка толук ишенип, таяныңыз. Себеби Аллах пенделеринин Ага жакын болушун каалайт. Сизди болгону бир тамчы суудан жараткан, ааламды жоктон жараткан Аллах үчүн сиздин дубаңызга жооп берүү абдан оңой. Демек, сиздин жалгыз милдетиңиз – бул ишеним жана сабыр менен сурануу.

Дубанын өзгөчөлүгү – бул Аллах менен пендеси арасында өзгөчө бир байланыш болушу. Адам болгон арызын жана каалоолорун Ага төгөт, Ага жалбарат, Аллах болсо дубаны угуучу жана дубага жооп берүүчү. Ошондуктан Куранда дуба эч кандай абал-калыпка салынган эмес. «Аллахты турганда, отурганда, жатканыңарда эстегиле.» (Ниса Сүрөсү, 103) аяты адамдын ар кандай абал жана шартта, кандайдыр бир калыпка кирбестен, Аллахты эстеп, Ага дуба кыла алаарын көрсөтөт. Себеби калып эмес, адамдын чын ыкласы маанилүү...

Дуба үчүн белгилүү бир жер да жок. Базарда, көчөдө, унаанын ичинде, мектепте, жумуш ордунда, кыскача айтканда, бүт жерде дуба кыла алаарыңызды унутпаңыз. Бирок маанилүүсү – дуба учурунда мээңизди бардык бош ойлордон тазалашыңыз жана Аллахтын жакындыгын сезишиңиз.

Дубасыз бир жашоонун Аллах Кабатында эч баркы жок экенин да унутпаңыз. Фуркан Сүрөсүнүн 77-аятында адамдар «Силердин дубаңар болбосо, Раббим силерге маани берет беле?» сөзү менен эскертилишет. Адам пенделик (кулчулук) аң-сезиминде болгондо гана Аллах Кабатында бир кадыр-баркка ээ боло алат. Ошондуктан адам Аллахка багытталышы, Аллахка каталарын мойнуна алышы жана бир гана Аллахтан жардам сурашы керек. Мындан башка бир кыймыл-аракет Аллахка бой көтөрүү дегенди билдирет; Аллах Куранда мунун жазасынын түбөлүк тозок экенин билдирген.

Аллахтын мээримдүүлөрдүн эң мээримдүүсү экенин эч унутпаңыз. Аллах Куранда туура эмес кылгандын Анын кечиришин суранса, эч бир күнөөлөрдү айырмалабастан бул адамды кечирээрин айтууда (Ниса Сүрөсү, 110). Ушул себептен сиз да дуба кылып жатканыңызда, Аллахтын коргоочу жана кечиримдүү сыпаттарын ойлонуңуз жана үмүт кылып Ага дуба кылыңыз.

Кылган катаңыз жана ушул себептен сезген абийир азабыңыз канчалык чоң болбосун, бул Аллахтын кечиримдүүлүгүнөн үмүт үзүшүңүз үчүн бир себеп эмес. Муну менен бирге адамдын ката кетирүүдөн жана күнөө кылуудан улам ичине кирген маанайы анын үмүт менен дуба кылышына да тоскоол болбошу зарыл. Себеби Куранда бир гана каапырлардын Аллахтын мээриминен үмүт үзүшөөрү айтылууда:

**... жана Аллахтын ырайымынан үмүт үзбөгүлө. Себеби каапырлар коомунан башкасы Аллахтын ырайымынан үмүт үзүшпөйт. (Йусуф Сүрөсү, 87)**

Ошондой эле эч кимдин «бейиштик болуу» сыяктуу бир кепилдигинин жок экенин да унутпаңыз. Эч ким Аллахтын азабынан ток пейил боло албайт. Ошондуктан адам дуба кылып жатканда, бир тараптан Аллахтын мээриминен үмүт кылып, экинчи тараптан болсо Анын ыраазычылыгын жоготуп алуудан коркушу керек. Бейишке кирүү үчүн канчалык каалоо менен дуба кылып жатса, тозоктон кутулуу үчүн да ошончолук каалоо менен дуба кылышы зарыл. Б.а. тозоктон коркуп, бейишке жетүүнү үмүт кылышы керек. Аллахтын улуулугун сезген, Анын азабынан корккон жана ыраазычылыгына жетүүнү каалаган адам жүрөгүнөн чыккан чын ыкластуу жана чынчыл сөздөрү менен Аллахка кайрылат. Ошол сыяктуу өзүн Аллахка тапшырган, дос жана жардамчы катары Аллахка таянган адам ар кандай кыйынчылык жана арызын Раббибизге төгөт. «Мен жан чыдагыс азабымды жана кайгымды бир гана Аллахка арызданып жатам.» (Йусуф Сүрөсү, 86) деген Аз. Йакуб сыяктуу бүт кыйынчылык жана талаптарын Аллахка айтат, ар кандай жардам жана жакшылыкты Аллахтан сурайт.

Мындан тышкары, бир гана бул дүйнө жакшылыктарын каалап, кылынган дубанын Аллахка карата чоң бир ыкласссыздык экенин да унутпаңыз. Ыймандуулардын чыныгы максаты – бул бейиш. Аллах бир гана бул дүйнөнү каалаганга бул дүйнөнү берет, бирок акыретте бул адамдар үмүт кылган жоопту албашы мүмкүн. Аллах муну аяттарында мындайча кабар берген:

**... Адамдардын ушундайы бар: «Раббибиз, бизге бул дүйнөдө бер» дейт; анын акыретте насиби жок. Алардын ушундайы да бар: «Раббибиз, бизге бул дүйнөдө да жакшылык бер, акыретте да жакшылык (бер) жана бизди оттун азабынан сакта» дейт. Мына ушулардын тапкандарына жараша насиптери бар. Аллах абдан жакшы эсептешүүчү. (Бакара Сүрөсү, 200-202)**

Караңгы (сабатсыз) адамдардын эң негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – бул алардын бир кыйынчылык келгенде, бүт нерсени бир тарапка таштап, Аллахка дуба кылышы, кыйынчылык өтүп кеткен соң болсо эч дуба кылбагандай болуп, Аллахты унутушу. Б.а. Аллахка өз ойлорунда «акыркы чара» катары кайрылышы. Мындай шүгүрсүз мамиле Куранда мындайча сүрөттөлөт:

**Адамга бир жамандык келгенде, жатып алып да, отуруп да же турганда да Бизге дуба кылат; ал жамандыкты андан алып койгонубузда болсо, ага тийген зыянга Бизди эч (жардамга) чакырбаган сыяктуу болуп бурулуп кетет. Өлчөөнү бузгандарга кылган иштери мына ушундай коолдолгон. (Йунус Сүрөсү, 12)**

**Кургактыкта жана деңизде силерди Ал саякат кылдырат. Кайсы бир убакта силер кемеде баратканыңарда, кемелер жагымдуу жел менен аларды сүздүрүп бараткaнда жана муну менен сүйүнүп жатышканда, (капыстан) ага добул шамал келип согот жана ар тараптан толкундар аларды курчап калат; эми алар бул (толкундар менен) чындап курчалып калдык деп ойлошкондо, динде Ага «чын көңүлдөн моюн сунгандар (ыкластуу)» болушуп Аллахка дуба кылып башташат: «Ант болсун, эгер мындан бизди куткарчу болсоң, сөзсүз Сага шүгүр кылгандардан болобуз.» Бирок (Аллах) аларды куткарганда болсо, бир заматта акыйкатсыздык менен жер жүзүндө чектен чыгып башташат. Эй адамдар, силердин чектен чыгууңар өзүңөргө гана зыян; (бул) дүйнө жашоосунун убактылуу алдамчы коолдугу. Кийин Бизге кайтасыңар, Биз болсо кылгандарыңарды силерге кабар беребиз. (Йунус Сүрөсү, 22-23)**

Чынында болсо адамдын жашоосунда Аллахка муктаж болбогон жалгыз бир көз ирмеми да жок... Ошондуктан сиз Аллах бир аятында сүрөттөгөндөй «эрте менен кечинде, бийик эмес бир үн менен, өзүңүзчө, коркуу менен, жалбарып жалбарып жана терең терең» (Аьраф Сүрөсү, 205) дуба кылууну эч унутпаңыз жана Аллахка дуба кылбагандардын аягынын түбөлүк тозок азабы экенин да эч эсиңизден чыгарбаңыз. Бул чындык бир аятта мындайча кабар берилген:

**Силердин Раббиңер: «Мага дуба кылгыла, силерге жооп беремин (кабыл аламын)» деди. Мага ибадат кылуудан текеберленген адамдар тез арада кор болгон абалда тозокко киришет. (Момун Сүрөсү, 60)**

## АЛЛАХ АЛДЫНДА ДАЙЫМА ЧЫН НИЕТТҮҮ ЖАНА АК ЖҮРӨКТҮҮ БОЛУУНУ УНУТПАҢЫЗ

**... Кылган катаңарда силерге бир кыйынчылык (күнөө) жок. Бирок жүрөгүңөр менен ниет кылып (атайын) кылганыңарда бар. Аллах кечиримдүү, боорукер. (Ахзаб Сүрөсү, 5)**

Дин Аллах коркуусуна таянат. Аллахтан зарыл деңгээлде коркқондор гана динде ыкластуу боло алышат. Себеби Куранды караганыбызда ыкластуулуктун (чын пейилдүүлүктүн) Аллахтан ичи титиреп корккон, бир гана Аллах ыраазы боло турган кыймыл-аракетке багытталган адамдын мамилеси экенин түшүнөбүз. Эч нерсе ыкластуу бир момунду чыныгы максатынан адаштыра албайт; дин күнү жообун бере албай турган бир нерсеге эч жакындатпайт. Аллах аятында эң жакшы мамиленин ушул экенин мындайча көңүл булган:

**Үйүнүн түбүн (негизин) Аллах коркуусу жана ыраазычылыгы үстүнө курган адам жакшыбы, же болбосо үйүнүн түбүн кулай турган бир жардын бооруна куруп аны менен бирге өзү да тозок отунун ичине кулаган адамбы? Аллах зулумдук кылган бир коомго хидаят бербейт. (Тообо Сүрөсү, 109)**

Куранды караганыбызда ыймандуулардын эч ката кылбаган адамдар эмес, тескерисинче ката кетирген, бирок ошол замат тообо кылып, Аллахтын кечирүүсүн сураган адамдар экенин көрөбүз. Аллахтан ичи титиреп корккон момун жашаган ар бир көз ирмеминде мамиленин эң сонунуна жетүү үчүн аракет кылат. Кээде унутуп жаңылышы мүмкүн же ката кетириши мүмкүн; Куранда да момундардын чоң же кичине көптөгөн каталары баяндалат. Бирок эң маанилүүсү – бул кетирилген катадан чын ыклас менен, кайра кайталабайм деп артка кайтуу. Адамдын бир жолу ыйман келтирип, андан соң өмүрүн эч катасын өткөрүшү ансыз деле мүмкүн эмес; бул дүйнө - бир сыноо жана тарбия мекени. Мындан тышкары, ыймандуу адам ката кетиргенде, ар жолу Аллахтын алдындагы алсыздыгын түшүнөт. Аллах Куранда ар кандай ката кетирсе да, бушаймандык менен, чын ыкластан жана чынчылдык менен тообо кылган жана кыймыл-аракеттерин оңдогондорду кечирээрин убада кылган.

Ислам дини адамдардын эң эркин жана эң бейпил жашашын камсыздайт. Чынында болсо учурдагы коомдордо каталарга болгон реакция себебинен адамдардын көпчүлүгү кыймыл-аракеттерин коомдун критерийлерине жараша калыптандырышат. Ката кылган өзүн канчалык өзгөртсө да, коомдун ага болгон көз-карашы көп өзгөрбөйт. Адам кылган катасы менен мөөрлөнгөндөй эле болот. Бул болсо караңгы (сабатсыз) коомдун адамын алдамчылыкка түртөт. Адам жасалма ыкмалар менен, өзүн адамдардын көзүнчө жогору көрсөтүүгө аракет кылат. Дайыма адамдар мен жөнүндө эмне деп ойлойт деп эсептерди жасайт. Чынында болсо мындай бир зулумдуктан кутулуунун эң негизги шарты – бул Аллахка болгон ыкластуулук жана чынчылдык. Себеби дин «адамдар эмне дейт» коркуусун толугу

менен жок кылат жана ыймандууларды чын ыкластуулукту кыйраткан, чынчылдыкка тоскоол болгон ар түрдүү кыймыл-аракеттен алыстатууда:

**Жана жаман бир күнөө кылышканда же өздөрүнө зулумдук кылышканда, Аллахты эстеп ошол замат күнөөлөрүн кечиришин сурашат. Аллахтан башка күнөөлөрдү ким кечирмек эле? Ошондой эле, алар кылган (жаман иштерин) билип туруп кайталай беришпейт. (Али Имран Сүрөсү, 135)**

Чын ыкластуулук абийирге карап ойлонуу жана Аллах дайыма мени көрүп турат деген аң-сезимде кыймыл-аракет кылуу менен гана болушу мүмкүн. Адамдардын ой-пикир жана каалоолоруна карап кыймыл-аракеттериңизди калыптандыруунун сизди ыкластуулуктан алыстатаарын эч унутпаңыз. Аллахты унутуп, адамдардын ыраазычылыгына карап жасалган бардык кыймыл-аракеттер ыкластуулукка тоскоол болот. Аллахтын пенделерин ансыз деле дайыма көрүп, билип жана күбө болуп турганын эч унутпастан, Куранга ылайык кыймыл-аракет кылуу болсо ыкластуулукту алып келет.

Туура эмес жасалган нерсе эмне гана болбосун, чынчылдыктан кайтарбай турган нерсенин Аллахтан башка эч кимден коркпоо экенин эч унутпаңыз. Шайтан адамдар арасында уят болуу, адилетсиздикке кабылуу, зыян көрүү сыяктуу ойлор менен адамдарды көбүрөөк жасалмалык, алдамчылыкка түртөт. Чынында болсо бул бир куру ойлор гана. Себеби эң маанилүүсү – бул Аллахтын ыраазы болушу жана кечириши; себеби бул дүйнөдө да, акыретте да жаза жана сыйлык бир гана Аллахтан. Бүт адамдар ката кетириши мүмкүн. Эң маанилүүсү – бул эстеген же байкаган соң бул катадан улам Аллахка тообо кылып, артка кайтуу. Катаны жоюп, мамилени оңдоого берген мааниси адамдын ыкластуулугун көрсөтөт. Эч ката жасабаган адам жок болгондуктан, Аллахка карата эң ыкластуу жана чынчыл мамиле кылган адам эң жогору болот. Аллах бир аятында мындай буюрууда:

**Раббиңер силердин ичиңердегини жакшыраак билет. Эгер силер ыкластуу болсоңор, албетте Ал да (Ага) багытталып, кайткандарды кечирүүчү. (Исра Сүрөсү, 25)**

Ыкластуу адам кетирилген ар бир катада Аллах алдындагы алсыздыгын дагы бир жолу эстеп, Аллахка кайтып кайрылат. Себеби каталарды кечирүүчү бир гана Аллах, адамдар эмес. Б.а. адам катасы үчүн Аллахка чын ыкластан тообо кылган соң эми ал үчүн адамдардын эмне деп ойлогонунун эч кандай мааниси жок. Адамдардын ал жөнүндөгү ойлоруна маани берген, алардын ыраазычылыгын көздөгөн адамдар каталарын жабуу үчүн калп айтышып, андан да көп каталарга түшүшөт. Чынында болсо адамдарды алдашса да, Аллах бүт баарын билип турат. Сиз чынчыл болбогон, ыклассыз адамдардын эң көп өздөрүнө зулумдук кылышаарын эч унутпаңыз.

Аллах эч кимге күчү жеткенден көп нерсе жүктөгөн эмес, ыкластуу адамдардын унутуп же жаңылып жасаган бардык каталарын болсо кечирээрин убада кылган. Бул ыймандууларга Раббибиздин абдан чоң бир сүйүнчүсү. Аллах бир аятында мындай буюрууда:

**Аллах эч бир жанды алы-кудурети жетпеген нерсеге буюрбайт. (Ар кимдин) пайдасы да өз иши(нен), зыяны да өз иши(нен). «Раббибиз, эгер унутсак же ката кетирсек, бизди жазалаба.**

**Раббибиз, бизге бизден мурункуларга жүктөгөндөй оор ишти жүктөбө. Раббибиз, биздин үстүбүзгө кудуретибиз жетпеген нерселерди жүктөбө. Биздин күнөөлөрүбүздү өчүр жана кечир, бизге ырайым кыл. Өзүң биздин Кожоюнубузсуң. Каапыр коомдорго каршы бизге жардам бер. (Бакара Сүрөсү, 286)**

Мындан тышкары, адамдын чыныгы бир ыкластуулук менен Аллахка гана жакын болушу керек экенин унутпаңыз. Бир адам сабатсыз болушу мүмкүн, Аллахты ыраазы кылуу үчүн кылышы керек болгон кээ бир нерселерди билбеши да мүмкүн. Бирок Аллах чын ыкластан Ага багытталууну каалаган пенделерине сөзсүз туура жолду көрсөтүп, аларды хидаятка жеткирет. Эң маанилүүсү – бул адамдын чын ыкластуу жүрөк менен Раббибизге жакын болушу. Аллах Ага моюн сунуп, өзүн тапшыргандардын эч зыянга учурабашын мындай бир мисал менен сүйүнчүлөгөн:

**Ким жакшылык кылган (адам) болуп, жүзүн (өзүн) Аллахка тапшырса, эми чындыгында ал үзүлбөгөн бир туткага жабышкан болот. Бүт иштердин аягы Аллахка барат. (Локман Сүрөсү, 22)**

Демек сиз да алдыңыздан чыккан сансыз эскертүүгө көз жумбаңыз жана Аллахка чын ыкластуу жүрөк менен багытталуунун бул дүйнө жана акыретте жалгыз кутулуу жолу экенин унутпаңыз.

## КАТА КЫЛГАНЫҢЫЗДА ЭРТЕРЭЭК ТООБО КЫЛЫП, АЛЛАХТАН КЕЧИРИМ СУРООНУ УНУТПАҢЫЗ

**Кийин чынында Раббиң билбестик менен жамандык кылган, андан кийин мунун артынан тообо кылган жана оңолгондор (менен бирге). Шексиз, Раббиң кечиримдүү, боорукер. (Нахл сүрөсү, 119)**

Чын ыкластуулуктун Аллах Кабатындагы маанисин түшүнгөн бир адам кандай ката кетирбесин, Аллахка багытталып, Анын кечиришин суроо жана тообо кылуу мүмкүнчүлүгү бар экенин билет. Бул – Аллахтын чексиз мээриминин бир көрүнүшү. Аллах чексиз кечиримдүүлүгүн аяттарында мындайча кабар берген:

**Ким бир жамандык кылып же напсисине зулумдук кылып, анан Аллахтын кечиришин суранса, Аллахтын кечиримдүү жана ырайымдуу экенин көрөт. (Ниса Сүрөсү, 110)**

Аллах пенделерине ар кандай катадан артка кайтуу мүмкүнчүлүгүн берген. Аллах Кабатында катанын кичине же чоң болушу эмес, адамдын ыкластуулугу маанилүү. Бул, албетте, ыймандуулар үчүн абдан улуу бир ырайым.

**Жана жаман бир күнөө кылышканда же өздөрүнө зулумдук кылышканда, Аллахты эстеп ошол замат күнөөлөрүн кечиришин сурашат. Аллахтан башка күнөөлөрдү ким кечирмек эле? Ошондой эле, алар кылган (жаман иштерин) билип туруп кайталай беришпейт. (Али Имран Сүрөсү, 135)**

Бир нерсени билүү керек; кетирилген ката кандай гана болбосун, адамдар өз оюнда абдан чоңойткон эң чоң кылмыш болсо да, андан соң ыкластуу бир бушаймандык менен тообо кылып, Аллахка чын жүрөктөн багытталуу адамды бул жүктөн куткарат.

Бир адам ушул күнгө чейин динсиз болуп жашаган болушу мүмкүн, бүт өмүрүн Аллах ыраазы болбой турган абалда өткөргөн болушу да мүмкүн. Бирок бир заматта чын ыкластуу жана алган бекем бир чечими менен тообо кылышы натыйжасында Аллахтын кечирээрин жана тообосун кабыл кылаарын үмүт кыла алат. Аллахка карата жасалган кылмыштардан чын ыкластуу бир тообо менен кутулуу бир заматтык чечимден көз-каранды жана жалгыз кутулуу жолу. Бирок эң маанилүүсү – бул Аллахка берилген сөздө туруу жана Аллах сунуш кылган ыкластуулукка жете алуу. Аллах тообо жөнүндө бир аятта мындай буюрууда:

**Аллах кабыл кыла турган тообо – бир гана билбестик (караңгылык) себебинен жамандык кылып, артынан ылдам тообо кылгандардын (тообосу). Аллах ушундайлардын тооболорун кабыл алат. Аллах – билүүчү, өкүмдар жана даанышман. Ал эми күнөө кылып жүрө берип, качан алардан бирине өлүм келгенде гана «мен эми тообо кылдым» дей турган адамдардын жана каапыр бойдон өлгөндөрдүн тооболору кабыл кылынбайт. Андай адамдарга Биз жан ооруткан азапты даярдап койгонбуз. (Ниса Сүрөсү, 17-18)**

Сиз да кылган катаңыз кандай гана болбосун, ылдам тообо кылууну жана Аллахтан кечиришин суроону эч унутпаңыз. Өлүмдүн сизге ар качан келип калышы мүмкүн экенин жана бул үчүн балким башка эч мүмкүнчүлүгүңүз болбошу мүмкүн экенин ойлоп, ушул азыр эле тообо кылыңыз.

Албетте, бул Аллахка чындап ыйман келтиргендерден башкасына оор келет (Бакара Сүрөсү, 45). Бирок муну да унутпаңыз; ал адамдар тозокко мойну бүгүлгөн адамдар болуп (Момун Сүрөсү, 60), жүзү менен жерге сүйрөлүшүп киришет (Камер Сүрөсү, 48). Аяттарда кабар берилгендей, эми алар ал жерде Раббибизден айрылышкан, Аллах алар менен сүйлөшпөйт жана аларды тазалабайт дагы:

**Бир гана тообо кылган, ыйман келтирген жана ыкластуу амалдарды кылгандар башка; мына ошолордун күнөөлөрүн Аллах жакшылыктарга айлантат. Аллах абдан кечиримдүү, абдан боорукер. Ким тообо кылса жана ыкластуу амалдарды кылса, чынында ал тообосу кабыл алынган абалда Аллахка кайтат. (Фуркан Сүрөсү, 70-71)**

# ЭСКЕРТҮҮ АЛЛАХТАН КОРККОНДОРГО ГАНА ЖАРДАМ

## БЕРЕТ

**Сен кеңеш берип, эскерт; себеби чынында кеңеш менен эскертүү ыймандууларга жардам берет. (Зарият Сүрөсү, 55)**

Аллах бул дүйнө жашоосунда адамдарга сабак алууга жете турганчалык мөөнөт берет жана бул мөөнөт ичинде аларга ар түрдүү жолдор менен эскертүүлөрдү жасайт. Өзгөчө адам күн сайын жолуккан көп окуялар бул эскертүүлөрдүн арасына кирет. Мисалы, күн сайын көптөгөн өлүм окуясынын болуп турушу, булардан кабардар болушубуз, ал тургай күбө болушубуз Аллахтан келген бир эскертүү. Аллах бул окуялар аркылуу бизге да өлүмгө дайыма жолугушубуз мүмкүн экенин эскертет. Ошол сыяктуу бул дүйнөдө адамдар ээ болгон тышкы көрүнүш өзгөчөлүктөрү да Раббибиздин бир эскертүүсү. Адам өз кемчиликтерин күн сайын көрүп турат жана буларды көрмөксөн болушу эч мүмкүн эмес. Мурдараак да айтылгандай, Аллах мындай кемчиликтерди бул дүйнөдө берүү менен бул жердеги жашоонун жабышып, байлана турган эч бир тарабы жок экенин тынымсыз эскертет. Аллахтан адамдарга эскертүү катары келген дагы бир окуя – бул колундагы немат-жакшылыктардын жоголушу жана кырсык-балээлер. Бир адам абдан сулуу же абдан бай болушу мүмкүн. Бирок Аллах кааласа, кандайдыр бир окуяны себеп кылып, бул сулуулукту да, мал-мүлктү да ал адамдын колунан алып коюшу мүмкүн. Мунун мисалдарын айланабызда көп кезиктиребиз.

Мына ушулардын баарынын Аллахтын пенделерине бир ырайым катары кылган эскертүүлөрү экенин, буларды ойлонуп Аллах бизди чакырган туура жолдо алдыга жылышыбыз керек экенин эч унутпаңыз. Бирок Куранда да билдирилгендей, бул эскертүүлөр ыймандууларга пайда берсе, Аллахка карата бой көтөргөндөргө абдан оор келет:

**Демек, эгер кеңеш жана эскертүү бир пайда берсе, кеңеш берип эскерт. Аллахтан ичи титиреп корккон сабак алып, ойлонот. Бактысыз болсо андан качат. (Аъла Сүрөсү, 9-11)**

Дагы унутпаңыз; Куранды Аллах адамга бир жол башчы жана өз башынча бир сабак жана эскертүү катары түшүргөн. Аллах бул чындыкты бир аятында мындайча билдирүүдө:

**Ант болсун, Биз бул Куранда ар кандай түшүндүрмөлөрдү жасадык, сабак алып ойлонушсун деп. Чынында болсо бул алардын көбүрөөк качышын гана артырууда. (Исра Сүрөсү, 41)**

Куранда адамдарга көптөгөн эскертүү келгени жөнүндө көптөгөн аяттар бар. Ким бул эскертүүлөргө көз жумуп, жүз бурса, ал адам азапка татыктуу болгон болот. Куранда бул жөнүндөгү аяттар апачык:

**(Аларга) эскертүү (жасалган), Биз зулумдук кылуучу эмеспиз. (Шуара Сүрөсү, 209)**

**Чынында болсо, ант болсун, оор азабыбыздан алар эскертилген эле. Бирок алар бул эскертүүлөрдү шектенүү менен кабыл алышып, жалганга чыгарууда өжөрлүк кылышты. (Камер Сүрөсү, 36)**

Жасалган эскертүүлөрдүн баарынын Аллахтан келгенин унутпаңыз. Аллах пенделерине элчилери (пайгамбарлары) жана аларга жөнөткөн китептери аркылуу буйруктарын билдирип, ыраазы боло турган кыймыл-аракеттерди эске салган. Ыймандууларды болсо бири-бирин жакшылыкка чакырып, жамандыктан тосууга, туура жолду эске салууга милдеттендирген. Демек ыймандуу адам үчүн ага жасалган ар бир эскертүү абдан баалуу. Куранда адамдарга бири-бирине дайыма жакшылыкты сунуш кылып, жамандыктан тосушу жана бири-бирине бул жөнүндө эскертүүлөр бериши буйрулган. Өзгөчө Аллах жөнөткөн элчилер айланасындагы адамдарды чоң азаптан коргоо үчүн дайыма эскертишкен:

**Адамдар жалгыз бир үммөт эле. Аллах куш кабар берүүчүлөр жана эскертүүчүлөр катары пайгамбарларды жөнөттү жана аларга адамдар талашка түшкөн нерселер жөнүндө араларында өкүм берүү үчүн акыйкат китептерди түшүрдү. Чынында болсо, аларга апачык аяттар келген соң бири-бирине карата болгон адашуучулук жана кызганычтыктары себебинен пикир келишпестикке түшкөндөр ал (Китеп) берилгендер гана. Ушундайча Аллах ыйман келтиргендерди ал жөнүндө талашып калган чындыкка Өз уруксаты менен жеткирди. Аллах кимди кааласа ошону туура жолго салат. (Бакара Сүрөсү, 213)**

**Эй китеп берилгендер, пайгамбарлар келбей калган убакта: «Бизге куш кабар берүүчү да, бир эскертүүчү да келбеди» дешиңерге (мүмкүнчүлүк болбосун) деп силерге апачык баяндаган элчибиз (пайгамбарыбыз) келди. Ушундайча куш кабар берүүчү да, эскертүүчү да эми келди. Аллах бүт нерсеге кудуреттүү. (Маиде Сүрөсү, 19)**

Ошондуктан Куранда элчилерге баш ийүүнүн маанисине көп жолу басым жасалган. Элчи динди жеткирген соң, б.а. Китепти жана динди апачык адамдарга түшүндүргөн соң эми адамдардын Аллахка айта турган эч бир шылтоолору калбайт:

**Элчилер (пайгамбарлар) куш кабар берүүчүлөр жана эскертүүчүлөр катары (жөнөтүлдү). Элчилерден кийин адамдардын Аллахка карата (айта турган) далилдери болбосун. Аллах улуу жана кудуреттүү, өкүмдар жана даанышман. (Ниса Сүрөсү, 165)**

Мисалы, Нух Пайгамбардын динди баян кылышы, буга коомунун каршы турушу жана аягында кабылган коркунучтуу натыйжасы алардан кийин жашаган адамдарга сабак болушу үчүн Куранда абдан майда-баратына чейин баяндалган:

**Шексиз, Биз Нухту «Коомуңду аларга оор бир азап келишинен мурун эскерт» деп өз коомуна (пайгамбар кылып) жөнөттүк. Ал айтты: «Эй коомум, чынында мен силерге (жөнөтүлгөн) апачык бир эскертүүчүмүн. Аллахка кулчулук (ибадат) кылгыла, Андан корккула жана мени**

**ээрчигиле. (Аллах) Күнөөлөрүңөрдү кечириши жана силерди белгиленген бир ажалга чейин кечиктириши үчүн. Албетте, Аллахтын ажалы келгенде, ал кечиктирилбейт. Билсеңер кана.» Айтты: «Раббим, чынында коомумду түнү жана күндүзү чакырып-турдум. Бирок чакыруум (алардын) качышын гана көбөйттү. Чынында мен аларды кечиришиң үчүн ар бир чакырышымда алар манжаларын кулактарына тыгып алышты, кийимдерин баштарына жабышты жана текеберленгенден текеберленишти. Кийин аларды ачык ачык чакырдым. Анан (милдетимди) аларга апачык жарыяладым жана аларга жашыруун (акырын) жакындаганга аракет кылдым. «Мындан кийин» дедим. «Раббиңерден кечиришин сурагыла; себеби чынында Ал абдан кечиримдүү.» (Нух Сүрөсү, 1-10)**

**Айтышты: «Эй Нух, биз менен талаша бересиң, бул талашта (бир топ) алдыга да кеттиң. Эгер чын айтып жатсаң, бизге убада кылганыңды алып келчи (көрөлү).» Айтты: «Эгер кааласа, аны силерге Аллах алып келет жана силер (Аны) алсыз кыла албайсыңар.» «Эгер Аллах силерди адаштырууну каалаган болсо, мен силерге кеңеш бергим келсе да, кеңешимдин силерге пайдасы болбойт. Ал силердин Раббиңер жана Ага кайтарыласыңар.» Алар: «Муну өзү ойлоп тапты» деп жатышабы? Айткын: «Эгер аны мен ойлоп тапкан болсом, ал менин күнөөм. Бирок мен силер кылып жаткан күнөөлөрдөн алысмын.» Нухка вахий кылынды: «Чынында ыйман келтиргендерден башка эч ким ишенбейт. Демек алардын кылгандары үчүн кайгырба.» (Худ Сүрөсү, 32-36)**

Аяттарда Аллах билдиргендей, Аз. Нухтун коому аларга келген бардык эскертүүлөргө кулактарын тосушуп, каршы турушкан жана аягында Аллахтан келген абдан чоң бир азапка кабылышкан.

Исраил урпактары да аларга эскертилген нерселерди моюндарына алышып, өздөрүн оңдошпогондуктан, жүрөктөрү ар түрдүү сезгичтиктен ажырап, капкатуу болуп калган:

**Ант болсун, Аллах Исраил урпактарынан сөз (убада) алган эле. Алардан он эки ишенимдүү-көзөмөлчү жиберген элек. Жана Аллах аларга: «Чынында Мен силер менен биргемин. Эгер намазды кылып, зекетти берип, элчилериме ишенип, аларды жактап-колдосоңор жана Аллахка сонун бир карыз берсеңер, шексиз силердин жамандыктарыңарды жаап, силерди чындап астынан дарыялар аккан бейиштерге киргизем. Мындан кийин силерден ким каапырдык кылса, чынында түптүз жолдон адашыптыр.» Келишимин бузгандары үчүн аларга наалат кылдык жана жүрөктөрүн капкатуу кылдык. Алар сөздөрдү турган ордунан алмаштырышат. (Бат бат) Аларга эскертилген нерседен (пайдаланып) үлүш алууну унутушту. Араларынан биразынан тышкары, алардан дайыма кыянаттык көрөсүң. Ошентсе да аларды кечир, өзүңдү карма. Шексиз Аллах жакшылык кылуучуларды сүйөт. (Маиде Сүрөсү, 12-13)**

Куранда дагы көптөгөн аятта пайгамбарлар жана алардын жанындагы ыймандуулардын адамдарды Аллахтын жолуна багыттоо үчүн ар кандай ыкмаларды колдонушуп, динди баяндашканы билдирилген. Аллах туура жолду көрсөтүүчү болгон Китебинде адамдарга сабак болушу үчүн мурдакы элдердин башына келгендерди баяндаган жана адамдардын мындан сабак алышын буйрук кылган:

**Алардан мурда жашап өткөндөрдүн (баштарына келген) күндөрдүн окшошун күтүп жатышабы? Айткын: «Күтө тургула. Шексиз, мен да силер менен бирге күтүүдөмүн.» (Йунус Сүрөсү, 102)**

Бардык эскертүүлөрдүн бир гана Аллахтан коркчондорго таасир берээрин унутпаңыз. Дилинде Аллах коркуусу болбогондор бул эскертүүлөрдү ойлонушуп, өздөрүнө бир сабак чыгара алышпайт. Аллах каапырлардын мындай абалын бизге мындайча билдирген:

**Шек жок, чындыктан баш тартуучуларды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн баары бир; ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөп койгон; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап аларга болот. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

Ага Раббибиздин аяттары кеңеш берип эскертилгенде, терс бурулган жана кылгандарын унуткандарды Аллах аятта «заалым» деп сүрөттөөдө. Ушундай кылганы үчүн Аллах алардын жүрөктөрүн эскертүүлөрдү аңдап-түшүнүүдөн тосуп, немат-жакшылыктарынан куру кол калтырган. Себеби алар канчалык хидаятка (туура жолго) чакырылышса да, түбөлүккө чейин эч хидаят таппай тургандар:

**Ага Раббиңдин аяттары кеңеш менен эскертилгенде, жүз бурган жана колдорунун алдынан жөнөткөндөрүн (амалдарын) унуткандан да заалимирээк барбы? Биз чындыгында, жүрөктөрү үстүнө аны аңдап-түшүнүүлөрүнө тоскоол болгон бир парда (тарттык), кулактарына бир оордук койдук. Сен аларды туура жолго чакырсаң да, алар түбөлүккө чейин эч туура жолду (хидаят) таба алышпайт. (Кехф Сүрөсү, 57)**

Бирок Аллах ошентсе да Куранда аларга балким тартынышаар деп ар кандай эскертүүлөрдү жасаган. Себеби алар жолуга турган азап алар болжогондон бир топ жогору болот. Бирок эскертүүлөрдү укпай өжөрдүк кылгандардын абалынын төмөнкү аятта билдирилгендей болоорун унутпаңыз:

**Аларга эскертилгенди унутушканда болсо, Биз да жамандыктан кайтаргандарды куткардык. Зулумдук кылгандарды бузукулугу үчүн абдан оор бир азап менен кармадык. (Аьраф Сүрөсү, 165)**

Куранды бизге парз кылган Аллах пенделерине эч бир кыйынчылык каалаган эмес, тескерисинче Ага моюн сунгандардын бул дүйнөдөгү жашоосун да жеңилдетип коздогон, ошондой эле кыска мөөнөттөн соң бара турган чыныгы мекендеринин жаратылган эң сонун мекен болгон бейиш болоорун сүйүнчүлөгөн. Чексиз боорукер жана мээримдүү Аллах Ага дуба кылган пенделеринин унуткандарын жана жаңылгандарын кечирээрин да билдирген. Демек адамдын милдети – болгон күчү менен Аллахтан коркуп-тартынуу менен Ага жакшылап ибадат кылуу:

**Азап силерге келип калаардан мурда Раббиңерге кайткыла жана Ага моюн сунгула. Кийин силерге жардам берилбейт. Раббиңерден силерге түшүрүлгөндүн эң сонунун ээрчигиле; силер эч күтпөй турганыңарда азап кокустан силерге келип калышынан мурун. Адам (күйүп жанып) мындай дей турган (күнү): «Аллах алдында (ибадатта) кылган кемчиликтерден улам кайгы болсун (мага), чынында мен (Аллахтын динин) шылдыңдагандардан элем.» (Зүмер Сүрөсү, 54-56)**

Негизи адам эмне гана кылбасын; каалаcа ага эскертилгендерди эсинде тутуп ибадат кылсын, каалаcа бардык эскертүүлөрдү унутуп, бир тарапка таштасын, бул эч нерсени өзгөртпөйт. Бүт адамдар Раббибизге сурак бере турган күндө көздөй ылдам илгерилеп баратат. Эч унутпоочу жана жаңылбоочу Аллах бүт адамдарды алдына чогултуп, суракка алат:

**...Жакында кайыпты жана күбө болунганды билүүчүгө кайтарыласыңар жана Ал силерге кылгандарыңарды билдирет. (Тообо Сүрөсү, 105)**

Демек, сиз да алдыңыздан чыккан ар бир эскертүүнүн Аллахтан акыркы бир эскертүү, акыркы бир мүмкүнчүлүк болушу мүмкүн экенин унутпаңыз. Эгер түбөлүк бир азапка жолуккуңуз келбесе, жалгыз кутулуу жолунун эртерээк тообо кылып, Аллахка кулчулук кылуу экенин эч акылыңыздан чыгарбаңыз.

**Алар Аллахты унутуп, натыйжада Ал (Аллах) да аларга өз напсилерин унуттурган адамдар сыяктуу болбогула. Мына ошолор бузукунун (фасыктын) дал өзү. (Хашр Сүрөсү, 19)**

**«Силерге айткандарымды жакында эстейсиңер. Мен болсо ишимди Аллахка тапшырам. Шексиз, Аллах пенделерди абдан жакшы көрүп турат.» (Момун Сүрөсү, 44)**

Мына бул китепте эскертилгендер ушундай бир чындыктар; Аллахка ыйман келтирген бир адамдын буларды унутуп унутпоо жөнүндө тандоосу жок. Себеби бул бир тарапта бейиш, экинчи тарапта болсо тозок менен натыйжаланчу түбөлүк жашоо турган бир тандоо болот. Ошондуктан Аллахтан корккон жана акыретке чындап ыйман келтирген адам түбөлүк жашоосун коркунучка салчу бүт нерседен күчү жетишинче качып, акыретине пайда бере турган бардык кеңеш жана эскертүүлөргө да абдан ачык болот. Бул темада бой көтөрүү, текеберленүү каапырларга тиешелүү бир мамиле. Ыймандуу адам ага жеткен ар бир эскертүүнүн аны оттон коргоо үчүн жасалганын ойлоп, толук бир баш ийүү менен жооп берет.

Бул багытта адам өзүн Куранда айтылган Аьраф дөбөсүндө ойлоп, кыймыл-аракет жасашы ыкластуулугу жагынан жакшы бир көрсөткүч болот. Аллах аяттарында билдиргендей, Аьраф – бул бейиш менен тозок көрүнгөн, бирок адам өзүнүн каякка бараарынын өкүмүн билбестен күткөн бир жер. Бул жөнүндөгү аяттарда мындай буюрулууда:

**Эки тарап арасында бир тосмо жана Аьраф үстүндө баарын жүздөрүнөн тааныган адамдар бар. Бейишке кире тургандарга: «Салам силерге» дешет, алар али кирбеген бирок (кирүүнү)**

**абдан каалап үмүт кылгандар. Көздөрү тозок калкы тарапка бурулганда болсо: «Раббибиз бизди заалымдар коому менен бирге кылба» дешет. (Аьраф Сүрөсү, 46-47)**

Аьраф дөбөсүндөгү сыяктуу бейиш менен тозоктун арасында бир жерде калганыңызды элестетиңиз: жаныңызда турган жана ошол замат киришиңиз мүмкүн болгон бейиш жашооңузду коркунучка сала турган, ал тургай, сизди жаныңдагы тозокко түртө турган бир нерсени унутушуңуз мүмкүн болобу? Же сиз унутканыңызда бирөө тарабынан сизге эскертилсе, бул намысыңызга оор тийеби? Албетте, жок. Тескерисинче, сизге эскертүү жасаган адамга өзүңүздү карыздар сезесиз.

Ошондой эле ыкластуулук критерийи сурак күнүндө ар бир адамдын амалдары тартылган абдан так таразаларга да тиешелүү. Адам ошол учурда атомчолук кылган жакшылыкка муктаж жана атомчолук кылган жамандыгынан да алыс болууну каалайт. Себеби тараза абдан так жана балким бир тарап экинчи тараптан атомчолук оордук менен айырмаланышы да мүмкүн.

Мына бул дүйнөдө жасалган жакшылыкка буюруу, жамандыктан тосуу, Аллахка чакыруу жана сурак күнүнөн адамдарды эскертүү сыяктуу эскертүүлөр унутчаактыкка жакын жаратылган адамга жасала турган эң чоң жакшылык болот. Аьраф дөбөсү жөнүндөгү аяттардын уландысында тозок тарабына өтүшүнө өкүм кылынган адамдардын мындай абалга түшүшүнүн себеби мындайча баяндалат:

**Алар көңүл ачуу жана оюнду дин кылып алышкан болчу жана дүйнө жашоосу аларды азгырган эле. Алар бул күнкү жолугушууну унуткан жана Биздин аяттарыбызды «жокко чыгарып танган» сыяктуу, Биз да бүгүн аларды унутабыз. (Аьраф Сүрөсү, 51)**

Мындай бир чындык бар: адам жообун ошол замат алаарын билген нерселерде абдан кылдат болот. Мисалы, айтылган бир ишти унутпастан жасаса, ошол күндүн аягында ага көп акча берилээри айтылса, канчалык кылдат жана каалоо менен аракет кылаары белгилүү. Ошол сыяктуу ал ишти унутуп, жасабай койсо, күчтүү бир жаза алаарын билсе, абдан көңүл коюп, өтө кылдат болот. Демек адамдын бир нерсени унутуп-унутпашында эң таасирдүү жагдайлардын бири – бул адамдын оң же терс бир жооп алаарын анык билиши жана мунун жакын экенин сезип турушу.

Ыймандуулар бул дүйнө жашоосунда капылеттикке каршы көңүл коюулары, алардын күчтүү каалоосу бир гана акыретке, бейиштин жана тозоктун бар экенине анык илим менен ыйман келтиришинен келип чыгат. Ошол үчүн ыймандуулар бүт өмүрлөрүн ушул чындыкка ылайык жашашат жана Куранда айтылгандай «өткөн жашоодо (дүйнөдө) жасаган иштери үчүн» (Хакка Сүрөсү, 24) бейишке киришет.

Демек, сиз дагы Аьраф дөбөсүндөгү адамдардын коркуп, күтүп турганын эсиңизден чыгарбаңыз. Сүрөттөлгөн бул чөйрөнүн азыр сиз жашап жаткан чөйрөдөн аныгыраак бир чындык экенин жана сизге жасалган бардык эскертүүлөрдүн сизди кутулууга чакырганын, бейиш жашоосуна тартууга аракет кылганын эч унутпаңыз.

# БАРДЫК ЖАНДУУ- ЖАНСЫЗДЫ, ААЛАМДЫ АЛЛАХТЫН ЖАРАТКАНДЫГЫН ЭЧ УНУТПАҢЫЗ

Көп адамдар илимпоздордон уккан бүт нерсени абсолюттук чындык деп ойлошот. Илимпоздордун бир катар философиялык же идеологиялык алдын ала ой-пикирлерге көз-каранды болушу мүмкүн экени эсине келбейт.

Чынында болсо бул бир алдануу, себеби илимпоздордун бир бөлүгү кээ бир ой-пикирлерин же көз-каранды болгон философиялык көз-караштарды илимге жамынышып, коомдун аң-сезимине сиңиришет. Мисалы, кокустуктардын хаос жана башаламандыктан башка эч нерсе жасай албашын өз көздөрү менен көрүп турушуп, ааламдагы жана жандыктардагы долбоорлор жана тең салмактуулуктар кокустан пайда болду деген көз-карашты жакташат.

Мисалы, атеист бир биолог бир протеин молекуласынын түзүлүшүнүн абдан татаал экенин өз көзү менен көрөт. Мындай татаалдыктын ичинде кереметтүү бир тең салмактуулук бар экенин жана бул тең салмактуулуктун кокустуктар менен өзүнөн-өзү пайда болуу ыктымалы жок экенин абдан жакшы билет. Бирок, ошого карабастан, жандуулуктун курулуш материалы болгон протеинди миллиарддаган жыл мурда примитивдик дүйнө шарттарында кокустуктар натыйжасында пайда болду деген пикирди жакташат. Бул эч акылга сыйбас бир догма. Ал адам муну менен эле чектелбейт, бир гана эмес, миллиондогон протеиндер кокустан пайда болуп, кийин кереметтүү бир план жана система ичинде бир жерге чогулушуп, алгачкы жандуу клетканы пайда кылганын да эч тартынбастан догмасына кошот. Ал тургай, бул догмасын абдан өжөрдүк менен жактайт. Сөз болуп жаткан адам – бул «эволюционист» бир илимпоз.

Бирок ошол эле илимпоз бош бир талаада баратып, үстү-үстүнө тизилген үч кирпичти көрсө, булар кокустан пайда болуп, кийин кокустан үстү-үстүнө тизилди деген ой акылына да келбейт. Ал тургай мындай бир догманы айткан бир адамды акылынан адашыптыр деп ойлойт. Күнүмдүк окуяларды туура баалай алган бул адамдар кандайча болуп өздөрү жана айланасындагылардын кантип пайда болгонун изилдөө жөнүндө сөз болгондо, мынчалык акылга сыйбас мамилеге барышууда?

Мындай кыймыл-аракет илим үчүн жасалууда деп айтууга мүмкүн эмес. Себеби илим ыктымалдуулуктары барабар болгон бир окуяда да эки ыктымалдуулук жөнүндө тең ойлонууну, экөөсүнөн тең шектенүүнү талап кылат. Чынында болсо, жандуу бир клетка мындай турсун, анын миллиондогон протеининен жалгыз бир даанасынын да табигый шарттарда кокустуктар натыйжасында пайда болушу эч мүмкүн эмес.

Демек, бир гана ыктымалдуулук калууда. Жандуулук кокустан пайда болгон эмес, аң-сезимдүү негизде пайда кылынган. Т.а. «жаратылган». Б.а. бардык жандуулар улуу бир күч, илим жана акыл ээси бир Жаратуучунун, т.а. Аллахтын долбоорлошу менен пайда болушкан. Бул чындык бир гана ишеним эмес; акыл, логика жана илимдин жеткен орток бир жыйынтыгы.

Демек, бүт нерсенин жаратуучусунун Раббибиз болгон Аллах экенин жана жер бетиндеги бүт нерсени долбоорлогондун да бир гана Ал экендигин эч унутпаңыз.

# ДАРВИНИЗМДИН КЫЙРАШЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылыш чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фоссилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фоссил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** *(Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. ***(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)***

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда**

**болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет

же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фоссилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фоссилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фоссилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теорияим туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фоссил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фоссилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фоссили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фоссил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фоссил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фоссил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фоссилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фоссилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фоссилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фоссил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фоссилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды,

апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, тереңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз

айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Мээнин ичинде көргөн жана уккан аң-сезим кимге тиешелүү?

Мээнин ичинде, түркүн түстүү дүйнөнү караган, симфонияларды, чымчыктардын сайраганын уккан, гүлдү жыттаган ким?

Адамдын көздөрүнөн, кулактарынан, мурдунан келген импульстар электрдик сигнал катары мээге барат. Биология, физиология же биохимия китептеринде бул сүрөттөлүштүн мээде кантип пайда болоору

жөнүндө көптөгөн терең маалыматтар окуй аласыз. Бирок бул тема жөнүндөгү эң маанилүү чындыкты эч жерден көрбөйсүз: мээде бул электрдик сигналдарды сүрөттөлүш, үн, жыт жана сезүү катары кабылдаган ким?

Мээнин ичинде көзгө, кулакка, мурунга муктаж болбостон бардык бул нерселерди кабылдаган бир аң-сезим бар. Бул аң-сезим кимге тиешелүү?

Албетте, бул аң-сезим – мээни түзгөн нервдер, май катмары жана нерв клеткаларына тиешелүү эмес. Мына ушул себептен улам, бардык нерсе заттан гана турат деген дарвинист-материалисттер бул суроолордун эч бирине жооп бере алышпайт. Себеби, бул аң-сезим – Аллах жараткан рух. Рух сүрөттөлүштү көрүү үчүн көзгө, үндү угуу үчүн кулакка муктаж эмес. Ал тургай, ойлонуу үчүн мээге муктаж эмес.

Бул ачык жана илимий чындыкты окуган ар бир адам мээ ичиндеги бир канча см$^3$дук, капкараңгы жерге бардык ааламды үч өлчөмдүү, түркүн түстүү, көлөкөлүү жана жарык нурлуу кылып батырып койгон улуу Аллахты ойлонуп, Андан коркуп, Ага корголошу зарыл.

## Материалисттик ишеним

Буга чейин карагандарыбыз эволюция теориясынын илимий табылгаларга ачык карама-каршы келген бир көз-караш экендигин көрсөттү. Теориянын жашоонун келип чыгышы жөнүндөгү ойу илимге эч туура келбейт, теория жактаган эволюция механизмдеринин эч кандай эволюциялык күчү жок жана фоссилдер теория муктаж болгон ортоңку формалардын эч качан жашабаганын көрсөтүүдө. Бул учурда, албетте, эволюция теориясы илимге туура келбеген бир пикир катары тарыхка калтырылышы керек. Тарыхта да «дүйнө борбордуу аалам» модели сыяктуу көптөгөн пикирлер илимден чыгарылып салынган. Бирок эволюция теориясы илим катары сакталып калууга аракет кылынууда. Ал тургай кээ бир адамдар теорияга сын-пикирлерди «илимге кол салуу» катары көрсөтүүгө аракет кылышууда. Эмнеге мындай?..

Бул абалдын себеби – эволюция теориясынын кээ бир чөйрөлөр үчүн андан эч баш тартыла албай турган догма бир ишеним болушунда. Бул чөйрөлөр материалисттик философияга эч кандай далилсиз байланып алышкан жана дарвинизмди болсо жападан жалгыз материалисттик көз-караш катары жакташууда.

Кээде муну ачык-ачык мойнуна да алышат. Гарвард университетинен атактуу бир генетикчи жана ошол эле учурда алдыңкы бир эволюционист болгон Ричард Левонтин «алгач материалист, андан соң илимпоз» экенин мындайча мойнуна алат:

«Биздин материализмге бир ишенимибиз бар, априори (мурдатан (далилсиз) кабыл алынган, туура деп гипотеза кылынган) бир ишеним бул. Бизди дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө жасоого зордогон нерсе – илимдин ыкмалары жана эрежелери эмес. Тескерисинче, материализмге болгон «априори» байланганыбыз себептүү, дүйнөгө материалисттик түшүндүрмө алып келген изилдөө ыкмаларын жана түшүнүктөрүн чыгарабыз. Материализм абсолюттук туура болгондон кийин, Илахи бир түшүндүрүүнүн ортого чыгышына жол бере албайбыз. *(Richard Lewontin, "The Demon-Haunted World", The New York Review of Books, 9 Ocak 1997, s. 28)*

Бул сөздөр – дарвинизмдин материалисттик философияга байлануу (көз-каранды болуу) үчүн жашатылган бир догма экендигинин ачык баяны. Бул догма заттан башка эч кандай жандык жок деп

гипотеза жасайт. Ошондуктан, жансыз, аң-сезимсиз, акылсыз зат жашоону жаратты деп ишенет. Миллиондогон ар түрдүү жандыктарды, мисалы чымчыктар, балыктар, жирафтар, кабыландар, курт-кумурскалар, дарактар, гүлдөр жана адамдарды заттардын өз-ара реакциялары аркылуу, башкача айтканда, жааган жамгыр, чагылган аркылуу жансыз заттар ичинен жаралып калды деп кабыл алат. Чындыгында болсо бул акылга да, илимге да сыйбайт. Бирок дарвинисттер өз сөздөрү менен айтканда «Илахи бир (Кудай жаратты деген) түшүндүрмөнүн ортого чыкпашы» үчүн мындай нерсени жактоону улантышууда.

Жандуулардын келип чыгышына материалисттик көз-караш менен карабаган адамдар болсо төмөнкү ачык чындыкты көрүшөт: бардык жандыктар – жогорку бир күч-кудурет, илим жана акыл ээси болгон бир Жаратуучунун чыгармалары. Жаратуучу – бардык ааламды жоктон бар кылып жараткан, эң кемчиликсиз абалда жасаган жана бардык жандыктарды жаратып, келбет берген Аллах.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жибериштри, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштты, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын**

**бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. (*Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43*)

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

# Э Ч  У Н У Т А  К Ө Р Б Ө Ң Ү З !

## «АЛЛАХТЫН» ЖАЛГЫЗ КУДАЙ ЭКЕНИН...

**Ал Аллах, Андан башка кудай (илах) жок. Башта да, аягында да мактоолор Ага тиешелүү. Өкүм Ага тиешелүү жана Ага кайтарыласыңар. (Касас Сүрөсү, 70)**

• Өмүрүңүздүн жалгыз максатынын Аллахка ибадат кылуу экенин,

• Аллахтын чыгыштан батышка чейин бүт тарапты ороп-курчаганын,

• Бүт табият кубулуштарынын Анын башкаруусунда ишке ашаарын, асмандан жерге чейин бүт иштердин баарынын Аллахтын башкаруусунда экендигин,

• Апабыз, атабыз, мектеп, университеттеги курбуларыбыздын жана кесиптештерибиздин, кыскача айтканда, бүт адамдардын Аллахтын башкаруусунда экенин,

• Чыныгы дос жана жардамчынын бир гана Аллах экенин,

• Эч качан жана эч бир жол менен Аны жеңүүгө мүмкүн эмес экенин, Анын дайыма жеңээрин,

• Башыбызга келген ар кандай кыйынчылыктан бир гана Анын куткараарын,

• Ар кандай окуянын ички, жашыруун тараптарын толугу менен билээрин,

• Бүт адамдардын өмүр бою кылгандарын, бүт майда-бараттарына чейин, билээрин,

• Каалаганын каалагандай кылууга кудуреттүү экенин,

• Бүт нерсенин бардык кылдат тараптарын билээрин, сезилбеген жолдор аркылуу ыкластуу пенделерине пайдалар жеткирээрин,

• Ага баш калкалаганды коргоп, бейпилдик берүүчү экенин,

• Кыйынчылыктарды жеңилдетип, оңойлотуучу экенин,

• Башыбызга келген ар кандай окуянын Анын илими менен ишке ашаарын,

• Биз ээ болгон бардык немат-жакшылыктарды Анын бергенин,

• Бардык мүлктүн (яхталардын, үйлөрдүн, унаалардын, эмеректердин, кийимдердин, баалуу кооздуктардын...) жана акчанын чыныгы ээсинин Ал экенин,

• Бүт жандыктардын ырыскысын Өзү каалаган өлчөмдө бир гана Аллахтын берээрин,

• Каалаганына нематтарын көбөйтөөрүн,

• Жасаган ар кандай жумушубузду бир гана Анын ыраазычылыгына жетүү үчүн кылышыбыз керек экенин,

• Анын ыраазычылыгын көздөп жасалган иштерге эсе эсе сыйлык берээрин,

• Биз билген нерселерибиздин баарын Анын үйрөткөнүн,

• Бизди хидаятка (туура жолго) Анын жеткирээрин, баарыбыздын ыймандуу болушубузду Анын каалаганын,

• Биз, адамдар ээ болгон ар кандай кемчиликтен Анын алыс экенин, эч нерсеге муктаж эмес экенин,

• Жер бетиндеги бүт жандыктардын дайыма Аллахка муктаж экенин,

• Чексиз абийир ээси экенин,

• Ичибизде жашырган же ачыкка чыгарган бүт нерсебизди бүт майда-баратына чейин билээрин,

• Динине жардам бергенге сөзсүз жардам берээрин,

• Кылган ишибиз жана турган чөйрөбүз кандай гана болбосун, кайсы жерде гана болбойлу, Аллахтын бизге күбө экенин,

• Чексиз адилеттүү экенин, атомчолук болгон нерсенин да сыйлык же жазасын толук берээрин,

• Аллахтын адамдарга зулумдук кылбашын,

• Жараткан бүт нерсесин эч өрнөк албастан, «БОЛ» деген Сөзү менен жоктон жаратканын,

• Биз биле албаган бардык маалыматтардын ээси экенин,

• Аллах бизге каалагандан башка биздин башыбызга эч нерсе келбешин,

• Буларды (Аллах биз үчүн каалагандарын) эч ким өзгөртө албашын, кырсык же жакшылык бергенде буга эч кимдин тоскоол боло албашын,

• Биздин напсибизде жана чөйрөбүздө бизге көрсөтүп жаткан аяттарын (далилдерин) көрүүнү жана алар жөнүндө ойлонууну,

• Асмандардагы жана жердеги бүт нерсенин эч текеберленбестен, Аллахка тасбих, мактоо айтаарын,

• Бир гана Аллахтын мактоого татыктуу экенин,

• Эч качан эч нерсени унутпашын,

• Дайыма тирүү экенин, Аллахтын эч уйкусуроо жана уйкусунун келбей турганын,

• Жардамдары менен ыймандуулар коомунун жүрөктөрүн шыпаага жеткирээрин,

• Ыймандууларды дайыма колдоорун,

• Абдан кечиримдүү жана тооболорду кабыл кылуучу экенин,

• Аллахтын күнөө-кылмыштардын жазасын ошол замат бербешин, тообо кылуу жана кечиришин сурануулары үчүн адамдарга мөөнөт берээрин,

• Пенделерине абдан мээримдүү экенин,

• Ыймандуу пенделерине бейишти каалаарын,

• Ыймандуулардын кылгандарынын сыйлыгын бул дүйнөдө да, акыретте да толугу менен, Өз берешендигинен да кошуп-көбөйтүп берээрин,

• Сабыр кылгандарга сыйлыктын эң сонунунан берээрин,

• Бизге жан тартуулап, ден-соолук бергенин,

• Ооруганыбызда бизге шыпаа берээрин,

• Бизди чыныгы ыйманга жеткирүү үчүн дайыма эскертип коркутаарын жана ар кандай себептер менен Өзүн эстетээрин,

• Ыйманды бизге сүйдүргөндүн жана каапырчылыкты болсо жаман көрсөткөндүн Раббибиз экенин,

• Дининен ким кайтса, анын ордуна бир топ жакшысын алып келээрин,

• Ыймандуулардын кылган жамандыктарын жаап-жашыраарын,

• Андан коркуп-тартынганга тууранын туура эместен айырмалоочу аң-сезим, акыл берээрин,

• Бизге бүт адамдардан жана бүт нерседен жакыныраак экенин,

• Түбөлүккө чейин Раббибиз менен дос боло алуу үчүн дуба кылууну ЭЧ УНУТПАҢЫЗ.

## ШАЙТАНДЫН БАР ЭКЕНИН...

**Чынында, шайтан силердин душманыңар, демек силер да аны душман туткула. Ал өз тобун бир гана алоолоп күйгөн оттун калкынан болууга чакырат. (Фатыр Сүрөсү, 6)**

• Шайтандын биздин эң чоң душманыбыз экенин,

• Дайыма сабырдуулук менен адамдарды жаңылтуу үчүн күтүп тураарын,

• Немат-жакшылыктарды байкашыңызга жана шүгүр кылышыңызга тоскоол болууга аракет кылаарын,

• Өзгөчө кокус болгон окуяларда мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, ар бир нерседе бир жакшылык бар экенин сизге унуттуруп, тобокелсиз болушуңузду каалаарын,

• Сизге бир камырабастык, ачууланууу, кош көңүлдүк, өзүмчүлдүк, кызганычтык, унутчаактык берүүгө аракет кылаарын,

• Бүт ибадаттарыңызга, сонун ахлактуу болушуңузга тоскоол болгусу келгенин,

• Чыныгы ыймандууларга эч таасир бере албашын,

• Шайтандан келгенин байкаганыңызда, кичинекей бир азгырыкта да ылдам Аллахка баш калкалоону,

• Эң көп колдонгон тузактарынын биринин УНУТТУРУУ экенин,

• Сизди Аллахты эстөөдөн жана намаз окуудан да тоскусу келээрин,

• Акыйкатка тирешүүнүн жана бой көтөрүүнүн Аллах Кабатынан куулган шайтандын сыпаты экенин,

• Сизди болор-болбос куру кыялдарга салууга аракеттенээрин,

• Сиздин Аллахка дуба кылышыңызды, Аны ыраазы кылышыңызды, бейишке киришиңизди эч-эч каалабашын,

• Эң чоң максатынын сиздин да ал сыяктуу түбөлүк азапка кириптер болушуңуз экенин,

• Эч кандай мажбурлоочу күчү жок экенин, адамдарды болгону чакыраарын ЭЧ УНУТА КӨРБӨҢҮЗ.

## АЛЛАХТЫ КӨП ЭСТӨӨНҮ...

**Эй ыйман келтиргендер, Аллахты көп эстегиле (Ахзаб Сүрөсү, 41)**

• Раббибизди дайыма эстөөнү (зикир кылууну),

• Дайыма турганда да, жатканда да, отурганда да ойлонуп, Аллахтын атын эстөөнү,

• Кыйынчылык, иштерибиздеги оорчулуктардын кетип, жүрөгүбүзгө бейпилдик келишинин бир гана Аллахты эстөө менен мүмкүн экенин,

• Эч нерсенин (соода-сатыктын ж.б.) Аллахты эстөөбүзгө тоскоол боло албашын,

• Аллахты эстөөнүн бардык иштерден бир топ маанилүү экенин,

• Шайтандын Аллахты эстөөнү унуттурууга аракет кылаарын жана буга жетүү үчүн ар бир мүмкүнчүлүктү пайдаланаарын,

• Көпчүлүктүн алдында бизге Аллахты эстөөнүн жеңилдик берээрин ЭЧ УНУТПАҢЫЗ.

## ӨЛҮМДҮН АР КАЧАН КЕЛИП КАЛЫШЫ МҮМКҮН ЭКЕНИН...

**Ар бир жан өлүмдү татуучу. Биз силерди жамандык менен да, жакшылык менен да текшерип, сынап жатабыз жана силер Бизге кайтарыласыңар. (Анбия Сүрөсү, 35)**

• Сиз да кошо үй-бүлөңүздөгүлөрдүн баарынын, досторуңуздун, бүт тааныштарыңыздын сөзсүз өлөөрүн,

• Өлүм убактысын Раббибиздин белгилеп койгонун,

• Баарыбыз үчүн убактысы белгиленген бир ажал бар экенин жана ошол учур келгенде ага эч тоскоол боло албашыбызды,

• Өлгөндө Раббибизге кайтаарыбызды,

• Өлгөн соң денебиздин эч кимге керек эмес экенин,

• Мазарга, топурактын астына көмүлгөн дененин кыска убакытта чирип жок болоорун,

• Өлүм учурундагы бушаймандык менен кылынган тообонун кабыл алынбашын, ошондуктан кеч боло электе тообо кылууну,

• Бул дүйнөдөгү бардык алсыздык, кемчиликтердин бизге өлүмдү эстетүү үчүн берилгенин,

• Өлүмдү ойлонуу, эстөө адамды бардык амбиция, ач көздүктөрдөн тазалап куткараарын,

• Аллахтан «Мусулман болуп өлүүнү» сурануну УНУТПАҢЫЗ.

## БИЗ ЖАШАГАН ДҮЙНӨНҮН БИР КҮНҮ ЖОК БОЛООРУН...

**Чынында дүйнө жашоосу болгону бир оюн жана жагымдуу бир алаксуу гана... (Мухаммед Сүрөсү, 36)**

• Узундай сезилсе да, дүйнө жашоосунун чынында бир таанышуу убактысынчалык кыска экенин,

• Бул дүйнөдөгү «жагымдуу коോздуктардын» баарынын бир сыноо экенин,

• Бүт адамдарга сабак алчу адам сабак алып, өзүн оңдой турганчалык бир мөөнөт берилгенин,

• Кимдин жакшыраак иш-аракет кылаарын сыноо үчүн жашоо жана өлүмдүн жаратылганын,

• Бул дүйнө жашоосунун убактылуу жана акыретке салыштырмалуу пайдасынын абдан аз экенин,

• Бул дүйнөдөгү нематтардын бейиштеги чыныгы нематтардын абдан кемчиликтүү бир көчүрмөсү экенин, акыретти эске салуу максатында атайын жаратылганын,

• Аллахтын каалоосу менен кыямат күнү бүт дүйнөнүн толугу менен жок болоорун,

• Бул дүйнө жашоосунун өзүнө тартуучу бир алаксуу экенин, чыныгы мекендин болсо акырет экенин,

• Дүйнө нематтарына мактануу куралы катары карабаш керек экенин,

• Чыныгы ыймандуулардын акыретти бул дүйнөгө эч качан алмаштырбашын УНУТПАҢЫЗ.

## КЫЯМАТ КҮНҮНҮН АБДАН ЫКЧАМ ЖАКЫНДАП КЕЛАТКАНЫН..

**Адамдар сенден кыямат саатын сурашат; айткын: «Ал жөнүндө маалымат бир гана Аллах Кабатында.» Кайдан билесиң, балким кыямат сааты абдан жакындыр. (Ахзаб Сүрөсү, 63)**

• Кыямат саатына көз ирмем сайын дагы бираз жакындаганыбызды,

• Ал күнү эч көз көрүп, кулак укпаган окуялардын болоорун,

• Эч ким күтпөгөн кезде кокустан келип калаарын,

• Эч кача турган жер калбашын,

• Ал күнү бүт адамдардын Аллахка сурак берээрин, берилген бүт немат-жакшылыктардан суракка алынаарын,

• Бүгүнкү күнгө чейин жаратылган бардык адамдар турган жеринен түздөлүп, Раббибизди көздөй сүрүлүп барышаарын,

• Ал күнү жер жүзүнүн жана тоолордун ордунан ойнотулуп көтөрүлөөрүн жана жалгыз бир сокку менен талкаланып кетээрин,

• Асмандын жарылып-жарака кетээрин, ылдый куюлуп кыйраарын,

• Жылдыздардын жабылып, өчүрүлөөрүн,

• Тоолордун тамырынан суурулаарын,

• Тоолордун ордунан жылып, бир закымга айланаарын,

• Майдаланып талкаланаарын, чаң болуп сапырылаарын,

• Асмандын ээриген металлдай болоорун,

• Тоолордун айланага сапырылган түркүн түстүү жүндөй болоорун,

• Ордуларынын бопбош жана жыпжылаңач калаарын,

• Бала эмизген аялдар балдарын таштап сала турганчалык коркууга кабыла турган бир күн болоорун,

• Жападан жалгыз абалда Раббибиздин алдына бараарыбызды,

• Ал күнү Аллах каалагандардан башка, асмандарда жана жердегилердин баарынын коркууга түшөөрүн,

• Кылмышкер-күнөөкөрлөр жүздөрүнөн таанылып, маңдай жана тамандарынан кармалаарын,

• Аллах уруксат бергенден башка эч кимдин сүйлөй албашын,

• Ыймансыздардын ал күнү бактысыз жана маанайсыз болоорун,

• Ал күнү Аллахка карата калп айткандардын жүздөрүнүн капкара болоорун,

• Рахмандын алдында бардык үндөрдүн кысылаарын, коңур бир үндөн башка эч нерсе угулбашын,

• Эч бир адамдын жакын досун сурай албашын, ал тургай апасын, атасын, бир тууганын да,

• Ал күнү күнөөкөрлөрдүн бири-бирин айыпташаарын,

• Бүт адамдардын кылган жакшылыктарын жанында көрөөрүн, жамандыктары менен арасында алыс бир аралык болушун каалап калаарын,

• Каапырлардын өңүнөн таанылаарын,

• Маңдай жана тамандарынан кармалаарын,

• Ыймандуулардын жүзүнүн нурдуу болоорун, күлүп-жайнап, кубаныч ичинде болушаарын,

• Сурак күнүндөгү акыркы бушаймандыктын пайда бербешин,

• Эч нерсенин эч качан артка кайтпашын,

• Бир гана ыкластуу ыймандуулардын эч коркуп, кайгыга түшпөшүн ЭЧ УНУТПАҢЫЗ.

# БЕЙИШКЕ БИР ГАНА ЫКЛАСТУУ ЫЙМАНДУУЛАРДЫН КИРЭЭРИН...

**Ыйман келтирип, ыкластуу амалдарды кылгандар болсо (алар) бейиш калкы, ал жерде түбөлүк болушат. (Бакара Сүрөсү, 82)**

• Аллахтын ыймандуулар үчүн атайын бейишти жаратканын,

• Жандарын жана мал-мүлктөрүн Аллах жолунда саткандарга сыйлык катары бейиштин берилээрин,

• Бейиш үчүн сүйүнүп-сүйүнчүлөөнү,

• Ыймандуулардын бейиште түбөлүк жашашаарын,

• Бейиште периштелердин ыймандууларды эң сонун тосуп алышаарын,

• Эсен-аман жана бейпилдик ичинде бейишке кирилээрин,

• Таптаза түгөйлөрдүн болоорун,

• Бүт тараптын чоң бир немат-жакшылык жана мал-мүлккө толо болоорун,

• Ыймандуулардын бейиште абдан назик жасалган атластан төшөктөр үстүндө маектешээрин,

• Ал жерде үзүлүшү оңой мөмөлөрдүн бар экенин,

• Ысык да эмес, суук да эмес, көлөкөлүү көңүлдөгүдөй бир мекен экенин,

• Абдан назик жасалган жакут тактарда маңдай-тескей отурушаарын,

• Алтын чөйчөк, идиштерде тамак, суусундук сунулаарын,

• Ал жерде көңүлдөр күсөгөн жана көздөр ырахат алган бүт нерсенин бар экенин,

• Эч кимдин эч зулумдукка кабылбашын,

• Раббибиздин сыйлык катары жаркыраган бир нур жана бир кубаныч берээрин,

• Күнөөгө кирем деген коркунучтун да болбошун,

• Көкүрөктөрдөгү өч, кектин толугу менен алынып салынаарын,

• Ыймандуулардын бейиште Раббибизге мактоолор айтаарын,

• Бейишке кирүүнүн Аллахтын берешендигинин натыйжасы экенин,

• Бейиште эч чарчоо болбошун,

• Ыймандууларга бейиште эч кандай коркуу жана кайгыруунун жок экенин,
• Аллахтын кайгыны жок кылаарын,
• Бейиште жапжаңы бир келбетте, түзүлүштө кайрадан жаратылаарыбызды,
• Аллахтын ыраазычылыгынын бүт немат-жакшылыктардан өйдө экенин ЭЧ УНУТПАҢЫЗ.

## ТОЗОКТУК БАР ЭКЕНИН...

**...Ант болсун, тозокту жиндерден жана адамдардан турган каапырлардын баары менен толтурам. (Сажда Сүрөсү, 13)**

• Аллахтын Ага шерик кошкондорго бейишти арам кылганын, алардын тозокто жашашаарын,
• Тозок отунун түбөлүктүү экендигин,
• Тозоктогулар үчүн оттон көйнөктөр тигилгенин, кийимдеринин кара майдан экенин,
• Беттерине от жабылаарын,
• Баштарынан ылдый кайнак суу куюлаарын,
• Маңдай, курсак жана аркаларынын күйгүзүлөөрүн,
• Аллахтын аяттарына карата бой көтөргөндөрдүн эч качан (трост ийне тешигинен өткөнгө чейин) бейишке кире албашын,
• Аллахка ибадат кылуудан бой көтөргөндөрдүн тозокко моюндары бүгүлгөн абалда киришээрин,
• Тозокко жектелген жана куулган абалда киришээрин,
• Тозок отуна басмырланып айдалышаарын,
• Тозокко кире тургандардын жаратылгандардын эң жамандары экендигин,
• Ал жердеги азаптын тынымсыз уланаарын,
• Тозоктогулардын моюндарындагы темир кишен жана чынжырлар менен бирге айдалаарын,
• Кайнак суудан жана ириңден башка эч бир суусундук жок экенин,
• Тамактарынын болсо ириң жана кан аралашкан, тамакка тыгылып калуучу бир тамак экенин,
• Мындан тышкары, тикенден бир тамак да бар экенин, мунун болсо тойгузуп семиртпей турган жана ачкалыктан коргобой турган бир тамак экенин,
• Күнөөкөрлөрдүн тамагы болгон заккум дарагынын болоттой курсактарда кайнап тураарын,
• Тозоктогулардын узундугу жетимиш арш болгон бир чынжырга байланаарын,
• Темир камчылар бар экенин,
• Каапырлар үчүн даярдалган тозок отунун отунунун адамдар жана таштар экенин,
• Тозок отунун добушунун алыстан угула турганчалык күчтүү экенин,
• Тозок отунун коркунучтуу бир добуш менен кайнап алоолоноорун,
• Ал жерде сөөктөрдү чатыраткан онтоолор болоорун,
• Чектен чыгып адашкандардын акыркы бараар жеринин тозок экенин,
• Каапырлардын колдору моюндарына байлануу абалда тозоктун тар бир жерине ташталаарын,
• Ал жердегилердин азапка чыдабай жок болууну, өлүм менен бүт баарынын бүтүшүн каалашаарын,

• Бирок адамдын ал жерде өлө да, тириле да албашын,

• Бүт тараптан өлүм келээрин, бирок өлө албашын,

• Ал жерде жардам суралганда катуу бир суу сыяктуу жүздөрдү кууруп күйгүзүүчү бир суу менен жардам берилээрин,

• Тозоктун капкара түтүндүү жана көлөкөлүү бир жер экенин,

• Салкын да эмес, эс алдыруучу да эмес, жүрөктү сыгуучу бир жер экенин,

• Бейиштегилер менен араларында эшиги бар бир коргон тартылаарын,

• Дайыма бул коргондун ичинде болушаарын,

• Азаптын жеңилдетилбешин жана аларды эч ким карабашын,

• Азаптан чыгууну каалашаарын, бирок ал жерден эч чыга албашын,

• Алардын үстүндө эшиктери кулптанган бир оттун бар экенин,

• Күйгүзүүчү азап менен терилери күйүп түшкөн сайын азап тартышы үчүн ордуна башка терилер менен жаңыланаарын,

• Көздөрдүн коркуудан алаңдап, беттеринин болсо сумсайып калаарын,

• Бүт адамдар ал күнү күнөөлөрүн моюндарына алышаарын,

• Тозок калкынын «эгер угуп, акыл жүгүрткөнүбүздө ушул алоолоп күйгөн оттун калкы арасында болбойт элек» дешээрин,

• Оттун үстүндө токтогондо, «Аттиң дүйнөгө кайра кайтарылып, ыймандуулардан болгонубузда кана» дешээрин,

• Беттерин от каптаган күнү «Аттиң Аллахка жана Пайгамбарга моюн сунганыбызда кана» дешээрин,

• Ал күнү эч бир жакын дос жана шапаатчынын жок экенин моюндарына алышаарын,

• «Бизди бул жерден чыгар, ыкластуу амалдарды кылалы» деп кыйкырышаарын,

• Бейиш калкынан суу жана ырыскы сурашаарын, бирок булардын баарынын аларга арам кылынганын,

• Ал күнү бири-бири менен урушаарын, бири-бирине каргыш айтаарын, бири-биринин азапталышы үчүн дуба кылышаарын,

• Ал күнү бүт күч-кудуреттин бир гана Аллахка тиешелүү экенин,

• Абдан күчтүү бир бушаймандык жана чарасыздык ичинде ичтеринин күйөөрүн,

• Аллахтын алар менен сүйлөшпөшүн ЭЧ, ЭЧ, ЭЧ УНУТА КӨРБӨҢҮЗ.

## ДАЙЫМА КУРАН АХЛАГЫНА ЖАРАША АРАКЕТ КЫЛУУНУ...

**Алиф. Лам. Ра. Бул бир Китеп, Раббиңдин уруксаты менен адамдарды караңгылыктардан нурга, Ошол күчтүү жана мактоого татыктуунун жолуна чыгарышың үчүн сага түшүрдүк. (Ибрахим Сүрөсү, 1)**

• Дайыма абийирибиздин үнүн угуп кыймыл-аракет кылууну,

• Өзүңүз, апаңыз, атаңыз, жакындарыңыздын зыянына болсо да дайыма адилеттүү болууну,
• Чыдамкай жана кечиримдүү болууну,
• Ыймандууларга карата боорукер жана мээримдүү болууну,
• Бой көтөрүүдөн качынууну,
• Аманатты бекем сактоону,
• Саламга эң сонун жооп берүүнү,
• Ачууңузду жеңүүнү,
• Билбеген темаларыңызда талашпоону,
• Адамдарга көрүнүп, мактануудан качынууну,
• Артыкча болуудагы жалгыз критерийдин такыбалык экенин,
• Напсинин дайыма жамандыкка буюраарын,
• Дайыма бир жакшылык үчүн аракет кылууну,
• Аллахтан мүмкүн болушунча көп коркууну,
• Аллахтын ыраазычылыгын бүт нерседен жогору коюуну,
• Бир гана Аллахтан коркуп-тартынышыңыз керек экенин,
• Жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтарууну,
• Бир адамдын башка бирөөнүн күнөөсүн ала албашын,
• Аллахтын бой көтөргөндөрдү сүйбөшүн,
• Намаздарга абдан көңүл коюуну,
• Шылдың кылбоону,
• Бирөөнү жамандабашты жана андан башкаларды да тосууну,
• Аллахка чын көңүлдөн жакын болууну,
• Аллах үчүн сабыр кылууну,
• Оң жана сол тарабыбыздагы катчылардын (периштелердин) бүт нерсени жазып жатканын,
• Күмөндөн тартынууну, күмөн жана божомолго карап аракет кылбоону,
• Дайыма Куранга ылайык ойлонууну,
• Ыймандуулар үчүн кайгыра турган, үмүтсүздүккө, азапка түшө турган эч нерсе жок экенин,
• Немат-жакшылыктарга көппөөнү,
• Ар бир акылман-билермандан жакшыраак акылмандын бар экенин жана билгендерден суроону,
• Бөлүнүп жарылбоону, ыймандуулар арасындагы биримдиктин абдан маанилүү экенин,
• Динде мажбурлоо жок экенин, ыймандуулардын милдетинин бир гана кеңеш берип, эскертүү экенин,
• Чөйрө жана шарттар кандай гана болбосун, адеп-ахлак, дин жана ибадаттарыңыздан артка кайтпоону,
• Ар бир ишиңизде Аллахка багытталып, кайрылууну,
• Кожоюнуңуздун Аллах экенин, булардын баарын Аны ыраазы кылуу үчүн кылып жатканыңызды, сыйлыгыңыздын бир гана Аллахка тиешелүү экенин

СИЗ ЭЧ УНУТПАҢЫЗ.

**Айтышты: «Сен Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай маалыматыбыз (илимибиз) жок. Чындыгында Сен – бүт нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат ээсисиң.» (Бакара Сүрөсү, 32)**